**Изилдөөнүн методдору.** Магистрдик илимий эмгекте универсалдуу изилдөө методдору болгон анализ жана синтез методу, тарыхый-салыштыруу, оозеки тарых методдору колдонулду. Оозеки тарых методун колдонууда интервью ыкмасы аркылуу Фергана өрөөнүндөгү Анжиян жана Наманган областтарындагы этникалык кыргыздардан оозеки маалыматтар жыйналды.

**Теманын изилденүү деңгээли.** Фергана өрөөнүнүн Өзбекстан мамлекетине караган Анжиян жана Наманган областтарындагы этникалык кыргыздар боюнча этнографиялык изилдөөлөр совет мезгили доорунда алып барылган. Атайын этнографиялык экспедициялар уюштурулуп, Фергана өрөөнү тууралуу изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Винниковдун «Современные расселение народов и этногрфических групп в Ферганской долине[1]» жана «Родо-племенной состав и расселение киргизов на территории Южной Киргизии / Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции[2]» эмгектеринде Фергана өрөөнүнүн Анжиян жана Наманган областтарындагы этникалык кыргыздардын жайгашуусу, кыргыз айылдары, уруулук түзүлүшү боюнча маалыматтарды берген. Фергана өрөөнүндө жашаган этникалык кыргыздарды изилдөөдө окумуштуу О.К. Каратаевдин илимий изилдөөлөрү колдонулду. Каратаевдин «Кыргыздардын теги, таралуу ареалы этностук-маданий алакалары» аттуу илимий эмгегинде Анжиян жана Наманган областарында жашаган этникалык кыргыздардын уруулук курамы, жайгашуусу боюнча маалыматтар берилет[3].

2010- жылы Халматов Кудратбек тарых илимдеринин кандидаттык окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Өзбекстанда жашаган кыргыздар: этномаданий процесстер (XX к – XXI к. башы)» аттуу темада диссертация жазган. Диссертацияда Анжиян жана Наманган областарындагы этникалык кыргыздардын тарыхы, уруулук түзүлүшү, маданияты, этномаданий процесстер тууралуу илимий изилдөөлөрүн жүргүзгөн. Өзбек тилинде да Фергана өрөөнү тууралуу илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Кузикулов Икромжон «Росия империяси мустамлакачилик сиёсатининг Туркистондаги этномаданий жараёнларга таьсири (Фаргона водийси материаллари асосида)» аталышындагы диссертациясында Фергана өрөөнүндөгү этникалык кыргыздар тууралуу илимий маалыматтарды жазган[4]. Юсупова Севара «Ўзбекистонда демографик жараёнлар ва уларнинг миллатлараро мунособатларга таъсири (1991-2016 йиллар, Андижон, Наманган,

[1] Винников Я.Р, Современные расселение народов и этногрфических групп в Ферганской долине. Москва: Издательство академия НАУК СССР, 1959.
[2] Винников Я.Р, Родо-племенной состав и расселение киргизов на территории Южной Киргизии / Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции. Москва, 1956.
[3] Каратаев О.К. Кыргыздардын теги, таралуу ареалы этностук-маданий алакалары. Бишкек: Кыргыз-Түрк Манас университетинин басылмасы, 2013.
[4] Кузикулов И. У. «Роосия империяси мустамлакачилик сиёсатининг Туркистондаги этномаданий жараёнларга таьсири (Фаргона водийси материаллари асосида)». Тарих фанлари бўйича PhD диссертация, Термиз давлат университети, 2022.

Фаргона вилоятлари мисолида)» аттуу диссертациясында Өзбекстандын Анжиян, Наманган, Фергана областтарындагы этникалык кыргыздардын коомдук-маданий турмушу, демографиялык абалы тууралуу илимий, статистикалык изилдөөлөрдү жүргүзгөн[5].

Теманы изилдөөдө мезгилдүү басма сөз каражаттары жана массалык маалымат каражаттарындагы булактар да теманын изилденүү деңгээлине колдонулду. Мезгилдүү басма сөз каражаттарынан «Эркин-Тоо», «Кыргыз Туусу, «Кут билим» гезиттеринде жарыяланган Анжиян жана Наманган областтарындагы этникалык кыргыздар боюнча жазылган материалдар колдонулду. Ошондой эле изилденип жаткан тема XXI кылым болгондуктан «Азаттык Үналгысы», «Sputnik.kg», «KABAR», «Lex.uz», «Kaktus.media», «24.kg», «Газета.uz» массалык маалымат каражаттары жана интернет булактары колдонулду.

**Изилдөөнүн булактык базасы.** Изилдөөнүн булактык базасы катары Фергана өрөөнүнүн Анжиян жана Наманган областтарында жашаган этникалык кыргыздар менен 2024- жылдын июль, август айларында магистрант тарабынан жолугушуу уюштурулуп, этникалык кыргыздар жашаган айылдарды кыдырып, магистрант тарабанынан тийиштүү булактар чогултулду. Негизги булактык база катары 2024-жылдын июль, август айларында магистрант тарабынан чогултулган автордун талаа дептери (АТД) негизги булак болуп саналат. Анжиян областында этникалык кыргыздар көп жашаган 27 айылдан оозеки булактар чогултулду. Ал эми Наманган областында этникалык кыргыздар көп жашаган 8 айылдан оозеки булактар жыйналды. Изилдөөнүн жыйынтыгында 35 айылдан маалыматтар чогултулуп, изилдөөгө 64 респондент катышты. Катышкан респонденттер тууралуу маалыматтар тиркемеде берилген.

**Изилдөөнүн түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш баш сөз, киришүүдөн, эки бөлүмдөн, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Изилдөө ишинин биринчи бөлүмүндө Фергана өрөөнүндөгү этникалык кыргыздардын социалдык-экономикалык абалы тууралуу адабияттар жана оозеки

[5] Юсупова С. Н. «Ўзбекистонда демографик жараёнлар ва уларнинг миллатлараро мунособатларга таъсири (1991-2016 йиллар, Андижон, Наманган, Фаргона вилоятлари мисолида)». Тарих фанлари бўйича PhD диссертация, Андижон давлат университети, 2019.

маалыматтар салыштырылып комплекстүү түрдө изилденди. Экинчи бөлүмдө Фергана өрөөнүндөгү этникалык кыргыздардын маданий турмушу каралды.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациянын илимий жыйынтыктары Кыргызстандын орто жана жогорку окуу жайларында этникалык кыргыздардын тарыхын окутууда илимий материал катары колдонулушу мүмкүн.

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

## ФЕРГАНАЛЫК КЫРГЫЗДАРДЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ТУРМУШУ

### 1.1. Ферганалык кыргыздардын административдик, аймактык жайгашуусу

Азыркы учурда Фергана өрөөнүнүн аймагында Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстан мамлекеттери түзүлгөн. Фергана өрөөнү байыртадан бери “Алтын өрөөн” деген ат менен белгилүү. Фергана өрөөнү Борбордук Азиянын бермети. Бул чөлкөмдө отурукташкан, жарым көчмөн, көчмөн маданиятынын жогорку деңгээлде өнүккөндүгү менен белгилүү. Бул аймакта жашаган элдер тоо кыркаларын, сууга бай тоо этектерин, түшүмдүү жерлерди өздөштүрүп, жайыттарды мал чарбачылыгы үчүн пайдаланышкан. Өрөөндүн тарыхы кылымдарга барып такалат, ал көптөгөн түрдүү маданий катмарларды өзүнө сиңирип алган. Анын ичинде уруулардын жана жана элдердин чарбалык-маданий, соода-экономикалык, тилдик байланыштары тыгыз өнүккөн шаардык маданият, жарым отурукташкан, көчмөн жана башка аймактагы шаарлар жана калктуу конуштар ири соода, маданий жана экономикалык борборлорго, Батыш менен Чыгыштын ортосундагы байланыштарга айланды[6].

Фергана өрөөнү Орто Азиядагы тоо аралык ойдуң.Үч бурчтук формасында болуп, түштүгүнөн Алай, Түркстан, түндүк-батышынан Курама, Чаткал, түндүк-чыгышынан Фергана тоо тизмеги менен курчалган. Батышында кууш өткөл аркылуу Ач-Талаа менен туташат. Узундугу 340 км, эң жазы жери 160 км, аянты 22 000 км.кв. Ойдуңдун тегиз таманы деңиз деңгелинен 400-1200 мтр ге чейин көтөрүлүп, андан ары айланасындагы тоолордун этектерине өтөт. Жылдык жаан-чачыны ортоңку бөлүгүндө 200-220 мм, чыгышында 500 мм. Өрөөндүн аймагында Нарын дарыясы менен Кара-дарыя кошулуп, Сыр-дарыяны түзөт. Фергана өрөөнү пахтачылык, жибекчилик жана жүзүмчүлүк ири өнүккөн аймак. Оазистерде пахта,

---

[6] Каратаев О.К., Кадыров Т.Д. «Кыргызы Узбекистана (Ферганская долина): их локализация и родоплеменной состав в конце XX века,» Известия НАН КР, №2, (2024): 69-87-б, file:///C:/Users/USER/Documents/%D0%A4%D0%B5%D1%80%D0%B3%D0%B0%D0%BD%D0%B0%20%D3%A9%D1%80%D3%A9%D3%A9%D0%BD%D2%AF%20%D0%BC%D0%B0%D0%BA%D0%B0%D0%BB%D0%B0/%D0%9E%20%D0%BA%D0%B0%D1%80%D0%B0%D1%82%D0%B0%D0%B5%D0%B2%20%D1%84%D0%B5%D1%80%D0%B3%D0%B0%D0%BD%D0%B0.pdf.

жемиш бактары, жашылча жемиш, айрым жеринде жүзүмчүлүк өстүрүлөт. Фергана өрөөнү Орто Азиядагы калк эң жыш отурукташкан аймак, мында Кожент, Кокон, Фергана, Анжиян, Ош, Жалал-абад, Наманган жана башка ири шаарлар жайгашканш[7]. Фергана өрөөнүнүн аймактарында кыргыздар илгертеден бери жашап келе жатышат.

Белгилүү окумуштуу Белек Солтоноев кыргыздардын ичкилик тобуна кирген уруулары Өзбекстандын аймактарында, айрыкча Фергана, Анжиян өрөөндөрүндө жайгашкандыгы жөнүндө маалымат берген[8]. Анын пикири боюнча кыргыздар XVI кылымдан баштап Кокон менен ага жанаша турган Канибадамдын аралыгында маанилүү роль ойной баштаган. С.С. Губаеванын изилдөөсүндө кыргыздар Фергананын XVI кылымдардан баштап мекендеп, ал эми XVIII-XIX кылымдарда кыргыздардын бир канча уруулары активдүү көчүп келген. Кыргыздар Наманган областына Чаткал тараптан, Анжиян областына Алай, Баткен, Сузак районунан көчүп келип, отурукташа баштаган жана байыртадан мал-чарбачылык менен алектенген кыргыздар дыйканчылыкты, жер иштетүүчүлүктү өздөштүрө баштаган[9]. Кыргыздар тууралуу белгилүү өзбек этнографы К.Ш.Шаниязов минтип жазат: «Мавераннахр калкынын кыргыздар менен болгон этномаданий байланышы эбак эле башталган, бирок кыргыз-өзбек карым-катнаштары XVI кылымдардан күчөгөн. Ошондо эле кыргыз элинин бир бөлүгү Фергана өрөөнүнүн тоолу жана тоо этектериндеги райондорунда жайгашкан болчу»[10].

Ферганалык кыргыздар XIX кылымдан баштап Кокон хандыгынын жогорку хандык бийлигин да өз колунда кармап турууга аракеттенишкен. Буга кыргыздардын тарбиясы менен кыпчактардын колдоосу менен Шералынын хан көтөрүлүшү күбө[11].

Фергана өрөөнүнүн Өзбекстанга караган Анжиян жана Наманган облустарында этникалык кыргыздар көп. Бул аймакта жашаган этникалык кыргыздар күнүбүздө да, кыргыз экенин унутпай, кыргыздын тилин, маданиятын сактап келүүдө.

---

[7] Асанов Ү.А, «Кыргызстан», Улуттук энциклопедия: 7-том (Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы, 2014), 319-б.
[8] Солтоноев Б, Кызыл кыргыз тарыхы (Бишкек: Учкун басмаканасы 1993), 100-б.
[9] Губаева С.С. Основные напревления этнических процессов Ферганской долины (Москва: 1992), 170-175-б.
[10] Халматов К, «Өзбекстанда жашаган кыргыздар: этномаданий процесстер (XX – XXI к. башы)» (Жалал-абад мамлекеттик университети, кандидаттык диссертация, 2010), 23-б.
[11] Алымбаев Ж, Нүзүп бий, (Бишкек: Шам басмакансы, 2000), 92-б.

Анжиян облусунда жашап жаткан этникалык кыргыздардын саны, Өзбекстандын башка областтарына салыштырмалуу көпчүлүктү түзөт[12].

Анжиян биздин заманга чейинки Улуу жибек жолунда Фергана өрөөнүндөгү эң байыркы шаарлардын бири катары таанылат. Азыркы учурда дагы тарнспорт жана географиялык жайгашуусу менен түштүк-чыгыш Фергана өрөөнүндөгү транспорт борбору болуп эсептелет. Анжиян облусу Өзбекстандагы облустардын ичинен аянты боюнча эң кичинекей облус.  Калктын жайгашуусу боюнча Өзбекстанда эң жыш жайгашкан облус.  Анжиян облусунда Өзбекстан республикасынын дээрлик 10% калкы жашайт. Жеринин аянты 4,24 миң кв км. Батыш бөлүгүн бийик түздүк, чыгыш бөлүгүн Фергана жана Алай кырка тоосунун этектери ээлеп, өрөөндү муздак абанын кирип кетүүсүнөн сактайт, ошондуктан кышында бул жердеги аба ырайы Орто Азиянын калган аймактарына караганда туруктуу. Кышкысын жылуу, жайында ысык[13].

Фергана өрөөнүнүн Өзбекстанга караган Анжиян облусуна караштуу Коргон-төбө, Жалалкудук, Кожо-абад, Булакбашы, Айым, Мархамат жана башка райондорунун административдик аймактарында кыргыздар компакттуу түрдө жашап келишет. Фергана өрөөнүнүн Өзбекстан тарабында, тагыраак айтканда жогоруда аты аталган чөлкөмдөрдө жашаган кыргыздар бүгүнкү Кыргызстан менен этностук-маданий, чарбалык-экономикалык, тууган туушкандык жактан карым-катнаштары кеңири болгондуктан, толук этностук өзгөчөлүктөрүн сактап келишүүдө[14]. Анжиян облусунда 14 район, 2 шаар бар. Алар: Анжиян, Асака, Балыкчы, Булакбашы, Бостон, Улугнор, Пахтабад, Жалакудук, Избаскан, Мархамат, Алтынкөл, Кожо-абад, Шахрихан, Коргон-төбө райондору жана Андижан, Ханабад шаарлары[15]. Этникалык кыргыздар көп жашаган райондор Коргон-төбө, Жалакудук, Кожо-абад, Мархамат, Булакбашы жана Ханабад шаары.

---

[12] Халматов Кудратбек, «Өзбекстанда жашаган кыргыздар: этномаданий процесстер (XX – XXI к. башы), 83-б.
[13] Тухлиев Н., Кременцова А. Республика Узбекистан: Энциклопедический справочник. (Ташкент: Гос. науч. изд-во., 2001), 85-б.
[14] Каратаев О.К. Кыргыздардын теги, таралуу ареалы этностук-маданий алакалары. (Бишкек: Кыргыз-Түрк Манас университетинин басылмасы, 2013), 197-98-бб.
[15] «Андижон вилояти ҳокимлиги», 7- октябрь, 2024, https://andijan.uz/news.




**Сүрөт 1.1.** Андижан областынын картасы. Булак: https://www.logistika.uz/atlas/details.php?area=217

Анжиян областына караштуу Ханабад шаарында Кыдырша жана Тейит айылдары бар. Ханабад шаары Анжиян облусунун чыгышында жайгашып, облустун борборунан 80 км алыстыкта жайгашкан. Жер аянты 0,02 минг кв. км. Калкынын саны 36,6 минг киши. Ханабад шаары Кыргызстандын Сузак району жана Өзгөн району менен чектешет. Ханабад шаары Кокон хандыгы мезгилинде «Бешкапа» деп аталган. Совет доорунда Ханабад шаары Советабад деп аталып келген. Ханабад шаары Кара-дарыянын оң жээгинде жайгашгандыктан 1969-жылы Кемпир-абад (Андижон сув омбри) суу сактагычы курулат. Кемпир-абад курулгандан кийин шаарга адамдар көчүп келе башташат[16].

Ханабад шаарындагы Кыдырша айылынын тургуну жана айыл өкмөт башчысы Топчиев Жамалддин Кыдырша айылы тууралуу төмөндөгүдөй маалымат берди: *«Мен Кырдырша айылында туулганмын. Менин жети атам да ушул айылда жашап өтүшкөн. Бул айылда илгертеден бери эле жашап келе жатабыз. Айылыбыздын Кыдырша деп аталып калышынын себеби, айылыбызда Кыдырша уруусу көпчүлүктү түзгөндүктөн, Кыдырша деп аталып калган. Мен 2014-жылдан бери Кыдырша айылынын айыл өкмөт башчысы болуп иштеп келе*

[16] «Андижон вилояти ҳокимлиги», 7- октябрь, 2024, https://andijan.uz/news.

*жатамын. Айылыбызда жалпысынан 2100 адам жашайт. Анын ичинен 1900 этникалык кыргыздар, калганы башка улуттун өкүлдөрү.*[17]




**Сүрөт 1.2.** Кыдырша айылынын башталышы. Булак: Автордун талаа дептери.

Кыдырша айылы Жалал-абад облусунун Сузак районуна караштуу Барпы жана Бек-абад айыл өкмөттөрү менен чектешет. Улуу-Ата мекендик согуш мезгилинде Кыдырша айылынын раиси Балтабаев Жолдош акын Барпы Алыкуловду үй-бүлөсү менен Кыдырша айылына көчүрүп, алып келген. Төкмө акын, аялы жана кызы менен көчүп келиптир. Согуш мезгилинде ачарчылык мезгили болгондуктан, Балбатабев Жолдош Барпы акынды үй, тамак аш менен камсыздаптыр. Барпы акындын кызы Бурул Парпиева кат сабатту болгондуктан, Кыдырша айылындагы мектепте мугалим болуп иштеген.[18] Акын Барпы Алыкулов Кыдырша айылында 5-6 жыл жашап, кийин өзүнүн айылы Ачы айылына кеткен экен. Ханабад шаарындагы экинчи кыргыз айыл Тейит айылы. Тейит айылынын айыл өкмөт башчысы Юлдашев Рахматтиладан Тейит айылы тууралуу төмөндөгүдөй маалымат алдык. *«Тейит айылы 1972-жылы түптөлгөн. 1990-жылга чейин Карабагыш айылы деп аталып келген. Анткени, айылда карабагыш уруулары көп*

[17] Топчиева Жамалиддин 1966- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Кыдырша айылы.
[18] Шамшиев Бекташ. Барпы: Изилдөөлөр, эскерүүлөр, арноолор. (Бишкек: Кырг. Энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1994) 240-б.

*болгондуктан Карабагыш деп аталып калган. 1972-жылга чейин Карабагыш уруулары Ханабад шаарынын борборунда жашашкан. Кемпир-абад суу сактагычы курулуп, карабагыш уруулары Тейит айылынын ордуна көчүрүлгөн. Ал эми Кемпир-абад суу сактагычынын ордунда жайгашкан Тейит уруулары да Тейит айылына көчүрүлүп келинген. Ошентип 1972-жылы Карабагыш айылы түптөлөт. Кийинчерээк 1990- жылы Карабагыш айылы, Тейит айылы болуп аты өзгөртүлгөн. 2024-жылдын 1- январына карата Тейит айылында 4118 адам катталган. Алардын 2268 этникалык кыргыз. Калганы өзбек жана башка улуттун өкүлдөрү*[19].




**Сүрөт 1.3.** Тейит айылынын башталышы. Булак: Автордун талаа дептери.

Анжиян облусундагы этникалык кыргыздар эң көп жашаган райондордун бири Коргон-төбө району[20]. Коргон-төбө[21] районундагы этникалык кыргыздар азыркы учурда да кыргыз улуттук каада-салттарын, кыргыз тилин, маданиятын сактап келе жатат. Коргон-Төбө районундагы кыргыз айылдар: Сүткөн, Кызыл токой, Намуна,

[19] Юлдашев Рахматтилла 1957- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Тейит айылы.
[20] Абдыразаков Төлөнбай, «Коргон –төбө кыргыздары,» Кыргыз Туусу, 27-29- январь, 2004.
[21] Анжиян облусундагы Коргон-төбө районунун өзбек тилиндеги расмий аталышы «ҚЎРҒОНТЕПА» району деп аталат. Тарыхый адабияттарда жана райондо жашаган этникалык кыргыздар «Коргон-төбө» району деп аташат. Бул магистрдик илимий эмгекте мындан кийин «Коргон-төбө» району деп жазылат.

Дардактепа, Найнаво, Жартыбаш, Алтын-Сай, Зарбулак жана Эшенабад (Тельман). Бул айылдарда кыргыздардын саны көпчүлүктү түзөт. Коргон-Төбө району 1926-жыл 29- сентябрьда түзүлгөн. Жер аянты 0,48 миң кв.км. Калкынын саны 163,5 миң кишини түзөт. Коргон-Төбө району түндүк-батышында Жалакудук району, түштүк-батышында Хожоабад району, чыгыш түндүк, чыгыш түштүгүндө Кыргызстан менен чектешет. Коргон-төбө району Кыргызстандын Жалал-абад жана Ош облусу менен чектешет[22]. Коргон-Төбө районунан белгилүү тарыхый инсан Кошдатка уулу Мырзакул болуш чыккан. Мырзакул болуштун атасы Кошдатка өз убагында Кокон хандыгынын ордосунда кызмат өтөп, Ташкент шаар акиминин кызматына чейин жеткен[23]. Мырзакул болуш Өзбек Республикасынын Анжиян облусунун Коргон-төбө районундагы азыркы Чимиян айылынан чыккан улуу инсан. Бул киши тарыхый далилдерге таянсак, акимдиктен болуштук чинге жетип, анын карамагында ошол учурдагы Өзгөн, Кара-Суу, Ош, Жалал-абад, Базар-Коргон ары жагы Асаке, Анжиян, Жалакудук, Маргалан, Коконго чейинки аймактарды камтыган. Ошол аймактын эли кадырлап сыйлаган. 1880- жылдын эрте жазында Коргон-төбө, Шамал-Бак, Чимиян, Кара-Суу аймактык болуштугуна шайлоо өткөрүлөт. Ага көптөгөн бардар адамдар, элге кадыры белгилүү инсандар намзатын коюшат. Бирок элге 16 жаштагы Мырзакул жагып, аны бир добуштан шайлашат. Мырзакул болуш чоң аймактагы элди «Бир жакадан баш, бир жеңден кол» чыгартып, адилет бийлик жүргүзүү менен соопчулук иштерди жүргүзгөн кайрымдуу адам болгон. Мырзакул болуш өзү ээлик кылган аймактарда мечит, медересе, жолдорду курдурган. Мырзакул болуш курдурган Коргон-төбө районундагы медресе азыркы күнгө чейин сакталып турат. Мырзакул болуш Жалал-абад курортун курдурган. Тарыхый маалыматтарга назар салсак, Жалал-абад шаары Кыргызстандын Фергана өрөөнүндө жайгашкан, жаратылышы абдан кооз ыйык жерлердин бири. Себеби илгери ата-бабаларыбыз бул жерди ыйык тутуп, теңир сүйгөн Аюб пайгамбардын кадам изи калып, табигаттын дары сууларынан дарты айыккан деп айтылат. Ушундай шаар жеринин касиеттүүлүгүн терң түшүнгөн Мырзакул болуш, 1911-жылдын жай айында бардык байлыгын тактап, Аюб-булакка дарылоо имаратын жана жол салууну чечкен. Негизинен Көк-

[22] «Андижон вилояти ҳокимлиги», 9- октябрь, 2024, https://andijan.uz/towns_districts/qorgontepa-tumani.
[23] Карасартов О, «Мырзакул болуш ким болгон?», Кыргыз Туусу, 29- май, 2009.

Арт сайынан 10 км. жерге ташты эл тизилип колмо-кол ташышып, жол ат арабага ыңгайлаштырылган. Болуш ашар жолу менен элди уюштуруп, алардын тамак-ашына деп 500 кара коюн сойгон. Жол салып бүтөөрү менен Ташкент шаарынан Түркстанга белгилүү болгон усталарды, орус архитекторлорун чакыртып, жибек кагазга чиймесин чийдирип, курортко дарылануу үчүн толук шарты бар эмкана үчүн чоң, кооз имарат салдырат. 1912-1913-жылдары курулган бул имарат азыркы күнгө чейин сакталып, 100 жылдан ашык убакыттан бери эл кызматында. Жалал-абад курортун ачуу аземине Мырзакул болуш 80 боз үйдү катарлаш тиктирген. Жалал-абаддын шаар болуп түптөлүшүнө Мырзакул болуштун жеке салымдарын айта кетсек, шаардын соодагерлери үчүн алгачкы базарын Кербен-Сарай, Тим базар (үстү жабык базар) жайларын, мечит, чайкана жана башка курулуштарды курганы белгилүү[24]. Мырзакул болуш 1936-жылы каза болуп, сөөгү Жалал-абад курортунун этегиндеги мазарга коюлган.

Коргон-төбө районунун Сүткөн айылында 90% кыргыздар жашайт. Сүткөн айылы совет мезгилинде түптөлгөн. Айыл Кара-Дарыя суусунун жээгинде жайгашкан. Сүткөн деп аталып калышынын себеби, сүттү чөптөр көп болгондуктан, Сүткөн деп аталып калган. 2023-жылдын 1- январына карата Сүткөн айылында 1554 адам катталган. Анын 1324 кыргыздар. Калганы өзбек жана башка улуттун өкүлдөрү[25]. Сүткөн айылында 2020-жылдан бери айыл өкмөт башчысы болуп иштеп келе жаткан Ашуров Абдыкадырдын айтымына караганда, Сүткөн айылындагы адамдардын көпчүлүгү Кыргызстандын Баткен облусунан көчүп келген экен. Ал кишинин айтымына караганда болжолдуу 1830-1840- жылдары көчүп келишиптир. Сүткөн айылынын ылдый жагында Кара-Дарыянын жээгинде Алтын-Сай айылы жайгашкан. Алтын-Сай айылы 1972- жылдары түптөлгөн. Алтын-Сай айылына коңшу кыргыз, өзбек айылдарынан адамдар көчүп келип олтурукташып калган. Сүткөн, Намуна жана Эшенабад айылдарынан кыргыздар көчүп келишкен. Алтын-Сай айылында өзбек, кыргыздар аралаш жашайт. Айылдын жарымын кыргыздар түзсө, жарымын өзбектер түзөт. Айылдын Алтын-Сай деп аталып калышынын себеби, таштак сай болгондуктан Алтын-Сай деп аталып калган[26]. Сүткөн жана Алтын-Сай айылдарына коңшулаш Эшенабад айылы бар. Бул айыл совет

[24] Жороев С, «Мырзакул болуш», Кыргыз Туусу, 24- июль, 2012.
[25] Ашуров Абдыкадыр 1969- ж.т. Анжиян областы, Коргон-Төбө району, Сүткөн айылы.
[26] Хайдаров Төлөнбай 1952- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Алтынсай айылы.

мезгилинде Токтогул Сатылганов колхозу деп аталган. Азыркы аталышы Эшенабад айылы. Бул айылда да этникалык кыргыздар басымдуулук кылат. Айылдын 80% ашыгын этникалык кыргыздар түзөт[27].

Коргон-төбө районунда кыргыздар көп жашаган айылдардын бири Намуна айылы. Айылдын «Намуна» деп аталып калышынын себеби, өрнөктүү, үлгүлүү айыл болсун деп, «Намуна» деп аталып калган[28]. «Намуна» сөзү өзбек тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө «өрнөктүү», «үлгүлүү» деген маанилерди билдирет[29]. Намуна айылында кыргыз-өзбек элине таанымал төкмө акын Идирис Айтбаев туулган. Төкмө акын Идирис Айтбаев 2017- жылы Казакстандык акын Айбек Калиев менен айтышуу учуранда алты тилде төгүп, өзүнүн мыкты төкмө акын экендигин көргөзгөн. 2017- жылы 5- сентябрда Кыргызстандын мамлекеттик резиденциясында Кыргыз-Өзбек Республикаларынын президенттери Садыр Жапаров менен Шавкат Мирзиёев жолугушат. Жолугушуу учурунда төкмө акын Идирис Айтбаев Кыргыз-Өзбек достугун бекемдөөгө чакырып, төкмөлүк өнөрүн мыкты деңгээлде көрсөтөт. Өзбек Республикасынын президенти Шавкат Мирзиёев төкмө акынга Анжиян облусунан үй жана машине белек кылат.[30] Оозеки булактарды чогултуу учурунда, Намуна айылынын тургундары төкмө акын Идирис Айтбаевди сыймыктануу менен биздин айылдашыбыз деп айтып жатышты.

Кызыл-токой айылы Коргон-төбө районундагы кыргыздар көп жашаган айылдардын бири. Кызыл токой айылынын 95% кыргыздар түзөт. Кызыл-Токой айылы Кыргызстандын Жалал-абад облусуна караштуу Сузак районунун Кара-дарыя, Бек-абад айыл өкмөттөрүнө жакын жайгашкан. Кызыл токой айылы совет мезгилинде түптөлгөн. Кызыл Токой айылынынын тургуну Бекташев Мадаминбектин айтымына карганда, Кызыл Токой айылында жашаган кыргыздар Баткендин Бужүм деген жеринен көчүп келишиптир. Кызыл-токой айылынын тургуну Бекташев Мадаминбек Кызыл-токой айылы тууралуу төмөндөгүдөй маалыматтар менен бөлүштү. *«Менин чоң аталарым бул айылга көчүп келген*

---

[27] Жоошбаев Сыдык Эшбаевич 1959- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Эшенабад айылы.
[28] Султанова Унсунай 1967- ж.т. Анжиян областы, Коргон-Төбө району, Намуна айылы.
[29] Бегматов Э, Мадвалиев Н, Махкамов Н, Мирзаев Т. Ўзбек тилиниг изоҳли лугати – Н харфи, (Тошкент: Давлат илмий нашриёти, 2006) 17- б, https://n.ziyouz.com/books/uzbek_tilining_izohli_lugati/O'zbek%20tilining%20izohli%20lug'ati%20-%20N.pdf.
[30] «Кыргызский акын получил от Мирзиёева машину и дом», 11-октябрь, 2024, https://kaktus.media/doc/362548_kyrgyzskiy_akyn_polychil_ot_mirzieeva_mashiny_i_dom.html.

*убакта өзбектер жок болчу экен. Кийинчерээк коңшу айылдарга көчүп келе башташты. Азыр айылыбызда басымдуу бөлүгүн кыргыздар түзөт. Өзбек бир тууганларыбыз да бар. Алар менен ынтымакта жашап келе жатабыз. Улутчулдукка барбайбыз. Бизди эч ким сен кыргызсын деп бөлбөйт жана кемсинтпейт. Өзбек бир тууганларыбыз менен достукта, ынтымакта жашап келе жатабыз. Айылдын Кызыл-токой деп аталып калышынын себеби, токойлуу жер болуп, алыстан караган адамга кызыл токой болуп көрүнгөндүктөн Кызыл-токой деп аталып калыптыр. 2010-жылкы кыргыз-өзбек окуяларынан кийин, айылыбыздагы кыргыз үй-бүлөлөр Кыргызстанга көчүп өтүп кетишти. Туулуп өскөн жериңди таштап кете албайт экенсин. Көчө албагандар, бул айылда калып калдык. Ал учур катаал мезгил болчу. Кыргыз-өзбек бир тууган элбиз. Эки өлкөнүн президенттери эле жакшы болуп турса, достугубуз бекем болот экен. Мына биздин президентибиз Шавкат Мирзиёв тарабынан бизге жакшы шарттар түзүлүп берилди. Кыргызстандын президенти Садыр Жапаров менен достукта жакшы иш алып барып жатышат. Кыргыз-өзбек чек аралары такталып, адам өткөрүү пункттары ачылып жатат. Кыргызстанга каалаган учурубузда барып келе жатабыз. 2010-жылдан кийин чек аралар жабылып, Кыргызстандагы тууганларыбыз менен катташа албай калган элек. Азыр Кудайга шүгүр жолдор ачылды. Кыргызстанга каалаган учурубузда барып келе жатабыз. Эки өлкөнүн достугу бекем болсун»* -деп Бекташев Мадаминбек маалымат берди[31]. Кызыл-токой айылынын 90% ашыгын кыргыздар түзөт. 2024-жылдын 1-январына карата Кызыл-токой айылында жалпы 2786 тургун катталган. Анын ичинен: эркектер 1030, аялдар 1756, балдар 912 (0-15 жаш), жаштар 624 (16-30 жаш) үй-бүлөлөрдүн саны 548. Кызыл-токой айылына коңшулаш Жартыбаш (өзбек тилиндеги аталышы «Yortibosh») айылы бар. Жартыбаш айылы да админцтративдик жактан Коргон-төбө районуна карайт. Жартыбаш айылы Коргон-төбө районундагы кыргыздар көп жашаган, кыргыз айылдарынын бири. Жартыбаш айылынын тургуну, жартыбаш айылындагы №26 орто мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими Рахматова Динара Жартыбаш айылы тууралуу төмөндөгүдөй маалымат берди: *«Жартыбаш айылында кыргыздар жашайбыз. Азыркы учурда айылыбызда 2549 адам жашайт. 511 үй-бүлө бар. Айылбыздын 80% ашыгын кыргыздар түзөт. Өзбек бир*

[31] Бекташев Мадаминбек Урбайович 1958- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Кызыл-токой айылы.

*туугандарыбыз мурда аз болчу, кийинчерээк көчүп келе баштаашты. Бул айылга менин чоң атамдын атасы, Жалал-абад облусунун, Кара-Дарыя деген жеринен көчүп келишкен экен. Согуш мезгилинде бир адам чачын алдырып жаткан экен. Душмандар келип, согуш башталган учурда чачын алдырып жаткан адам, душман менен согушууга чыгат. Чачынын жарымы алынып, жарымы алынбай калган экен. Ал адамдын жоро жолдоштору күлүшүп, «Жартыбаш» деп атап коюшкан экен. Ошол адамдан урпактар көбөйүп, биздин айыл да Жартыбаш айылы деп аталып калыптыр»*[32].




**Сүрөт 1.4.** Жартыбаш айылынын башталышы. Булак: Автордун талаа дептери.

Коргон-төбө районундагы кыргыз-өзбек улутундагы адамдар аралаш жашаган айылдар Дардоктепа, Найнаво жана Зарбулак айылдары. Бул айылдардагы кыргыздар өзбек бир туугандар менен аралашып кеткендиктен, башка кыргыз айылдарга салыштырмалуу өзбек тилинде көбүрөөк сүйлөшөт. Бул айылдардагы этникалык кыргыздар өзбектер менен кыз алып, кыз берип куда сөөк болуп кетишкен. 2024-жылдын 1-январына карата Дардактепа айылында 3006 адам катталган. 916 үй-бүлө бар. Айылдын 50% кыргыздар, ал эми 50% өзбектер түзөт[33].

[32] Рахматова Динара 1991- ж.т. Анжиян областы, Коргон-Төбө району, Жартыбаш айылы.
[33] Мирзаева Хайтхон 1964- ж.т. Анжиян областы, Коргон-Төбө району, Дардактепа айылы.

Зарбулак айылынын тургуну, Турдубаев Нурмамат менен маектешүү учурунда, айылы тууралуу төмөндөгүдөй маалымат берди. *«Мен, Турдубаев Нурмамат 1955-жылы 26-февральда ушул Зарбулак айылында туулганмын. Кесибим орус тили мугалими. Айылыбыздагы №48 орто мектепте орус тили мугалими, замдиректор, директор болуп иштедим. Азыркы учурда пенсионермин. Биздин чоң аталарыбыз Баткендин Баулкан деген жеринен көчүп келген экен. Ал жактан көчүп келе жатканда, бир бөлүгү Кара-дарыяда калып калыптыр. Кара-Дарыяда биздин туугандарыбыз көп. Негизи биз жашаган айыл, биздин кыштообуз болгон мурда. Жайкысын Өзгөндүн жайлоосуна чыкчу экен, биздин ата-бабаларыбыз. Илгери биздин айылдын аталышы Чырак тамга деп аталчу. Азыркы учурда Зарбулак айылы деп аталат. Көрүстөнүбүздө Чырак тамга деген ат сакталып калды. Зарбулак айылында жалпысынан 2000 миң тургун жашайт. Анын 30% кыргыздар түзөт»*[34]. Найнаво айылында да өзбек-кыргыздар аралаш жашайт. Найнаво айылынын мурдагы аталышы Кыдырша болгон. Совет мезгилине чейин, совет мезгилинин баштапкы учурларында Кыдырша айылы деп аталган. Кыдырша деп аталып калышынын себеби, Найнаво айылында кыргыздын Кыдырша уруулары көп жашагандыктан Кыдырша деп аталган. Найнаво айылындагы кыргыздар, Баткендин Кызыл-Кыя аймагынан көчүп келишиптир[35]. Зарбулак, Найнаво жана Дардоктепа айылдарында жашаган этникалык кыргыздар өзбек мадниятына, тилине аралашса да, өздөрүнүн кыргыз экенин унутпай сактап келе жатышат. Анжиян облусундагы райондордун арасынан этникалык кыргыздар көп жашаган райондордун бири Жалакудук району. Жалакудук району 1926- жылы түзүлгөн. 1962-жыл 24- декабрьда Кожо-абад району менен бириктирилген. 1973- жыл 12-апрелде кайрадан район болуп түзүлгөн. Жалакудук району Анжиян облусунун Коргон-Төбө, Кожо-абад, Анжиян району жана Кыргызстан менен чектешет. Жалакудук району Кыргызстандын Жалал-абад жана Ош облустары менен чектешет. Жеринин аянты 0,37 миң кв.км. Калкынын саны 146,5 миң кишини түзөт. Борбору Ахунбабаев шаары. Жалакудук деген аталыш «желе», «жела», «кудук» деген сөздөрүнөн келип чыккан[36]. Тарыхый булактарда Жалакудук аталышы «Желе-кудук», «Жалал-кудук», «Джалакудук», «Джалалкудук» деп, эскерилип

[34] Турдубаев Нурмамат 1955- ж.т. Анжиян областы, Коргон-Төбө району, Зарбулак айылы.
[35] Орунбоев Мамыр 1953- ж.т. Анжиян областы, Коргон-Төбө району, Найнаво айылы.
[36] «Андижон вилояти ҳокимлиги», Жалакудук району, 12- октябрь, 2024, https://andijan.uz/towns_districts/jalaquduq.

жазылат. Жалакудук районунда кыргыздар көп болгондуктан, өзүнчө кыргыз айылдары бар. Кээ бир айылдарда кыргыз-өзбектер аралаш жашап, андагы кыргыздар өзбек элинин маданияты менен аралашып, тилин, маданиятын унутуп калышкан. Анжиян облусунун кыргыз маданий борборунун жетекчиси Насиров Обиджондын маалыматына таяна турган болсок, Жалакудук районунда 40 миң этникалык кыргыздар бар. Жалакудук районунда этникалык кыргыздар көп жашаган айылдар: Көтөрмө, Каламбек, Карагул, Кутлук, Ахунбабаев, Ибрат, Абдуллабий, Хамза жана Ак эчки айылдар.

Жалакудук районундагы кыргыздар көп жашаган айыл Абдуллабий айылы. Анжиян областынын Коргон-төбө (совет мезгилинде Ворошилов району деп атал) районунун Абдуллабий айылында кыргыз-кыпчактар компактуу түрдө жашашат[37]. Абдуллабий айылынын тарыхына токтолсок, жергиликтүү адамдардын эзелтен эле мээнеткечтигине, ынтымакташтыгына күбө болосуң. Мындан жүздөгөн жыл мурда суусуз какыраган чөлдү өздөштүрүп, адамдарды көчүрүп келген Абдуллабийдин урматына айыл анын ысымы менен аталып калган. Бул да болсо айыл адамдарынын кишинин ак эмгегин жогору баалай билгендигинин акыбети[38]. Совет мезгилине чейин Абдуллабий айылы деп аталган. Совет мезгилинде Абдуллабий айылы, Илич айылы деп, аты өзгөртүлгөн. Өзбекстандын эгемендүүлүк жылдарынын алгачкы жылдарында Насирдин Исанов айылы деп аталган[39]. Насирдин Исанов эгемен Кыргызстандын биринчи өкмөт башчысы- Премьер-министри болуп 1991-жылы январь айында шайланган. Ал чындыгында көп жетекчилерден айырмаланып, өтө тажрыйбалуу, экономикалык, социалдык маселелерди абдан мыкты түшүнгөн, бийликти эң жогорку тепкичине келгенге чейин анын эң төмөнкү тепкичинен баштап басып өткөн кыраакы саясатчы катары келгендигин жакшы билебиз. Кыйын кезеңде ал өлкөнүн базар экономикасы боюнча концепциясын иштеп чыгып, мамлекеттин демократиялык жол менен кетүүсүнө ал өз салымын кошкон. Тилекке каршы, 1991-жылдын 29- ноябрында автокырсыктан күтүүсүздөн каза

---

[37] Винников Я.Р, Современные расселение народов и этногрфических групп в Ферганской долине (Москва: Издательство академия НАУК СССР, 1959), 22- б. file:///C:/Users/USER/Downloads/62167205%20(2).pdf.

[38] Буркашев С. «Жолдор дилге жеткирет,» Эркин-Тоо, 11- июнь, 1992.

[39] Тентимишев М, «Насирдин Исанов эгемендүү Кыргызстандын биринчи премьери», (Бишкек: Салам басмаканасы, 2013), 23-б.

болду[40]. Азыркы учурда Абдуллабий айылы төрт айылга бөлүнгөн. Алар: Ахунбабаев, Каламбек, Ибрат, Абдуллабий, айылдары болуп.

**Биринчиси:** Ахунбабаев айылы. Ахунбабаев айылынын тургуну, кыргыз тили жана адабияты мугалими Мадбоева Донахан айылы тууралуу төмөндөгүдөй маалыматтар менен бөлүштү: «*Ахунбабаев айылында 3828 эл жашайт. Анын 75% этникалык кыргыздар түзөт. Айылдын Ахунбабаев деп аталып калышынын себеби, Юлдаш Ахунбабаевдин атына коюлган*».[41] Юлдаш Ахунбабаев (1885-1943) мамлекеттик ишмер. Ал 1885-жылы Маргылан уездинин Жуйбазар кыштагында туулган. 16 жашыдан баштап, Маргыландагы пахта заводдо иштейт. Өзгөндөгү Халматбайдын колунда мардикер болуп иштейт. 1916-жылдагы революцияны бастырууда активдүү катышкан. 1919- жылда Фергана өрөөнүндө алгачкы жолу түзүлгөн «Кушчи» бирикмесини башкарган. 1925-38-жылдары Өзбек ССР Советтеринин БАКтын төрагасы, 1938-43-жылдары Өзбек ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы, СССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасынын орун басары болуп эмгектенген. Ленин, эки Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган[42].

**Экинчиси:** Каламбек айылы. Каламбек айылында да этникалык кыргыздар көп. Каламбек айылынын 80% ашыгын этникалык кыргыздар түзөт[43].

**Үчүнчүсү:** Ибрат айылы. Ибрат айылында да басымдуу бөлүгүн кыргыздар түзөт. Айылдын 80% ашыгы кыргыздар. Ибрат сөзү өзбек тилинин сөздүгүндө “Ибрат” - насыйкат, өрнөк, деген маанилерди билдирет[44]. Ибрат айылы өрнөктүү, үлгүлүү болсун деп, Ибрат айылы деп ат коюлуптур.

**Төртүнчүсү:** Абдуллабий айылы. Абдуллабий айылынын 90% ашыгын кыргыздар түзөт. Жогоруда Абдулла бий айылы төрт айылга бөлүндү деп сөз кылдык. Абдуллабий айылынын атын сактап калыш үчүн, Абдуллабий деп аталып калган.

---

[40] Асанканов А. Насирдин Исанов – эгемен Кыргыз Республикасынын алгачкы өкмөт башчысы. (Ош мамлекеттик университети: Кыргызстандын эгемен жолундагы Насирдин Исановдун ролу: тажрыйбалар жана чакырыктар, илимий конференция, 2023), 27-б.

[41] Мадбаева Данахан Мамадалиевна 1968- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Ахунбабаев айылы.

[42] Жўраев М, Нуриллин Р, Камолов С. Ўзбекистоннинг янги тарихи. Ўзбекистон совет мустамлакачилиги даврида, (Тошкент: Шарк нашриёти, 2000), 438-439-б.

[43] Мырзаев Орозалы 1958- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Каламбек айылы.

[44] Бегматов Э, Мадвалиев Н, Махкамов Н, Мирзаев Т. Ўзбек тилиниг изоҳли лугати -И харфи. (Тошкент: Давлат илмий нашриёти, 2006), 170- б. https://n.ziyouz.com/books/uzbek_tilining_izohli_lugati/O'zbek%20tilining%20izohli%20lug'ati%20-%20I.pdf.

Жогоруда аты аталган Ахунбабаев, Каламбек, Ибрат, Абдулла бий айылдары бири бирине жакын айылдар. Совет мезгилине чейин, совет мезгилинде бул айылдар бир болгон. Өзбекстандын эгемендүүлүк жылдарынан кийин бул айылдар админстративдик жактан төрт айылга бөлүнгөн[45].

Жалакудук районундагы кыргыздар көп жашаган айылдардын бири Көтөрмө айылы. Көтөрмө айылында жашаган кыргыздар Жалакудуктун башка айылдарына салыштырмалуу кыргыз маданиятын, тилин, каада-салт, үрп адаттарын бекем сактап калышкан. Кыргыздар мал-чарбачылык менен алектенип, көчмөнчү калк болгондуктан Көтөрмө айылы кыргыздардын кыштоосу болгон. Жайкысын Ош, Жалал-абаддын жайлоолоруна чыгышкан. Айылдын Көтөрмө деп аталышынын себеби, бул айылга кыргыздар отурукташып жашап баштаган мезгилде, топурактан үйүп, жерден 2-3 мтр бийик көтөрүп, канал куруп, Көтөрмө айылына суу алып келишкен. Ошондуктан айылдын аталышы Көтөрмө деп аталып калган. Көтөрмө айылында жашаган кыргыздардын 90% ашыгын кыргыздар түзөт. Көтөрмө айылынын тургуну Маликов Мухаммад Алинин айтуусуна карганда, Көтөрмө айылындагы кыргыздар Анжияндын Бото кара деген жеринен көчүп келишкен экен[46].

Жалакдук районунун Кутлук айылынын Наво көчөсүндө да этникалык кыргыздар көп жашайт. Бул айылдын мурдагы аталышы Пахтапронт айылы деп аталып келген. Азыркы учурда Кутлук айылы деп аталат. Кутлук айылынын Наво көчөсүндө 1000 ден ашык этникалык кыргыздар жашайт[47]. Кутлук айылынын мектеби кыргыз мектеп болгондуктан, Жалакудук районундагы этникалык кыргыздарга салыштырмалуу Кутлук айылынын тургундары кыргызча таза сүйлөшөт. Кутлук айылынын жогору жагында Галаба айылы жайгашкан. Галаба айылында да кыргыздар басымдуулук кылат. Айылдын 75% ашыгын этникалык кыргыздар түзөт. Галаба айылынын тургуну, Сохибов Нурали менен маектешүү учурунда *«Галаба айылында жашаган этникалык кыргыздар, тээ илгертеден бери эле ушул айылда жашап келе жатабыз»* - деп маалымат берди.

Жалакудук районунун борборуна жакын жайгашкан Бостон (Ак эчки) жана Карагул айылдары бар. Бул айылдарда да кыргыздардын саны көпчүлүктү түзөт.

---

[45] Насиров Обиджон Хамидович 1960- ж.т. Анжиян область, Жалакудук районy, Абдуллабий айылы.
[46] Маликов Мухаммад Али 1952- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Көтөрмө айылы.
[47] Останов Нурлан Шакиржон угли 1992- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Кутлук айылы.

Бирок, бул айылдарда жашаган этникалык кыргыздар өзбектешип кеткен. Жашы улуу инсандар гана кыргызча сүйлөй алат. Өкүнүчтүүсү жаштары кыргыз тилинде жакшы сүйлөй албайт. Кыргыз тилине караганда өзбек тилинде так сүйлөйт. Бостон (Ак эчки) айылында кыргыздар басымдуулук кылат. Айылдын 50% ашыгын этникалык кыргыздар түзөт. Айылдын Ак эчки деп аталып калышынын себеби, илгери айылга кыргыздар көчүп келип, олтурукташып жашап баштайт. Кыргыздар эчки көп багыптыр. Коңшу айылдарда жашаган адамдар бул айылды Ак эчки деп атап, ошол бойдон Ак эчки деп аталып калыптыр. Азыркы учурда Ак эчки айылы Бостон айылы деп аталат. Бирок эл оозунда дагы эле болсо, Ак эчки деп аталып келе жатат[48]. Карагул айылынын тургуну Юлдашев Пулатжон менен болгон маекте, Карагул айылы тууралуу төмөндөгүдөй маалымат берди: *«Айылыбыздын аталышы Карагул эмес, Карауул болчу. Кийинчерээк документке Карагул деп жазылып калды. Бул айылга биздин чоң аталарыбыздын көчүп келгенине болжолдуу 300-350 жыл болду. Айылыбызда 3000 миңден ашык адам жашайт. Анын ичинен кыргыздардын саны 1000 миңден ашык»* - деп Юлдашев Пулатжон маалымат берди[49]. Ак эчки жана Карагул айылдарында жашаган этникалык кыргыздар өзбектешип кеткен кыргыз айылдарынан. Анткени, мектеп кыргыз болбогондуктан, жаш жеткинчектер жаштайынан өзбекче окуп, кыргыз тилине караганда өзбек тилинде ээн эркин сүйлөйт. Бул айылдарда совет мезгилинен баштап эле өзбек мектеп болгон.

Жалакудук районундагы кыргыздар жашаган айылдардын бири Хамза айылы. Хамза айылынын Кадаксын көчөсүндө кыргыздар жашайт. Айылдагы кыргыздардын саны 1400. Хамза айылынын 25% этникалык кыргыздар түзөт. Кыргыздар жашаган көчөнүн аталышы Кадаксын деп аталып калышынын себеби, кыргыздар көчмөнчү эл болгондуктан, ушул айылга келгенде «кадалсын» же «токтосун» деген мааниде кадаксын, кадалсын деп аталып калыптыр. Кадаксын айылында кыргыз меткеп болгондуктан айылдагы адамдар кыргыз тилинде так сүйлөгөнгө аракет кылышат[50].

[48] Маткобилова Анархан 1935- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Бостон (ак эчки) айылы.
[49] Юлдашев Пулатжон Мусаевич 1958- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Карагул айылы.
[50] Маматисакова Наргиза 1977- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Хамза айылы.

Анжиян облусундагы этникалык кыргыздар жашаган райондордун бири Кожо-абад[51] району. Кожо-абад району 1926- жыл 29- сентябрда түптөлгөн. Кожо-абад районунан 1973- жылы Жалакдук району, 1992-жылы Булакбашы райондору бөлүнүп чыккан. Кожо-абад району Кыргызстандын Ош областы менен чектешет. Жеринин аянты 0,23 миң кв. км. Калкынын саны 86,6 миң кишини түзөт. Борбору Кожо-абад шаары[52]. Кожо-абад районунда 1992-жылы «Кыргыз маданий борбору түзүлгөн». Маданий борбордун жетекчилери А. Алиев жана С. Умараов. Өзбекстандын Анжиян облусундагы кыргыздардан биринчилерден болуп, Кожо-абад районундагы кыргыздар «Кыргыз маданий борборун» түзүшкөн. Борбордун негизги максаты кыргыз улуттук каада-салттарын, маданиятын, тилин сактап калуу жана башка улуттун өкүлдөрү менен тынчтыкта, достукта жашоо болуп эсептелет. Андан сырткары кыргыз айылдарында кыргыз мектептерин жана кыргыз класстарын түзүү болуп эсептелет[53].

Анжиян областынын Кожо-абад районунда 1995-жылы «Кыргыз улуттук маданий борборунун» жетекчиси Маматов Кадыржан төмөнкү баалуу баяндары менен Өзбекстандык кыргыздардын уруулук курамы жөнүндө маалыматтарды толуктады. Өзбекстанда жашаган кыргыздар бүгүнкү күндө экиге бөлүнүп калды: таза кыргыздар жана чала кыргыздар же аралаш кыргыздар. Кожо-абад районунда таза кыргыздар жашап, айылдары өз урууларынын аттары менен аталат. Мундуз, Канды, Ардай, Элчибек, Соколок, Мангыт, Теке, Кадаксын, Бостон, Нообек, Төөлөс[54]. Азыркы учурда Кожо-абад районунда кыргыздар көп жашаган эки кыргыз айыл бар. Ардай айылы жана Карнайчи айылы. Бул айылдарда этникалык кыргыздар компактуу түрдө жашагандыктан, кыргыз маданиятын, тилин, каада-салтын, үрп адаттарын сактап калган. Бул айылдардын мектептеринде да кыргыз класстар бар. Ардай айылында 3 миңге жакын калк жашайт. 70% ашыгын этникалык кыргыздар түзөт. Айылдын Ардай аталышы «Ордо» сөзүнөн келип чыккан. Ардай айылындагы этникалык кыргыздар илгертеден бери, бул айылда жашап келе жатат. Ардай айылы Ош облусунун Араван районуна чектешкен, чек

---

[51] Кожо-абад районунун өзбек тилиндеги админстративдик аталышы «ХЎЖАОБОД» району деп аталат. Тарыхый адабияттарда жана райондо жашаган кыргыздар «Кожо-абад» деп аташат. Бул магистрдик илимий эмгекте мындан кийин «Кожо-абад» району деп жазылат.

[52] «Андижон вилояти ҳокимлиги», Кожо-абад району, 20-октябрь, 2024, https://andijan.uz/towns_districts/xojaobod.

[53] Буркашев С. «Келечекке эмне калтырабыз,» Эркин-Тоо, 21- июль, 1992.

[54] Халматов К, «Өзбекстанда жашаган кыргыздар: этномаданий процесстер (XX – XXI к. башы), 51-б.

арадагы айыл[55]. Карнайчи айылынын Элчибек көчөсүндө этникалык кыргыздар жашайт. Кыргыздардын саны 700 дөн ашык. Элчибек көчөсүндөгү жашаган кыргыздар, Кокон хандыгынын мезгилинен бери, бул айылда жашап келе жатышат. Айыл мурда Элчибек айылы деп аталган. Совет мезгилинен мурда бул айылда жалаң гана кыргыздар жашаптыр. Кийинчерээк өзбектер көчүп келе башташкан. Азыркы учурда үч айылды бириктирип Карнайчи айылы түзүлгөн. Элчибек айылынын аталышы, элчибек көчөсү болуп калган[56]. Карнайчи жана Ардай айылдары чек арага жакын жайгашкандыктан бул айылдардардагы кыргыздар өздөрүнүн улуттук баалуулуктарын сактап калышкан. Жогоруда сөз болгон айылдардан сырткары, Кожо-абад районунда этникалык кыргыздар жашайт. Алардын көпчүлүгү Кыргызстанга көчүп өтүп кетишкен. Көчпөгөндөрү болсо, өзбек туугандар менен аралаш жашап, өзбек эли жуурлушуп кеткен.

Анжиян облусунун Мархамат районунун Кушчу, Акбаш жана Карабагыш айылдарында этникалык кыргыздар жашап келүүдө. Мархамат районунун башка айылдарында да этникалык кыргыздар бар. Бирок алардын саны азчылыкты түзөт. Кушчу, Акбаш жана Карабагыш айылдарында кыргыздардын саны көпчүлүктү түзөт. Мархамат району 1926- жыл 29- сентябрда түзүлгөн. Жер аянтынын өлчөмү 0,32 миң кв.км. Калкынын саны 133,4 миң киши. Мархамат району Ош облусунун Араван району менен чектешет[57]. Мархамат районундагы Кушчу айылында да этникалык кыргыздар жашайт. Кушчу айылынын тургуну Юлдашев Махамад айылы тууралуу төмөндөгүдөй маалыматтар менен бөлүштү. *«Кушчу айылында кыргыздын кушчу уруулары жашайт. Кушчу уруулары көп болгондуктан, айылдын аталышы Кушчу деп аталып калган. Айылдын расмий аталышы «Кутчи». Анжиянда жашаган этникалык кыргыздардын кушчу уруулары өздөрүн «кутчу», «кутчи» деп атап жүрүшөт. Негизи бул туура эмес аталыш. Кутчу эмес кушчу уруусу деп аташ керек. Өзбектер менен аралашып жашагандыктан «кушчу» сөзү «кутчи» деп аталып жатат. Биздин айыл илгери кутчу эмес, кушчу деп аталчу. Кушчу айылында 3 миңге жакын адам жашайт. Анын 85% ашыгы этникалык*

---

55 Курбонов Шерзод 1980- ж.т. Анжиян областы, Кожо-абад району, Ардай айылы.
56 Тойчубаева Айсулу Маматбековна 1971- ж.т. Андижан областы, Хожоабад району, Карнайчи айылы.
57 «Андижон вилояти ҳокимлиги», Мархамат району, 30-октябрь, 2024, https://andijan.uz/towns_districts/marhamat.

*кыргыздар түзөт»* - деп Юлдашев Махамад баалуу маалыматтар менен бөлүштү[58]. Талаа маалыматтарын чогултуу учурунда Анжиянда жашаган этникалык кыргыздардын кушчу уруулары өздөрүн «кутчу» же «кутчи» уруусунанбыз деп айтып жатышты. Кээ бир айылдардагы кушчу уруулары өздөрүн кутчу эмес, кушчу уруусунанбыз деп айтышат. Мархамат районундагы Кушчу айылынын мүрзөсү «Кушчу» деп аталып калыптыр. Айылдын документтеги аталышы «Кутчи» болуп өзгөрүлсө да, айылдын тургундары кушчу деп, өздөрүнүн нукуралыгын сактап калышыптыр. Ал эми Мархамат районундагы Акбаш айылында 2700 дөн ашык адам жашайт. Анын 80% кыргыздар түзөт. Акбаш айылындагы кыргыздар Кокон хандыгынын доорунда Ноокат районунан көчүп келишиптир[59].

Анжиян облусундагы кыргыздар жашаган райондордун бири Булакбашы[60] району. Булакбашы району Анжиян облусунун түштүгүндө жайгашкан. Булакбашы району 1992-жылы, 3- апрелде түзүлгөн. Булакбашы району түндүктөн жана чыгыштан Андижан жана Кожо-абад райондору, батыштан Асака жана Мархамат райондору, түштүктөн жана түштүк батышынан Кыргызыстандын Ош облусунун Араван району менен чектешет[61]. Булакбашы районунун Кашкар (айылдын мурдагы аталышы Пахтабад) айылында этникалык кыргыздар жашайт. Айылдагы этникалык кыргыздар 150 жылдан дан ашык убакыттан бери Кашкар айылында жашап келе жатышат. Кашкар айылында 2700 этникалык кыргыздар бар[62]. Булакбашы районундагы Бостон айылында этникалык кыргыздар жашайт. Бул айылда 200 дөн ашык кыргыз үй-бүлө жашайт[63].

Фергана өрөөнүнүн Өзбекстан бөлүгүнө карган Наманган облусунда этникалык кыргыздар жашайт. Наманган облусундагы этникалык кыргыздар илгертеден бери Наманган облусунда жашап келе жатат. Анжиян облусуна салыштырмалуу, Наманган облусунда этникалык кыргыздардын саны азчылыкты түзөт. Анжиян облусунда райондордо кыргыздардын саны көп жана өзүнчө кыргыз айылдары бар.

---

[58] Абдурахманов Махаммад Жиянбекович 1950- ж.т. Анжиян областы, Мархамат району, Кушчу айылы.

[59] Араббоев Султанбой 1950- ж.т. Анжиян областы, Мархамат району, Акбаш айылы.

[60] Булакбашы районунун өзбек тилиндеги админстративдик аталышы «Булокбоши» району деп аталат. Райондо жашаган кыргыздар «Булакбашы» деп аташат. Бул магистрдик илимий эмгекте мындан кийин «Булакбашы» району деп жазылат.

[61] «Андижон вилояти ҳокимлиги», Булакбашы району, 30- октябрь, 2024, https://andijan.uz/towns_districts/buloqboshi .

[62] Арзыгүл Усманалиева 1991- ж.т. Анжиян область, Булакбашы району, Кашкар айылы.

[63] Алимова Хонойим Мадаминовна 1978- ж.т. Анжиян область, Булакбашы району, Бостон айылы.

Ал айылдарда өзбек улутуна караганда этникалык кыргыздардын саны басымдуулук кылат. Ал эми Наманган облусунда кыргыздардын саны азчылыкты түзүп, кыргыздар чачыранды жашайт. Кыргыз айылдарын кездештирүү кыйын.

Наманган областы Фергана өрөөнүндө жайгашкан област. Өзбекстандагы эң жумшак климатка ээ. Жайында мелүүн ысык, кышкысын жылуу. Жеринин аянты 7,44 миң км.кв. Наманган областы Фергана өрөөнүндөгү калкынын саны боюнча экинчи орунда турат. Айыл чарбасында пахтачылык, багбанчылык, мал-чарбачылыгы жакшы өнүккөн. Намангандын аймагында Нарын менен Кара-дарыянын суулары кошулуп Сыр-дарыяны түзөт[64].

Наманган облусунда 1 шаар жана 13 район бар[65]. Наманган облусундагы Давлатабад, Чорток, Чуст жана Жаңы-коргон[66] райондорунда этникалык кыргыздар көп жашайт. Бул айылдардагы этникалык кыргыздар Намангандын башка райондоруна салыштырмалуу өздөрүнүн маданиятын, тилин сактап калышкан. Намангандын башка райондорундагы кыргыздар өзбектер менен жашап, алардын саны азчылыкты түзгөндүгүнө байланыштуу, ал райондордогу кыргыздар өзбектешип кеткен.




**Сүрөт 1.5.** Наманган областынын картасы. Булак: https://images.app.goo.gl/y4T6wZqoayn4UCPE6

[64] Тухлиев Н, А. Кременцова. Республика Узбекистан: Энциклопедический справочник. 112- б.

[65] «Наманган вилояти ҳокимлиги», 12- октябрь, 2024, https://gov.uz/uz/namangan/departments/regional?active=841 .

[66] Жаңы-коргон районунун өзбек тилиндеги админстративдик аталышы «Янгикўрғон» району деп аталат. Райондо жашаган кыргыздар «Жаңы-коргон» деп аташат. Бул магистрдик илимий эмгекте мындан кийин «Жаңы-коргон» району деп жазылат.

Наманган облусунун Давлотабад[67] районунун Елхон айылында кыргыздар жашайт. Давлотабад району 2020- жылдын 12- ноябрында түзүлгөн[68]. Елхон айылынын айыл өкмөт башчысы, айылы тууралуу төмөндөгүдөй маалымат берди: *«Мен, Кушманова Саодотхон 1978- жылы ушул Елхон айылында туулганмын. Ушул айылга келин болуп түшкөнмүн. Чоң ааларыбыздын айтуусуна караганда, биздин чоң аталарыбыз Жалал-абад облусунун Ала-бука районунан көчүп келишиптир. Болжолдуу 1850-жылдары көчүп келген экен. Анткени, менин чоң атам 1900-жылы ушул айылда туулган. Айылыбыздын Елхон деп аталып калышынын себеби, биздин ата-бабаларыбыз көчмөнчүлүк жашоо менен алектенген. Көчүп конуп жүргөндүктөн «Эл консун» деп, ушул айылда жашап калышыптыр. Элконсун деп аталып, кийинчерээк өзбекче «Елхон» деп айтылып, Елхон аталып калган. Негизи Елхон эмес «Элкон» деп айтылганы туура. 2024- жылдын 1- январына карата айылыбызда 3042 адам катталган. Анын 1900 этникалык кыргыздар түзөт. Калганы башка улуттун өкүлдөрү»*[69]. Елхон айылындагы этникалык кыргыздардын көпчүлүгү Кыргызстанга көчүп өтүшүптүр. Елхон айылы Наманган облусунун борборуна жакын жайгашкан. Тегерегиндеги айылдар бүт баары өзбек айылдар. Бирок ошентсе да, Елхон айылындагы кыргыздар кыргыз экенин унутпай, улутуң ким деп? суроо узатсаң, кыргызмын деп жооп берет.

Наманган облусунун Жаңы-коргон[70] районунда кыргыздар көп жашаган эки кыргыз айылы бар. Биринчиси: Моңол айылы, Экинчиси: Ноо айылы. Бул айылдарда этникалык кыргыздар көп жашагандыктан, Наманган облусунда жашаган этникалык кыргыздарга салыштырмалуу кыргыз тилин, маданиятын бекем сактап келишүүдө. Моңол жана Ноо айылдарында этникалык кыргыздар көп болгондуктан, бул айылдардын мектептери да кыргыз мектеп. Мектепте кыргыз жаштары, кыргыз тилинде билим алышат[71]. Наманган облусундагы этникалык кыргыздарды изилдөөдө Наманган мамлекеттик университетинин тарых бөлүмүнүн окутуучусу Кузикулов Икромжон Умаралиевич агайдын жардамы чоң болду. Кузикулов Икромжон агайдын улуту кыргыз жана Нов айылынын тургуну.

[67] «Давлатобод туман ҳокимлиги», 13- октябрь, 2024, https://www.davlatobod.uz/.
[68] «Ўзбекистон Республикаси вазирлар маҳкамасининг карори», 12- октябрь, 2024, https://lex.uz/docs/5096171.
[69] Кушманова Саодотхон Каримжановна 1978- ж.т. Наманган областы, Давлатобод району, Елхон айылы.
[70] «Янгикўргон тумани ҳокимлиги», 13- октябрь. 2024, https://yangikurgan.uz/.
[71] Хайдаров Курманбек. «Намангандагы кыргыз тилдүү мектептер,» Кут билим, 31- январь, 2025.

Икромжон агай Нов айылында бизди жакшы тосуп алып, үйүндө коноктоп, өзүнүн унаасы менен Намангандагы этникалык кыргыздар жашаган айылдарга алып барып, этникалык кыргыздар менен маектешүүгө шарт түзүп берип жатты. Агайдын кесиби тарыхчы болгондуктан, кыргыздарды терең изилдөөдө бизге чоң жардамы тийди. Агайдын меймандостугун, кичүү пейилдигин айтпай кетүүгө болбойт. Моңол айылындагы №35 орто мектептин директору Юнусов Баязбек Тиллабекович маектешүү учурунда Моңол айылы тууралуу төмөндөгүдөй маалымат берди: *«Айылыбызда кыргыздардын саны көпчүлүктү түзөт. Айылыбыздын «Моңол» деп аталып калышынын себеби, айылыбызда кыргыздын моңол уруулары көп. Ошондуктан «Моңол» айылы деп аталып калган. Илгери моңол уруусунан 4-5 үй-бүлө биринчи болуп, ушул айылга Кыргызстандын Аксы жана Ала-бука райондорунан көчүп келишкен экен. Мен, 1960- жыл 2- февральда ушул айылда төрөлгөнмүн. Менин чоң аталарым бул айылга Кыргызстандын Талас облусунан көчүп келишкен. Айылыбыздын 90% ашыгын этникалык кыргыздар түзөт»* - деп Юнусов Баязбек айылы тууралуу маалыматтар менен бөлүштү[72].

Жаңы-коргон районунундагы кыргыздар көп жашаган экинчи айыл, Ноо айылы. 2023- жылдагы эл каттоодо, Ноо айылында 2560 адам катталган. Анын ичинен 1820 этникалык кыргыздар, калганы өзбек улутунун өкүлдөрү. Ноо айылы экиге бөлүнөт. Биринчиси Ноо айылы, экинчиси ташдөбө айылы. Ноо айылында кыргыздар жашайт, ал эми Ташдөбө айылында өзбектер жашайт. Ноо айылындагы кыргыздар, Кыргызстандын Жалал-абад облусунан көчүп келишкен[73].

Наманган облусунун Чорток[74] районунда Саз-сай, Богистон айылдарында кыргыздар көп жашайт. Саз-сай айылында 615 үй-бүлө бар. Айылдын 60% этникалык кыргыздар түзөт. Айылдын Саз-сай деп аталып калышынын себеби, айылдан булак чыгып, саздуу жер болгондуктан Саз-сай деп аталып калган. Бул айылда өзбек-кыргыздар аралаш жашайт[75]. Ал эми Чорток районундагы Богистон айылы чоң айыл болуп, айылда 5 миң адам жашайт. Бул айылда кыргыздардын саны азчылыкты түзөт. Беш миң адамдын 750 сү этникалык кыргыздар. Богистон

---

[72] Юнусов Баязбек Тиллабекович 1960- ж.т. Наманган областы, Жаңы коргон району, Моңол айылы.
[73] Муминов Баходир Авазбекович 1971- ж.т. Наманган областы, Жаңы коргон району, Ноо айылы.
[74] «Чортоқ тумани ҳокимлиги», 13- октябрь, 2015, https://chortoq.uz/.
[75] Киргизов Зокиржон Пиланович 1965- ж.т. Наманган областы, Чуст району, Саз-сай айылы.

айылындагы кыргыздар Аксы районунун Авлетим деген жеринен көчүп келишиптир[76].

Наманган облусунун Чуст[77] районунунун Кара-коргон, Шербилак (Шорбулак) жана Дам айылдарында этникалык кыргыздар бар. Шербилак айылынын Сарвон көчөсүндө 98% кыргыздар жашайт. Шербилак айылындагы кыргыздардын саны 300. Айылда кыргыздардын саны аз. Өзбек улутундагы адамдар көп. Айыл негизи Шербилак эмес, Шорбулак деп аталчу экен. Документке Шерблиак деп жазылып калган[78]. Чуст районунун Дам айылында 20 кыргыз үй-бүлө бар. Дам айылында кыргыздардын саны аз. Дам айылындагы кыргыздар совет мезгилинин доорунда 1950-жылдары Ала-бука районунун Көк-серек айылынан көчүп келишкен[79]. Чуст районунун Кара-коргон айылында 2024- жылдын 1-январына карата 4413 адам катталган. Анын ичинен 625 этникалык кыргыздар, 1011 тажик улуту, 2777 өзбек улутунун өкүлдөрү жашайт. Кара-коргон айылында жашаган этникалык кыргыздар Ала-бука районунан көчүп келишкен[80].

Жогоруда Фергана өрөөнүнүн Өзбекстан мамлекетине караган Анжиян жана Наманган областтарында жашаган этникалык кыргыздардын админцтративдик жайгашуусу боюнча изилдөө жүргүзүлүп, маалыматтар берилди. Анжиян жана Наманган областтарында этникалык кыргыздар көп жашаган айылдар жана өзбектер менен чогуу жашаган этникалык кыргыздар тууралуу адабияттарга жана оозеки булактарга таянып изилдөө жүргүзүлдү. Шилтеме берилген ар бир маалымат берүүчү этникалык кыргыздар менен жүзмө жүз олтуруп, интервью методу аркылуу маалыматтар алынды. Анжиян областында этникалык кыргыздар көп жашаган 27 айылдан оозеки булактар чогултулду. Ал эми Наманган областында этникалык кыргыздар көп жашаган 8 айылдан оозеки булактар жыйналды. Изилдөөнүн жыйынтыгында 35 айылдан маалыматтар чогултулуп, изилдөөгө 64 респондент катышты. Жыйынтыктап айтканда Анжиян жана Наманган областтарында жашаган этникалык кыргыздардын айылдары бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган. Этникалык кыргыздар компактуу түрдө Анжиян

[76] Чолпонкулова Алымкан Шодибековна 1964- ж.т. Наманган областы, Чорток району, Богистон айылы.
[77] «Чуст тумани ҳокимлиги», 13- октябрь, 2015, https://chust.uz/.
[78] Шоккасов Мамат Коракойчиев 1964- ж.т. Наманган областы, Чуст району, Шербилак айылы.
[79] Эргашев Нурдинбой Чотбаевич 1965- ж.т. Наманган областы, Чуст району, Дам айылы.
[80] Жуманазарова Заманжон Машрабаевич 1964- ж.т. Наманган областы, Чуст району, Кара-коргон айылы.

жана Наманган областтарында жашап келүүдө. Азыркы учурда кыргыз айылдарынын кыргызча аталыштары өзгөрүп, өзбекче аталыштар менен аталып келе жатат. Кээ бирки айылдардагы кыргыздар, айылынын кыргызча аталыштарын сактап калган.

## 1.2. Ферганалык кыргыздардын уруулук түзүлүшү

Акыркы мезгилде Фергана кыргыздардын мекениби, кыргыздар байыркы түрк элдеринин бири катары бул өрөөндө кайсы мезгилден тартып жашап калган деген сыяктуу суроолор көп коюлуп келе жатат. Эгер кыргыздардын келип чыгышындагы сак-усун теориясын көңүлгө алсак, анда кыргыздар Фергана өрөөнүндө биздин заманга чейинки I миң жылдыктын 2- жарымынан тартып жашашы мүмкүн. Монгол баскынынан кийинчерээк Ферганага легендарлуу Долон бийдин баласы Ак уул менен анын небереси Отуз уулдун айылдары отурукташа баштаганга чейин эле мында кыргыздардын жашашы толук мүмкүн болгон[81].

Өзбекстандын Фергана, Анжиян, Наманган облустарында этникалык кыргыздар жашайт. Андан сырткары Ташкент, Бухара, Самарканд облустарында да кыргыздар бар. Өзбекстанда жашаган кыргыздар этникалык составы боюнча негизинен ичкиликтер тобуна кошулуп, айрым жерлердегиси өзүлөрүн «отуз уулдар» деп эсептешип, негизинен Кыргызстандын түштүк райондорундагы жашаган бөлүгүнүн бир тармагын түзүшөт. Алардын бул жерлерге барышы XVII-XVIII кылымдардагы жунгарлардын чабуулунан улам өз жерлеринен сүрүлүп чыккан деген пикир бар[82]. Талаа маалыматтарын чогултуп, изилдөөдө Фергана өрөөнүнүн Өзбекстанга караган Анжиян, Наманган облустарында жашаган кыргыздардын ичкилик уруусунан сырткары, оң жана сол канаттарына кирген уруулары бар экендиги аныкталды. Кыргыздын оң, сол жана ичкилик урууларына кирген уруулар азыркы учурда да Анжиян, Наманган облустарында жашап келүүдө.

1953-1954- жылдарда «Түштүк кыргыз этнографиялык отряддары» ошол мезгилдеги Жалал-абад областынын бардык райондорунда, Ош областынын 17 райондорунда жашаган кыргыздардын уруулук түзүлүшү жана ошол мезгилдеги

[81] Кененсариев Т, Кокон хандыгы (Кыргызстандын материалдарында). (Бишкек: Maxprint басмасы, 2022), 51-52-б.

[82] Маанаев Э.Ж. Кыргызстандан сырткары жашаган кыргыздардын тарыхынан. (Фрунзе: «Кыргызстан» басмасы, 1969)». 31-б.

Өзбек ССРинин Фергана, Анжиян областарында жашаган кыргыздардын революцияга чейинки мезгилдердеги таралышын кеңири изилдөөгө алышкан.

Фергана өрөөнүнүн Өзбекстанга караштуу бөлүгүндө жайгашкан Анжиян, Наманган, Фергана облустарынын админстративдик-аймактык курамдарына кирген кыргыздар жана алардын уруулук курамдарына кирген кыргыздар жана алардын уруулук курамы жөнүндө маалыматтарга токтолсок: Анжиян облусунун аймагында кыргыздын кыпчак, канды, бостон, мундуз, кыдырша, найман, кара багыш, мунгуш, бөрү, баргы, тейит, төбөй, кытай, багыш урууларынын өкүлдөрү мекендешет. Аты аталган уруулар кыргыздын ичкилик, оң жана сол канаттарына киришет[83]. Талаа маалыматтарын чогултууда Анжиян облусунда жогоруда аты аталган уруулардан сырткары кыргыздын адигине, чоң багыш, кушчу, сарт, калмак, кесек, төөлөс, ават, мөнөк, ардай, жору, соколок, чоңко уруулары бар экендиги аныкталды.

Анжиян облусунун Ханабад шаарындагы кыргыздар жашаган Кыдырша айылында төөлөс, кесек, канды, бостон, тейит, кыпчак жана кыдырша уруулары жашайт[84]. Кыдырша айылынын басымдуу бөлүгүн кыдырыша уруулары түзөт. Ошондуктан айылдын аталышы Кыдырша деп аталып калган. Кыдырша уруусу да өз ичинен беш топко бөлүнүп кетет. Алар: Балыкчы, кедей, курмушу, сүйүш, бешкалтак болуп, беш топко бөлүнөт[85].




[83] Маанаев Э.Ж, Каратаев О.К, Кыргыз элинин этникалык өнүгүүсү, (Бишкек: 2003), 229-б.
[84] Хайдаров К, «Анжыян облусундагы Кыдырша айылы,» Кыргыз Туусу, 7- февраль, 2025.
[85] Буранов Эргаш Ниязбекович 1948- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Кыдырша айылы.

**Схема. 1.1.** Кыдырша айылындагы кыдырша уруусунун топторго бөлүнүшү. Булак: Автордун талаа дептери.

Кыдырша ичкиликтер уруулук тобундагы байыркы ири уруулардын бири. Кыдыршалар Булгаачылар уруулук тобунда Сейф ад-Дин Аксикендинин «Мажму ат-Таварихинде» эскерилет. Этнонимдин параллелдери кыргыздын кесек уруусунда жана ферганалык кыпчактардын курамында бар. Кыдыршалар кыргыздын эл болуп түптөлүшүндө орчундуу роль ойногон уруулардын бири. Элдик уламыштардын маалыматтарына караганда, кыдыршалыктар кыргыз-кыпчак тектүү уруулардан болору баяндалат. Өзбекстандын Анжиян облусунун аймагында Кыдырша этнотопоними бар экендиги маалым[86]. Кыдырша айылында 10 үй-бүлө кесек уруулары бар. Винниковдун эмгегинде Айым жана Коргон-Төбө райондорунда кесек уруулары жашагандыгы жазылган[87].

Ал эми Ханабад шаарындагы кыргыздар жашаган Тейит айылында, карабагыш, кытай, бостон, найман, жору, тейит уруулары жашайт. Бул айылда Тейит уруулары көпчүлүктү түзөт. Ошол себептен айылдын аталышы Тейит деп аталып калган. Тейит айылындагы тейит уруулары өз ичинен: Айтемир, акчал, арык тейит болуп, үч топко бөлүнөт[88].




**Схема. 1.2.** Тейит айылындагы тейит уруусунун топторго бөлүнүшү. Булак: Автордун талаа дептери.

[86] Каратаев О.К, Эралиев С.Н, Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк (Бишкек: Бийиктик басмасы, 2005), 272-73-б.
[87]Винников Я.Р. Родо-племенной состав и расселение киргизов на территории Южной Киргизии / Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции. (Москва: 1956), 169-б.
[88] Даткабаев Жамалидин 1949- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Тейит айылы.

Нурбек Турандын китебинде Ханабад шаарында жашаган тейит урууларынын санжырасы тууралуу эсекерилет[89]. Тейит - ичкиликтер (Булгачылар) уруулук тобундагы ири уруулардын бири. Уруунун тегинин байыркылыгын анын курамындагы түрк-огуз, кыпчак жана башка этнокомпоненттер аныктайт. Мисалы, геклең, текрен, кызыл баш, эрсары жана башка ушулар сяктуу. Мындан сырткары, бул уруунун ичинде эне-сайлык кыргыздарда, Борбордук Азиянын башка түрк-монгол элдеринде учураган этнокомпоненттер кездешет. Кыргызстанда тейит уруусунун өкүлдөрү Лейлек, Баткен, Ноокат, Сузак, Өзгөн райондорунун аймактарында жашашат. Тейиттердин бир бөлүгү Афган жеринде, Түркияда, Тажикстан (Жерге-Тал, Нау, Пролетар, Мургаб), Өзбекстандын (Жизак, Сырдарыя, Ташкент облустары) айрым аймактарын эзелтеден байырлап келишет. Тейиттер кыргыз этносунун пайдубалын курууда негизги роль ойногон уруулардын бири[90]. Ханабад шаарындагы Тейит айылында кыргыздын кытай урусунан 2 үй-бүлө бар. Жору, найман, бостон уруулары да азчылыкты түзөт. Ханабад шаарында кыргыздын карабагыш уруулары совет доорунда көп болгон. Ханабад шаарына Кемпир-абад суу сактагычы курулгандан кийин, карабагыш уруулары ар кайсыл жакка жер которушкан. Көпчүлүгү Кыргызстанга көчүп өтүшкөн. Азыркы учурда Ханабад шаарында калган карабагыш уруулары Тейит айылында 10 го жакын үй-бүлө бар. Ханабад шаарынын аймактарында карабагыш уруулары өзбектер менен аралаш жашашат[91]. Карабагыш уруусу, оң канаттагы адигине уруулук тобунун курамындагы теги байыркы уруу. Карабагыш өз алдынча уруу катары Сейф ад-дин Аксыкендинин «мажму ат-Таварихинде» эскерилет. Адигине, Мунгуш, Тагай баатыр менен бирге Отуз уулдун балдары катары чагылдырылыат. Бул уруунун өкүлдөрү Кара кулжа, Өзгөн, Сузак, Өзбекстандын Ханабад райондорунун аймактарын байырлашат[92]. Карабагыш уруулары Ханабад шаарынын жанынан өткөн Кара-дарыянын жээктеринде жашап, Ханабад шаарында илгертеден бери жашап келишкен[93].

Реми Дордун пикиринде Алайда жашаган тейиттер биринчилерден болуп Ооганстанга, азыркы Өзбекстандын өрөөндөрүнө жакшы жайыттарды ээлөө

[89] Нурбек Т, Тейит: санжыра жана тарых. (Бишкек: «Турар» басмасы, 2013), 303-б.
[90] Каратаев О.К, Эралиев С.Н, Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк, 432-б.
[91] Даткабаев Жамалидин 1949- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Тейит айылы.
[92] Каратаев О.К, Эралиев С.Н, Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. 216-б.
[93] Абдыракманов С. Карабагыштар: Санжыра (Бишкек: Турар басмасы, 2018), 61-б.

максатында XVIII кылымда көчүп келишкен. XIX кылымдын башында Кокон хандыгынын түзүлүшүнө байланыштуу кесек уруусу жер которгон. Мындан тышкары анын оюу боюнча Кокон хандыгынын эзүүсү кылымдардан бери жашап келаткан кыргыз урууларын Ооганстанга чейин көчүп кетүүгө мажбур кылган.[94] Винниковдун эмгегинде тейит уруулары Варашилов (Азыркы Коргон-төбө) районунун Кыдырша, Карабагыш (Тейит айылы), Султанабад айылдарында жашагандыгы тууралуу маалымат берген[95]. Ханабад шаарындагы Кыдырша жана Тейит айылдарынан сырткары башка айылдарда да кыргыздын ичкилик уруулары жашайт. Ал айылдарда кыргыздардын саны аз.

Анжиян облусунун Коргон-Төбө районунунда кыргыздын ичкилик уруулары көп. Ичкилик кыргыздардын ичинен кыпчак уруусу көп. Тарыхчы Каратаев Фергана өрөөнүнүн Өзбекстан тарабында жашаган кыргыздын кыпчак урууларын төмөндөгүдөй топторго бөлөт:[96]




**Схема. 1.3.** Фергана өрөөнүнүн Өзбекстанга караган бөлүгүндөгү кыргыздын кыпчак уруусунун бөлүнүшү. Булак: Каратаев О.К. Кыргыздардын теги, таралуу ареалы этностук-маданий алакалары. (2013). 198-б.

Анжиян облусунун Коргон-төбө жана Жалакудук районунда кыргыздын кыпчак уруулары көпчүлүктү түзөт. Кыпчак уруулары жашаган айылдар бар. Виников

94 Халматов К. Өзбекстанда жашаган кыргыздардын уруулук курамы. 88-б.
95 Винников Я.Р. Родо-племенной состав и расселение киргизов на территории Южной Киргизии / Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции, 165-б.
96 Каратаев О.К. Кыргыздардын теги, таралуу ареалы этностук-маданий алакалары, 198-б.

Я.Р.[97] Анжиян облусунун Кызыл-токой, Дыйканчек, Фазылман, Коштепе, Ходжашукур, Кампырават, Абдуллабий айылдарында кыргыздын кыпчак уруулары бар экендиги жөнүндө маалымат берет. Жогоруда аты аталган айылдардын аталыштары азыркы учурда өзгөрүлүп кеткен. Бул магистрдик илимий эмгекте, аталыштары өзгөргөн айылдар тууралуу да маалыматтарды жаздык. Коргон-төбө районунун Эшенабад (Токтогул) айылында кыпчак уруулары жашайт. Эшенабад (Токтогул) айылынын тургуну Жоошбаев Сыдыктын[98] берген маалыматына таяна турган болсок, Коргон-төбө районунда жашаган кыпчак уруулары тогуз топко бөлүнөт:




**Схема. 1.4.** Анжиян областы, Коргон-төбө районундагы кыргыздын кыпчак уруусунун топторго бөлүнүшү. Булак: Автордун талаа дептери.

Коргон-төбө районунун Сүткөн айылында бостон, ават, кыпчак уруулары жашайт. Сүткөн айылында Кыпчак уруусунун кармыш жана шерден топтору жашашат[99]. Сүткөн айылына жакын жайгашкан Алтын-Сай айылында кыргыздын кыпчак, бостон, ават уруулары бар. Бул айылда кыпчак уруулары көп. Алтын-сай айылында

---

[97] Винников Я.Р. Родо-племенной состав и расселение киргизов на территории Южной Киргизии / Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции, 59-б.
[98] Жоошбаев Сыдык Эшбаевич 1959- ж.т. Анжиян областы, Коргон-Төбө району, Эшенабад айылы.
[99] Эргашева Карияхон Умурзаковна 1959- ж.т. Анжиян областы, Коргон-Төбө району, Сүткөн айылы.

кыпчак уруусунун омонок жана кармыш топтору жашайт[100]. Ават кыргыздардын ичкилик уруу бирикмесиндеги ири уруулардын бири. Санжыралык маалыматтарда ават уруусунун түпкү теги жөнүндө айтылбастан, тек гана ичкилик урууларынын бири экендиги көрсөтүлөт. Кыргыз уруулары жөнүндө баяндаган XVI кылымга таандык жазма булак «Мажму ат-Таварихте» ичкилик урууларынын катарында Ават уруусу аталган эмес. XVI кылымдан кийинки мезгилде гана кошулгандыгын айтса болот. Ават уруулары негизинен Баткен облусу жана Жалал-абад облусунда жашашат. Мындан тышкары Өзбекстан жана Тажикстандын айрым жерлеринде жашашат[101]. Бостон ичкилик уруулук тобундагы эң ири уруулардын бири. Этнонимдин паралеллдери кара багыш, саруу, черик урууларынын курамдарында урук аталыштары белгилүү. Кыргыздар жөнүндөгү орто кылымдардагы баалуу маалымат болгон Сайф ад-Дин Аксыкендинин «Мажму ат-Таварихинде» Салус бек Булгачыдан тараган кыргыз уруусу катары чагылдырылат. Уруунун тегинин байыркылыгын анын курамындагы ыждар, сазан, жиңдөө, чаманай, гөдөк ж.б урук аттары айгинелейт. Этноним «мөмө багы», «бакча» деген маанини билдирет. Элдик этимологияда «боз тон» деп да чечмеленип жүрүшөт. Мындан сырткары, «бостон» орто кылымдардагы кыпчак (Дешт и-Кыпчак түрк уруулары) урууларынын курамынан да эскерилет. Бостондор Ош, Баткен облустарынын аймактарын, Жалал-абаттын кээ бир жерлерин байырлашат. Бул уруунун өкүлдөрүнүн айрым бөлүктөрү азыркы Өзбекстан (Вуадил, Айым, Коргонтөбө), Тажикстан (Жергетал, Мургаб райондору) аймактарын мекендеп келишери маалым[102].

Коргон-төбө районунун Эшенабад (Токтогул) айылында кыпчак уруулары жашайт. Бул айылда жогоруда көрсөтүлгөн кыпчак урууларынын баары жашайт[103]. Эшенабад айылына жакын жайгашкан Намуна айылында да кыргыздын ичкилик уруусунун кыпчак уруулары жашайт[104]. Коргон-төбө районундагы Жартыбаш жана

---

[100] Жумабаев Орозаалы Ташболотович 1955- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Алтынсай айылы.
[101] Асанов Ү.А. «Кыргызстан». Улуттук энциклопедия: 1-том (Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы, 2014), 59-60-б.
[102] Каратаев О.К., Эралиев С.Н., Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. 110-б.
[103] Жоошбаев Сыдык Эшбаевич 1959- ж.т. Анжиян областы, Коргон-Төбө району, Эшенабад айылы.
[104] Усканов Жунус Кадыркулович 1952- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Намуна айылы.

Кызыл-Токой айылдарында да кыпчак уруулары жашайт[105]. Бул айылдарда да жогоруда көрсөтүлгөн кыпчак урууларынын бардык топтору жашайт.

Коргон-төбө районундагы Зарбулак айылында канды жана тейит уруулары жашайт. Айылдын басымдуу бөлүгүн кыргыздын канды уруулары түзөт. Канды уруусунун Чырак тамга уруктары бар[106]. Каратаев жана Кадыровдун илимий макаласында канды уруулары Коргон-Төбө, Жалакудук, Кожо-абад, Фергана, Кува райондорунда жашайт деп көрсөтүлгөн[107]. Виников Я.Р. эмгегинде канды уруулары Айым районунун Мукур, Канды, Чырак тамга айылдарында жашайт деп эскерилет[108]. Азыркы учурда Мукур, Канды, Чирак-Тамга айылдары админстративдик жактан Анжиян облусунун Коргон-төбө районуна карайт. Зарбулак айылына жакын жайгашкан Дардоктепа айылында кыдырша, төөлөс, тейит, канды, кыпчак, мундуз уруулары жашайт. Дардоктепа айылында кыдырша уруулары басымдуулук кылат[109]. Коргон-төбө районунун Найнаво (Кыдырша) айылында кыргыздын кыдырша, карабагыш, төөлөс, тейит уруулары жашайт. Айылдын мурдагы аты Кыдырша. Азыркы учурда бул айыл Найнаво айылы деп аталат. Найнаво айылында кыргыздын кыдырша уруулары басымдуулук кылат[110].

Анжиян облусунун Жалакудук районунун Көтөрмө айылында мундуз, соколок, чоңко уруулары жашайт. Айылдын басымдуу бөлүгүн мундуз уруулары түзөт. Көтөрмө айылындагы мундуз уруулары төмөндөгүдөй топторго бөлүнөт:[111]

---

[105] Бекташев Мадаминбек Урбайович 1958- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Кызыл-Токой айылы.
[106] Турдубаев Нурмамат 1955- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Зарбулак айылы.
[107] Каратаев О.К, Кадыров Т.Д, «Кыргызы Узбекистана (Ферганская долина): их локализация и родоплеменной состав в конце XX века, 76- б.
[108] Винников Я.Р. Родо-племенной состав и расселение киргизов на территории Южной Киргизии / Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции, 161- б.
[109] Ашуров Нуридин Абдулахатович 1958- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Дардактепа айылы.
[110] Орунбоев Мамыр Зулунович 1953- ж.т. Анжиян областы, Коргон-Төбө району, Найнаво айылы.
[111] Маликов Мухаммад Али 1952- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Көтөрмө айылы.




**Схема. 1.5.** Анжиян областы, Жалакудук районундагы мундуз уруусунун топторго бөлүнүшү. Булак: Автордун талаа дептеринен.

Мундуз уруулары Анжиян областынын Жалакудук, Коргон- Төбө райондорунда жашайт[112]. Мундуз уруулары бул эки райондон сырткары Анжиян областынын бардык аймактарында жашап келүүдө. Мундуздар байыркы кыргыз элинин пайдабалын түзгөн уруулардын бири. Ошого карабастан жазма булактарга караганда алар саясий тарыхта өзүлөрүнүн изин калтырышкан эмес. Бул алардын жетекчилери кыргыз каганатынын мезгилинде жана андан соң, борбордон четке умтулган күчтөргө кошулушпаса керек. Болжолу мундуздар кыргыздардын башкаруучу топтору, элиталары менен ынтымакта болушкан. Алардын батышка ат башын буруусу Байыркы кыргыз каганатынын уйгурларды сүрүп жана алардын артынан Чыгыш Теңир-Тоого келиши божомолдонот[113]. Мундуз, кыргыз аялынан төрөлгөн биринчи тун баласы Зулумга, Саяк Түнкатардын кызы Сайкал дегенди аялдыкка алып берет. Мындан бир бала төрөлөт, атын Каба деп коет. Каба чоңойуп, жигит болгондо үйлөнүп, Атахан, Акман, дашман деген үч уулду болот. Булар жакшы тарбияда болушуп, эл ичинде кадыр – баркка ээ болгон кишилер экен. Мына ошондуктан булардын атында айтылып калган Базар-коргондо Акмандын атында жер, Дашмандын атында токойдо жайлоолор бар. Атахандан Карабаатыр,

[112] Халматов. К.А, Өзбекстанда жашаган кыргыздар, 44-б.
[113] Аттакуров С. Кыргыз санжырасы (Бишкек: Кыргызстан басмаканасы, 1995), 166-б.

Таталай баатыр, Жалалбай деген үч уул болгон. Жалалбайдын тукуму Анжиян обласынын ичинде жайгашкан. Бул киши өтө ак ниет, кол өнөрү күчтүү эмгекчи дыйкан болуптур. Элдин собуна калып, суусуз жерге арык каздырып суу чыгарып, чөл жерлерге кудук каздырып, элди суу менен камсыз кылган адам экен. Мына ушуга байланыштуу, Анжиян адырларын жайлап жүргөн эл «малыбызды Жалалдын кудугунан сугарабыз» деп айтып калышыптыр. Ушул себептен Өзбекстанда ошол кишинин (Жалалдын) атынан Жалакудук району аталып калган[114].

Анжиян областынын Жалакудук жана Кожо-абад райондорунда жору уруулары көпчүлүктү түзөт. Сабыр Аттокуров жору уруулары Адигинеден тараган деп маалымат берет. Адигине уруусу 14 уруктан турган. Алар: Бөрү, Баргы, Олжоке, Тауке, Карабаргы, Сарыбаргы, Таздар, Көкчө, Элчибек, Сарттар, Савай, Жоро, Ардай, Монок[115]. Ал эми Сыдыков Осмонаалы Адигине уруусун 10 урукка бөлгөн. Алар: Сатар, Баркы, Бөрү, Көкчө, Олжоке, Тооке, Сабай, Жору, Ардай, Муң[116]. Жору тукумдары Өзбекстандын Кожо-абад районунда Элчибектер, Жалакудук районунда Кадаксын жору уруктары жашашат. Өзбекстандын жору урктары «ата-бабамдын журтун эч кимге бербейм» - дешип, азыркы мезгилде Өзбекстандын Анжиян, Фергана облустарында жашашат[117].

Анжиян облусунун Жалакудук районунун Хамза (Кадаксын) айылында кыргыздын жору, кыпчак уруулары жашайт. Хамза айылынын басымдуу бөлүгүн жору уруулары түзөт. Бул айылда жору уруусунун ай жору жана ача жору топтору жашайт. Хамза (Кадаксын) айылынын тургуну Райымкулов Турсуналы Жалакудук районунда жашаган жору уруулары төмөндөгүдөй топторго бөлүнөт деп маалымат берди:[118]

---

[114] Төрөкан уулу Э, Сол канат кыргыз (Бишкек: Көкө-Теңир басмаканасы, 1995), 80-б.
[115] Аттакуров С. Кыргыз санжырасы, 67-б.
[116] Сыдыков О. Тарих кыргыз Шадмания: Кыргыз санжырасы (Фрунзе: Кыргызстан басмаканасы, 1990), 28-б.
[117] Эргешов Т, Кыргыздын Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасы (Бишкек: «Учкун» басмасы, 2016), 18-б.
[118] Райымкулов Турсунаалы Паттиевич 1949- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Хамза айылы.




**Схема. 1.6.** Анжиян областы, Жалакудук районундагы жору уруусунун топторго бөлүнүшү. Булак: Автордун талаа дептеринен.

Жалакудук районунда жашаган этникалык кыргыздар менен жолугушуу учурунда жору урууларынын жогоруда көрсөтүлгөндөй төрт топко бөлүнөөрү аныкталды. Жалакудук районунундагы Кутлук (пахтфронт) айылында жору уруулары жашайт. Жору уруусунун ай жору жана кара кунас уруктары жашайт. Бул айылда жору уруусунун кара кунас урктары басымдуулук кылат. Кара кунас уруктары да төмөндөгүдөй топторго бөлүнөт:[119]




**Схема. 1.7.** Анжиян областы, Жалакудук районуна караштуу Кутлук айылындагы жору уруусунун топторго бөлүнүшү. Булак: Автордун талаа дептери.

[119] Атаханов Чорас Дадажанович 1975- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Кутлук айылы.

Кутлук айылынын жогору жагында Галаба айылы жайгашкан. Галаба айылынын мурдагы аталышы Күнчуак деп аталган. Азыркы учурда да айылда жашаган кыргыздар айылын Күнчуак деп аташат. Галаба айылында кыргыздын жору уруулары жашайт. Жору урууларынын ай жору, пакал жору жана ача жору уруктары жашайт[120]. Жалакудук районунун Ак эчки айылында мундуз, тейит, төөлөс уруулары жашайт. Ак эчки айылында төөлөс уруулары көп. Жалакудук районунда жашаган төөлөс уруулары, өздөрүн туялас деп да аташат. Райондогу этникалык кыргыздар өзбектешип бара жаткандыктан, төөлөс аталышы өзбек тилине бурмаланып, туялас деп айтылат[121]. Ак эчки айылына жакын жайгашкан Карагул айылында жору, мундуз, тейит уруулары жашайт. Жору урууларынын ичинен ай жору жана ача жору уруулары жашашат[122].

Жалакудук районундагы кыргыздар көп жашаган айыл Абдуллабий айылы. Совет доорунда жана ага чейин айылдын аталышы Абдуллабий деп аталган. Азыркы учурда Абдуллабий айылында төрт айылга бөлүнүп кеткен. Алар: Каламбек, Ибрат, Ахунбабаев жана Абдуллабий айылдары. Абдуллабий жана Ибрат айылында негизинен кыпчак уруулары жашайт[123]. Каламбек айылында кыпчак жана нойгут уруулары бар[124]. Ахунбабаев айылында болсо кыргыздын бостон, кыпчак, мундуз, моңол, канды уруулары жашайт. Ахунбабаев айылында жашаган кыргыздын кыпчак уруулары төмөндөгүдөй уруктарга бөлүнөт[125]:




[120] Сахибов Нурали Умарович 1958- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Галаба айылы.
[121] Маткобилова Анархан 1935- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Бостон айылы.
[122] Юлдашев Пулатжон Мусаевич 1958- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Карагул айылы.
[123] Насиров Обиджон Хамидович 1960- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Абдуллабий айылы. Анжиян кыргыз коомунун башчысы.
[124] Мырзаев Орозалы 1958- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Каламбек айылы.
[125] Мадбаева Данахан Мамадалиевна 1968- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Ахунбабаев айылы.

**Схема. 1.8.** Анжиян областы, Жалакудук районуна караштуу Ахунбабаев айылындагы кыргыздын кыпчак уруусунун топторго бөлүнүшү. Булак: Автордун талаа дептери.

Анжиян облусунун Кожо-абад районунун Ардай айылында кушчу, карабагыш, сарт, калмак, бөрү уруулары бар. Ардай айылында кушчу уруулары басымдуулук кылат[126]. Кушчу уруусу – сол канаттагы ири уруу. Айрым учурларда «кутчу» уруусу деп да айтылып жүрөт. Алгач ирет азык уруусу менен бирге, Нушиби деген аймагына киргендиги кытай жыл баяндарында эскерилет. VI-VII кк. кушчулар Орто Азияны каратып алган алган көчмөн түрк тилдүү уруулардын курамында болушканы белгилүү. В.В. Радлов: «Кыргыздын кутчу (кушчу) уруусу Теңир-Тоолук кыргыздар менен Эне-сай өрөөнүн этностук байланышын аныктайт» - деген жүйөөлү пикирин айткан. Кушчу уруусу XVII-XVIII кк. Чыгыш Түркстандын саясий турмушунда өтө активдүү катышканы маалым.[127] Кожо-абад районунун Карнайчи (Элчибек) айылында жору уруулары жашайт. Жору уруусунун ай жору жана ача жору уруктары бар. Карнайчи айылынын тургуну Арапов Ашырбектин маалыматтарына таяна турган болсок, Кожо-абад районунда төөлөс, бостон, жору, кыдырша, тейит, кыпчак, адигине уруулары бар экендиги жөнүндө маалымат берди[128].

Анжиян облусунун Мархамат районуна караштуу Акбаш айылында найман уруулары жашайт. Акбаш айылынын тургуну Арабоев Султанбай менен маектешүү учурунда Акбаш айылында жашаган найман урууларын төмөндөгүдөй топторго бөлүнөөрү тууралуу маалымат берди:[129]

[126] Пулатов Рахим Ортикович 1962- ж.т. Анжиян областы, Кожо-абад району, Ардай айылы.
[127] Каратаев О.К., Эралиев С.Н., Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. 271-272-б.
[128] Арапов Ашырбек Кылычевич 1957- ж.т. Хожоабад району, Элчибек айылы.
[129] Араббоев Султанбой 1950- ж.т. Анжиян областы, Мархамат району, Акбаш айылы.




**Схема. 1.9.** Анжиян областы, Мархамат районуна караштуу Акбаш айылындагы найман уруусунун топторго бөлүнүшү. Булак: Автордун талаа дептери.

Анжиян областынын Мархамат районуна караштуу Кушчу айылында баргы, кыпчак жана кушчу аруулары жашайт. Кушчу айылынын басымдуу бөлүгүн кушчу уруулары түзөт. Кушчу айылынын тургуну Абдурахманов Махаммад Мархамат районунда жашаган кыргыз уруулары төмөндөгүдөй маалымат берди: *«Мархамат районунда кыргыздын тейит, кушчу, тулга, найман, багыш, чоң багыш, кыпчак, бостон, карабагыш уруулары бар. Районубузда кыргыздар көп жашаган эки гана кыргыз айылы калды. Алар Акбаш жана Кушчу айылы. Калган айылдарда кыргыздардын саны азайып кетти. Көпчүлүгү Кыргызстанга көчүп өтүп кетишти. Көчпөгөндөр бул жакта жашап жатабыз»*[130].

Анжиян облусунун Булакбашы районунун Кашкар айылында кыргыздын мөнөк жана ардай уруулары жашайт[131]. Ардай жана мөнөк уруулары Адигине уруусунан тараган[132]. Булакбашы районундагы Бостон айылынын тургуну Алимова Хонойим айылындагы уруулар тууралуу төмөндөгүдөй маалымат берди: *«Бостон айылыбызда кыргыздын тейит, кесек, тарык тешер, башбагар, жана балка уруулары жашайт. Тарык тешер, башбагар жана балка уруулары кыргыздын*

[130] Абдурахманов Махаммад Жиянбекович 1950- ж.т. Анжиян областы, Мархамат району.
[131] Усманалиева Арзыгүл 1991- ж.т. Анжиян областы, Булак-башы району, Кашкар айылы
[132] Аттакуров С, Кыргыз санжырасы. 67-б.

*кайсыл урууларына кирерин билбейт экенмин. Ал уруудагы адамдардын өздөрүнөн сурасак да, билбейбиз деп айтышат»* - деп маалымат берди Алимова Хонойим[133].

Фергана өрөөнүнүн Өзбекстанга караган Наманган областында: саруу, кушчу, моңолдор, саяк, сарттар, багыш, мундуз, кыпчак жана башка уруулардын өкүлдөрү байырлашат[134]. Талаа маалыматтарын чогултууда жогоруда аталган уруулардан сырткары черик, кытай, канды, калмак урулары бар экендиги аныкталды. Наманган облусунун Жаңы коргон районуна караштуу Моңол айылында кыргыз уруулары жашап келүүдө. Моңол айылында саруу, кытай, моңол уруулары бар. Айылдын басымдуу бөлүгүн моңол уруулары түзөт. Моңолдор да өз ичинен экиге бөлүнөт:[135]




**Схема. 1.10.** Наманган областы, Жаңы-коргон районуна караштуу Моңол айылындагы моңол уруусунун топторго бөлүнүшү. Булак: Автордун талаа дептери.

Моңолдордун келип чыгышы боюнча О. Сыдыков төмөндөгүдөй кабар берген. «Моңолдор деген сөздүн ичинде «О» арибин «алифке» айландырып, «маңгол» деп жазылып кетти. Жөнөкөй элдин тилинде кыскарып моңолдор деп кетти. Илгери Көкө, Тахир деген эки уул Түркстандын Ак-Дөбө деген жеринен качып келди. Алардын атасы кылыч хан деген болуптур. Ал кезде Адигине Тагай Оштун үстү жагындагы Керме-Тоо, Сары-белде турушкан. Хандын баласы болгон үчүн Көкөнү Адигине, Тагай Наал деген эжесине үйлөнтөт. Тахир Көкөгө тарынса керек, Жалайыр деген казак ичине барып турду. Наал эже дагы бир бала төрөгөн эле.

[133]Алимова Хонойим Мадаминовна 1978- ж.т. Анжиян область, Булакбашы району, Бостон айылы.
[134] Маанаев Э.Ж, Каратаев О.К, Кыргыз элинин этникалык өнүгүүсү, 230-б.
[135] Юнусов Баязбек Тиллабекович 1960- ж.т. Наманган областы, Жаңы коргон району, Моңол айылы.

Атын Муңуулдар койду. Могул (Монголдор) ушундан келип чыккан[136]. Моңолдор кыргыздын оң канатына таандык уруулардын бири. Моңолдор жөнүндө тарыхый маалыматтар алгачкы жолу Кытай тарыхый даректеринде («Си-юй чжи») кезигип, алар кыргыздын «Батыш ордосуна» караштуу негизги төрт уруунун бири катары эскерилет. Азыркы учурда моңолдор Кыргызстандын Нарын (Атбашы, Ак-Талаа, Кочкор ж.б.), Ысык-Көл (Түп, Жети-Өгүз ж.б), Чүй (Кемин, Сокулук, Панфилов ж.б.), Жалал-абад (Тогуз-Торо, Токтогул, Аксы ж.б) областарында турушат[137]. Моңол айылындагы адамдар менен маектешүү учурунда, ата-бабалары Жалал-абад облусунун Аксы, Ала-бука аймактарынан көчүп келишкендиги тууралуу айтып жатышты.

Жаңы-коргон районунун Нов айылында багыш, кытай, саруу уруулары бар. Нов айылынын басымдуу бөлүгүн багыш уруулары түзөт[138]. Багыш уруусу кыргыздын оң канатына кирген ири уруу. Элдик оозеки тарыхта багыш уруусу кыргыздын адепки уруусунун бири. Анын генези тарыхтын эң терең катмарында. Уруктун анык аты да белгисиз. Божомолго караганда анын башаты Сибирь, Алтай менен тыгыз байланыштуу[139]. Саруу уруусу кыргыздардын сол канат уруулук бирикмесиндеги уруулардын бири. Саруу уруусу тууралу XVI кылымда Мажму ат-таварихте кезигет. Тарыхый изилдөөлөр боюнча саруу уруусунун түпкү теги кимак-кыпчак уруулар курамындагы «сары» же кимактардын куу, куманды уруулары менен байланышкандыктан, ал кыргыз этносунун орто кылымдагы компоненттеринин бирин түзөт деп эсептелинет. Санжыра боюнча саруу уруусу сол канат уруулардын түпкү атасы Куу уулдун бир уулу Көнөктүн Саруу деген баласынын тукумдары деп айтылат. Талаа маалыматтарын чогултуу учурунда Жаңы-коргон районунда жашаган саруу, багыш, кытай уруулары, Кыргызстандын Жалал-абад облусуна караштуу Ала-бука жана Аксы райондорунан ата-бабалары көчүп келишкендиги тууралуу маалымат берип жатышты.

Наманган облусунун Чорток районунун Богистон айылында саруу жана багыш уруулары жашайт[140]. Ал эми Саз-сай айылында болсо, кыргыздын саруу жана

---

[136] Сыдыков О. Тарих кыргыз Шадмания: Кыргыз санжырасы, 88-89-б.
[137] Асанов Ү.А, «Кыргызстан», Улуттук энциклопедия: 5-том (Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы, 2014), 446-б.
[138] Сатыбалдиев Равшан 1954- ж.т. Наманган области, Жаңы коргон району, Нов айылы.
[139] Аттакуров С, Кыргыз санжырасы, 57-58-б.
[140] Чолпонкулова Алымкан Шодибековна 1964- ж.т. Наманган области, Чорток району, Богистон айылы.

багыш уруулары бар. Бул айылда саруу уруулары көпчүлүктү түзөт. Саз-сай айылынын тургуну Султанкулов Мухтардын берген маалыматына таяна турган болсок, Саз-сай айылындагы саруу уруулары төмөндөгүдөй топторго бөлүнөт:[141]




**Схема. 1.11.** Наманган областы, Чорток районуна караштуу Саз-сай айылындагы саруу уруусунун топторго бөлүнүшү. Булак: Автордун талаа дептери.

Наманган облусунун Давлатабад районунун Елхон айылында кушчу, моңол, саруу, кытай, багыш, мундуз, черик уруулары бар. Айылдын басымдуу бөлүгүн черик жана кушчу уруулары түзөт. Елхон айылындагы кыргыздар Аксы жана Ала-бука райондорунан совет мезгилине чейин көчүп келишкен[142]. Сапарбек Закировдун «Кыргыз санжырасы» аттуу китебинде Наманган облусунун Елхон айылында кыргыздын кушчу жана черик уруулары бар экендиги тууралуу маалымат берген. Чериктер менен кушчу урууларынын 60-70 түтүн үй-бүлө бар жана алар Жалал-абад облусунун Аксы, Ала-бука райондорунан көчүп келишкен[143].

Наманган облусунун Чуст районунда Дам, Шербилак, Коракургон айылдарында этникалык кыргыздар бар. Дам айылында кыргыздын канды уруулары бар[144]. Ал эми Коракургон айылында моңол жана гелегей уруулары жашап келүүдө. Коракургон айылында моңол уруулары көпчүлүктү түзөт[145]. Шербилак айылында шаа жана гелегей уруулары бар[146]. Наманган облусунун Чуст районунда

[141] Султанкулов Мухтар Комалиевич 1953- ж.т. Наманган областы, Чорток району, Саз-сай айылы.
[142] Кушманова Саодотхон Каримжановна 1978- ж.т. Наманган областы, Давлатобод району, Елхон айылы.
[143] Закиров С, Кыргыз санжырасы (Бишкек, 1996), 247-б.
[144] Эргашев Нурдинбой Чотбаевич 1965- ж.т. Наманган областы, Чуст району, Дам айылы.
[145] Хакимов Исмоил Ибрагимович 1964- ж.т. Наманган областы, Чуст району, Коракургон айылы.
[146] Шоккасов Мамат Коракойчиев 1964- ж.т. Наманган областы, Чуст району, Шербилак айылы.

кыргыздардын саны аз. Шербилак айылындагы шаа уруулары кайсыл урууга кирери тууралуу маалымат таба алган жокпуз. Маалымат берүүчүлөрдөн сурасак, улутубуз кыргыз, уруубуз шаа деп жооп берип жатышты.

Анжиян жана Наманган облустарындагы этникалык кыргыздар уруулук түзүлүштөрүн сактап калган. Талаа маалыматтарын чогултуу учурунда Анжиян жана Наманган облустарында кыргыздын оң жана сол, ичкилик уруулары бар экендиги аныкталды. Ал уруулар өз ичинен майда топторго бөлүнөт. Жогоруда уруулардын кандай топторго бөлүнөөрүн толук жарытып бергенге аракет кылдык. Уруулардын аталыштары өзгөрүп бара жатканын байкасак болот. Мисалы үчүн Анжиян облусунун Жалакудук районунда жашаган айрым этникалык кыргыздар «төөлөс» уруусун «туялас» деп айтып жүрүшөт. Изилдөөнүн жүрүшүндө этникалык кыргыздардан жети атасын сурасак, толук айтып бере алышпай жатышты. Жети атасын саналуу гана адамдар билишет экен.

## 1.3. Ферганалык кыргыздардын чарбалык турмушу

### 1.3.1. Мал чарбачылыгы

Фергана өрөөнүнүн Өзбекстанга караган Анжиян жана Наманган облусунун аймактарында жашаган этникалык кыргыздар илгертеден бери бул аймактарда жашап, мал-чарбачылык жана дыйканчылык менен алектенип келишкен. Талаа маалыматтарын чогултуу учурунда Анжиян жана Наманган облустарында жашаган этникалык кыргыздар илгертеден бери ата-бабалары мал чарбачылык менен алектенип келишкендигин айтып жатышты. Жайкысын Кыргызстандын жайлоолоруна чыкса, кыштоого өздөрүнүн айылдарына кайтып келишкен. Белгилүү окумуштуу этнограф Абрамзон С.М «Кыргыздардын экстенсивдүү мүнөздөгү көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылыгы көптөгөн кылымдар бою тарыхый калыптанган башкы кесиби болгон»[147] -деп баса белгилеген.

Фергана өрөөнүнүн жергиликтүү калкы байыртадан бери эле чарбачылык, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк менен алектенишип келген. Аларды отурукташкан, көчөмөн, жарым көчмөн деп бөлүүгө болот. Фергана өрөөнүн отурукташкан калкын өзбек, тажик, уйгур сыяктуу элдер түзгөн. Ал эми көчмөндөр менен жарым

---

[147] Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер /Которг. С.Мамбекталиева, Д.Сулайманкулов, С.Макенов (Бишкек: Кыргызстан-Сорос фонду 1999), 52-б.

көчмөндөргө кыргыз, каракалпак, кыпчак, курама, түрк, жүз сыяктуу элдер кирген[148].

Анжиян жана Наманган облустары Өзбекстан мамлекетине карагандыктан, Өзбекстан Республикасы тарабынан чарбачылыкты өнүктүрүү максатында бир канча иш аракеттер аткарылып келе жатат. Өзбекстан Республикасында 2005-2012- жылдарда мал чарба продукциясын өндүрүүнүн орточо жылдык темпин кошкондо тармактын бардык негизги көрсөткүчтөрү орточо 6,2% га өскөн. Анын ичинде, негизги азыктардан эт өндүрүү 1061,2 миң тоннадан 2012- жылга карата 1672,9 тоннага (157,6%), сүт азыктары болсо 4554,9 миң тоннадан 7310,9 миң тоннага (160,5%) өскөн. Өзбекстан Республикасынын президентинин 2006-жылдын 23- мартындагы №308 буйруганда "Жеке жардамчы, дыйкан жана фермердик чарбалардагы чарбачылык товарларды, биринчи кезекте, бодо малдардын санын көбөйтүрүш жана аларды колдоо" программасы иштелип чыккан. Президенттин буйругуна ылайык 2006-2010- жылдар аралыгында чарбачылыкта бодо малдарды багуу жана алардын санын көбөйтүү максатында бир канча иш аракеттер аткарылган[149].

Өзбекстан мамлекети чарбачылыкты өнүктүрүү максатында 2022-жылы Дүйнөлүк банктан 300 миллион доллар кредит алган. Өзбекстан Республикасынын президенти тарабынан 2022-2026- жылдар аралыгында чарбачылыкты өнүктүрүү максатында атайын буйрук кабыл алынган. Ал буйрукта 2022-2026- жылдар аралыгында Өзбекстан Республикасынын аймагында чарбачылыкты өнүктүрүү, эт азыктарын даярдоо, сүт азыктарын кайра иштеп чыгуу, калкты жумуш менен камсыздоо, чарбачылыкта даярдалган азыктарды экспортко чыгаруу каралган. Ошондой эле чарбачылыкка мыкты адистерди тартуу жана кызыктыруу максатында "Ветеринария мыктысы" жана "Чарбачылыктын мыктысы" аттуу төш белги сыйлыктарды берүү каралган[150].

---

[148] Кузикулов И. У., «Роосия империяси мустамлакачилик сиёсатининг Туркистондаги этномаданий жараёнларга таьсири(Фаргона водийси материаллари асосида)» (Тарих фанлари бўйича PhD диссертация, Термиз давлат университети, 2022), 15-б.

[149] Мамадиев А.У. «Иқтисодиётнинг реал сектори,» Иқтисод ва молия 2014, 57-б. http://uzscite.uz/wp-content/uploads/2020/06/57-62-3.pdf.

[150] «Ўзбекистон Республикасида чорвачилик соҳаси ва унинг тармоқларини ривожлантириш бўйича 2022-2026 йилларга мўлжалланган дастурни тасдиқлаш тўғрисида», 28- январь, 2025, https://uza.uz/uz/posts/ozbekiston-respublikasida-chorvachilik-sohasi-va-uning-tarmoqlarini-rivozhlantirish-boyicha-2022-2026-yillarga-molzhallangan-dasturni-tasdiqlash-togrisida_344984.

Өзбекстан Республикасынын президенти Шавкат Мирзиёев 2022- жылдын 16-февралында мал чарбачылык тармагыны өнүктүрүү маселелерине карата өткөрүлгөн жыйында, он күндүн ичинде 350 миң кой эчкини калкка кооперативдик негизде таратып берүүнү буйруган. Президент бул үчүн бюджеттен 100 миллион доллар бөлүнөөрүн маалымдаган. Облус жана райондордун жетекчилерине бир жуманын ичинде 67 ири кой жана эчки фермаларын уюштуруу тапшырмасы жүктөлгөн. 2022-жылы облустун губернаторлору мал чарбачылыгын, кой чарбачылыгын, эчки чарбасын жана жүн тармагын өнүктүрүүнүн эсебинен 150 миң адамды иш менен камсыз кылуу боюнча милдеттендирилген[151].

Анжиян облусунун Ханабад шаарындагы Кыдырша жана Тейит айылдарында адырлар бар болгондуктан, мал жандык бакканга ыңгайлуу. Анжиян облусунда жашап жаткан этникалык кыргыздарга салыштырмалуу, Ханабад шаарындагы Кыдырша жана Тейит айылдарындагы кыргыздар мал жандыкты көбүрөөк багышат. Кыдырша айылы географиялык жактан мал чарбачылыкка ыңгайлуу. Кыдырша айылынын айыл өкмөт башчысы Топчиев Жамалиддин айылдагы адамдардын мал чарбачылык менен алектенүүсү тууралуу төмөндөгүдөй маалымат берди: *«Биздин Кыдырша айылындагы адамдар, мал чарбачылык менен илгертеден бери алектенип келе жатабыз. Мал чарбачылык ата-бабаларыбыздан калган кесип. Кыдырша айылыбыз адырлуу жер болгондуктан, мал чарбачылыкка ыңгайлуу болгондуктан биздин ата-бабаларыбыз ушул айылды мекендеп, мал чарбачылык менен алектенген. 2010-жылы кыргыз-өзбек чек аралары жабылгандан кийин, мал багуу, тоют камдоо оор болуп калды. 2010- жылга чейин мал жандыктарыбыз Кыргызстандын жайлоолоруна чыгат эле. Чек-ара жабылгандан кийин айылдагы адамдардын мал жандыктары кескин түрдө азайып кетти. Азыркы учурда айылыбыздагы адамдар мал жандыктын: уй, кой, эчки, жылкы багышат. 2024- жылдын 1- январына карата Кыдырша айылында 1318 уй, 3633 кой, 36 эчки, 15 жылкы катталды. Негизинен уй менен койду көп багабыз. Уйдун сүтүнөн, сүт азыктарын даярдайбыз. Айылыбыздагы баардык адамдар уй бакпайт. Кээ бир үй-бүлөлөрдө уй жок. Барларында болсо бир, экиден гана уй бар. Уйга караганда койдун саны көп. Анткени койду багуу бизге жеңилирээк. Айылыбыздагы кээ бирки адамдар үйлөрүндө кочкор багышат.*

[151]«Аҳолига 350 минг бош қўй ва эчки тарқатилади», 28- январь, 2025, https://www.gazeta.uz/uz/2022/02/16/kooperacia/.

*Кочкорлорду жарым жыл багып, базарга алып чыгып сатышат. Койу көп адамдардын короосунда 100 гө жакын койу бар. Койу көп адамдар саналуу гана. Айылыбыздагы адамдар жылкы да багышат. Бирок жылкынын саны аз. Кээ бир үй-бүлөлөр гана багат. Жылкы баккандар негизинен кышында улак (көк-бөрү) ойногондор гана багышат. Айылыбыздын тургуну Сидиков Гапардын жылкы, бээлери бар. Ал кишинин айылыбыздагы адырда жери бар. Ошол жерде жылкы бээлерин багып, саамал, кымыз даярдайт. Атайын кымыз, саамал ичкени келгендер үчүн шарт түзүп берген. Ханабад шаарындагы адамдар Сидиков Гапардын адырдагы үйүнө барып, кымыз, саамал ичип кетишет. Коноктор үчүн шарттар түзүлгөн. Сидиков Гапардын бул аракети, ички туризмди өнүктүрүүгө да салым кошуп жатат. Андан сырткары ал киши, кымыз саамал даярдап шаарга алып түшүп дүкөндөргө сатат. Мал жандыктарыбызды айылыбыздагы адырга, талааларга багабыз. Өзбекстан мамлекетибиз тарабынан да айылдагы адамдардын жашоо шартын жакшыртуу максатында жеңилдетилген кредиттер берилет. Мамлекет тарабынан аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө бирден уй, кой, эчки берилип жатат»* -деп маалымат берди Топчиев Жамалиддин[152]. Кыдырша айылындагы адамдар мал жандыктын кой менен уйду багышат. Жайыт жоктугуна байланыштуу мал жандыктардын саны да аз. Айылдагы адамдар 1-2 уй же 5-6 койду гана багышат. Мал жандыктарды айылдагы адырга же талааларга багышат. Талааларда пахта, буудай эгилет. Ошол пахта, буудайдын четтерине уйларын аркандап багышат. Кыдырша айылынын тургуну Дуланов Давран Абдуллаевич мал чарбачылык менен алектенет. Дуланов Давран үйүндө 4-5 бука, 2-3 ат, 10-15 кочкор багат. Мал жандыктарды үйүндө 5-6 ай багып, базарга алып чыгып сатат. Кайрадан мал жандыктарды жаңыдан сатып алат. Бул жеке бизнес менен Абдуллаев Давран 15 жылдан бери алектенип келе жатат. Жылкыны негизинен улак чапканы багат[153].

Анжиян облусунун Коргон-төбө районунда жашаган этникалык кыргыздар мал чарбачылыктан кой, уй, эчки, жылкы багышат. Бул жандыктардын ичинен кой менен уйду багышат. Коргон-төбө району түздүк талаа болгондуктан, талаалар дыйканчылыкка колдонулат. Коргон-төбө районуна караштуу Сүткөн айылынын

[152] Топчиев Жамалиддин Сатыбалдиевич 1966- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Кыдырша айылы.
[153] Дуланов Давран Абдуллаевич 1976-ж.т Анжиян область, Ханабад шаары, Кыдырша айылы.

айыл өкмөт башчысы Ашуров Абдыкадыр төмөндөгүдөй маалымат берди: *«Айылыбыздагы адамдар мал чарбачылыктан уй, кой, жылкы багышат. 2024-жылдын 1- январына карата айылыбызда 268 уй, 180 кой, 3 жылкы катталган. Жайыт жоктугуна байланыштуу, адамдар мал чарбачылык менен алектенбей калды. Талаалардын баары сугат жер болгондуктан, ал жерлер дыйканчылык максатта колдонулат. Мал жандык бакпаган үй-бүлөлөр көп. Мал жандык бакпаганынын негизги себеби жайыттын жоктугу. Биздин айылдагы адамдар уйду көп багышат. Жаз, жай, күз мезгилдеринде талааларга уйларды аркандап багабыз. Талаага эгилген пахтанын ичинен чөптөрдү оруп чыгып, уйларыбызды багабыз. Койду болсо аркандап бага албайбыз. Айылыбызда кой баккандар жок эмес. Кочкор баккандар бар. Кочкорлорду 5-6 ай үйүндө багып, кочкорлорду семиртип базарга алып чыгып сатышат. Кайра базардан жаңы кочкорлорду сатып алышат. Ушинтип жеке бизнес менен алектенгендер бар. Жылкыны улак чапкандар гана багышат»* -деп Ашуров Абдыкадыр маалыматтар менен бөлүштү[154]. Коргон-төбө районунда жайыт жоктугуна байланыштуу этникалык кыргыздар мал чарбачылык менен көп алектенишпейт. Түздүк талаалар, сугат жерлер, пахта, буудай жана башка дыйканчылык максатта колдонулат.

Анжиян облусунун Жалакудук, Кожо-абад, Булакбашы, Мархамат райондорунда жашаган этникалык кыргыздар да мал чарбачылык менен алектенишет. Бирок, жайыттын жоктугуна байланыштуу мал жандыктардын саны аз. Мал чарбачылыктан негизинен уй менен койду багышат. Анжиян облусуна караштуу Кожо-абад районунун Карнайчи айылынын тургуну Тойчубаева Айсулуу төмөндөгүдөй маалымат берди: *«Айылыбыздагы адамдардын мал чарбачылыгы чакан гана. Кээ бир үй-бүлөлөр мал жандык багышпайт. Себиби жайыттын жоктугу жана мал жандыкка тоют камдоо бизде кыйынчылыкка турат. Айылыбыздагы адамдар 1-2 уй, 5-6 дан гана койлор бар. Кыргызстандагыдай биздин жайлоолорубуз жок. Кыргызстанда жайыт кенен, мал чарбачылык менен алектенгенге ыңгайлуу. Аа бизде болсо, түздүк талаалар. Талаалар сугат жер болгондуктан, ал жерлерге пахта, буудай ж.б дыйканчылык максатта колдонулат»*[155].

---

[154] Ашуров Абдыкадыр Камалович 1969- ж.т. Анжиян областы, Коргон-Төбө району, Сүткөн айылы.
[155] Тойчубаева Айсулу Маматбековна 1971- ж.т. Андижан областы, Хожоабад району, Карнайчи айылы.

Наманган облусунун Давлатабад районуна караштуу Елхон айылынын айыл өкмөт башчысы Кушманова Саодотхон маектешүү учурунда айылындагы адамдардын мал чарбачылык менен алектенүүсү тууралуу төмөндөгүдөй маалымат берди: *«Илгери биздин ата-бабаларыбыз мал чарбачылык менен алектенген. Азыркы учурда жайыт жок болгондугуна байланыштуу мал жандыкты үйдө багабыз. Биздин айылыбыз шаарга жакын болгондуктан, айылыбыздагы адамдар шаардагы завод, фабрикаларда иштейт. Мамлекеттик кызматтарда иштейт. Илгери биздин чоң энелерибиз кийиз, шырдак даярдайт эле. Чоң энелерибизге кийиз жасаганга жардам берет элек. Азыркы учурда кийиз, шырдак эч ким жасабай калды»*[156]. Елхон айылы Наманган облусунун борборуна жакын жайгашкандыктан, айылдагы адамдар шаар маданиятына жуурулушуптур. Мал чарбачылык менен алектенген адамдар жокко эсе.

Наманган облусунун Чуст, Жаңы-коргон, Чорток райондорунда жашаган этникалык кыргыздар да, мал чарбачылык менен дээрлик алектенбей калган. Себеби Кыргызстан менен чек аралар такталып, чек аралар жабылгандан кийин, жайыт жоктугуна байланыштуу адамдар мал чарбачылык менен алектенбей калышкан. Наманган облусунун Чорток районуна караштуу Саз-сай айылынын айыл өкмөт башчысы Киргизов Зокиржон Тиланович төмөндөгүдөй маалымат берди: *«Айылыбыздагы адамдар мал чарбачылык менен алектенбей калышты. Мал жандык багуу айылыбыздагы адамдарга кыйын болуп калды. Илгери менин чоң аталарым Кыргызстандын Аксы, Ала-бука райондорундагы жайлоолорго чыгышат эле. Азыркы учурда чек аралар жабылып, мал жандыктарыбыз Кыргызстандын жайлоосуна чыкпай калды. Айылыбыздагы адамдар көбүнчө дыйканчылык жана багбанчылык менен алектенишет»* -деп маалымат берди Саз-сай айылынын айыл өкмөт башчысы Киргизов Закиржан[157].

Азыркы учурда Анжиян жана Наманган облустарында жашаган этникалык кыргыздардын мал чарбачылыгындагы негизги көйгөй жайыттын жоктугу. Түздүк талаалар дыйканчылык жана багбанчылык максатта колдонулат. Этникалык кыргыздар жайыттын жоктугуна байланыштуу, мал жандыктарын үйүндө же талааларда багышат. Талаада пахта, буудайдын жээктеринде койлорун багышат.

[156] Кушманова Саодотхон Каримжановна 1978- ж.т. Наманган областы, Давлатобод району, Елхон айылы.
[157] Киргизов Зокиржон Пиланович 1965- ж.т. Наманган областы, Чуст району, Саз-сай айылы.

Ал эми уйларын, жылкыларын, пахта буудайдын жээктерине аркандап багышат. Талааларда түшүм жыйналып алынгандан кийин, мал жандыкты бакканга болот. Бирок, ал жерлер фермерлерге карагандыктан, мал жандыкты талаага жайысууна уруксат бербейт. Анжиян жана Наманган облустарында жашаган этникалык кыргыздардын мал чарбачылык менен алектенүүсү Кыргызстандагыдай эмес. Кыргызстанда жайыт кенен болгондуктан, мал жандык менен алектенүү Анжиян жана Наманган облустарына салыштырмалуу артыкчылыктары көп.

### 1.3.2. Дыйканчылык жана багбанчылык

Фергана өрөөнүнүн Өзбекстанга караган Анжиян жана Наманган областтары географиялык жактан дыйканчылыкка жана багбанчылыкка ыңгайлуу. Бул аймакта жашаган адамдар илгертеден бери дыйканчылык жана багбанчылык менен алектенип, бул тармак жогорку деңгээлде өнүккөндүгү баарыбызга маалым. Анжиян жана Наманган областтарындагы сугат жерлердин басымдуу бөлүгүнө пахта жана буудай эгилет. Өзбекстан мамлекети пахтаны экспорт кылуу боюнча дүйнөдөгү алдыңкы өлкөлөрдүн катарында турат.

Өзбекстан мамлекетинде пахтаны өстүрүү жана экспортто жакшы деңгээлде өнүккөн. Өзбекстан пахтаны экспортто боюнча дүйнөдө бешинчи орунда турат. 2000- жылдардын башында Өзбекстан пахтаны Европа мамлекеттерине гана экспорт кылган болсо, 2016- жылга келип Кытай, Бангладеш жана Азиянын башка өлкөлөрүнө пахтаны экспорт кылып баштады. Өзбекстан мамлекетинде жеңил өнөр жай текстил тармагы жакшы өнүгүп жаткандыктан, пахтаны кайра иштетүү тармагы да жакшы өнүгүп жатат. 1990- жылдардын башында пахтаны кайра иштетүү 7% ды түзсө, 2011- жылга келип бул көрсөткүч 40% түзгөн. Азыркы учурда Өзбекстан пахтанын тез быша турган түрлөрүн эгип жатат. Анжыян областында пахтанын «Андижон 35», Наманган областында «Наманган 77» түрлөрү эгилет. Пахтанын бул түрлөрү түшүмдүүлүгү көп жана тез бышат[158].

Өзбекстан мамлекети тарабынан калктын жашоо турмуш тиричилигин жакшыртуу максатында, жарандарга 1 гектарга чейин жер берүү каралган. Президент Шавкат

---

[158] Пахтачилик маьлумотномаси (Тошкент: Fan va tehnologiya, 2016), 7-8- б, https://namdu.uz/media/Books/pdf/2024/05/29/NamDU-ARM-2332-%D0%9F%D0%B0%D1%85%D1%82%D0%B0%D1%87%D0%B8%D0%BB%D0%B8%D0%BA_%D0%BC%D0%B0%D1%8A%D0%BB%D1%83%D0%BC%D0%BE%D1%82%D0%BD%D0%BE%D0%BC%D0%B0%D1%81%D0%B8..pdf.

Мирзиёевдин 2021- жылдын 23- ноябрындагы «Мөмө-жемиш өстүрүүдө жана жүзүмчүлүктө үй-бүлөлүк ишкердикти өнүктүрүү, айыл чарба өндүрүшүндө дыйкан чарбаларынын үлүшүн көбөйтүү боюнча чаралар жөнүндөгү» №20 буйругунун негизинде пахта жана дан эгиндеринен кыскартылган 200 миң гектар жер дыйканчылыкка бөлүнгөн. Президенттин буйругуна ылайык жарандарга 0,10 гектардан 1 гектарга чейинки жер аянттары электрондук тендер аркылуу ижарага берилиши каралган. Жерлер 30 жылга жарандарга ижарага берилет. Мындан тышкары, фермерлер жана дыйкандар 100 миллион сумга чейин жеңилдетилген насыя ала алышат. Насыянын пайызы 14%. Ижарага берилген жерлерге дыйкандар жашылча жер жемиштерди эгиши керек[159]. Анжиян областына караштуу Ханабад шаарынын Кыдырша айылынын тургуну Баратов Мирзабек фермерчилик менен алектенет. Баратов Мирзабек этникалык кыргыз. Баратов Мирзабек менен маектешүү учурунда фермерчилиги тууралуу төмөнкүлөргө токтолду: «Мен 2006- жылдан бери фермерчилик менен алектенем. 36 гектар жерим бар. Мамлекетибиздин тапшырмасына ылайык жерге пахта менен буудай эгебиз. Өзүбүз каалаган *эгинди эге албайбыз. Жердин 20 гектарына буудай, 16 гектарына пахта эгемин. Пахта менен буудайды өстүрүп жетиштирүүдөгү каражатты мамлекет камсыздап берет. 1 гектар буудай талаасына 3 тонна буудай тапшырабыз. Ал эми пахтанын 1 гектарына 3 тонна пахта тапшырабыз. Президенттин 2021- жылдагы буйругуна ылайык, 6 гектар жерди мамлекетке өткөрүп бердим. Ал жерди мамлекет дыйканчылык менен алектенем деген жарандарга бөлүп берди. Бөлүнүп берилген жерлерге дыйкандар жашылча жер жемиштерди эгип жатышат. Буудайды түшүмүн жыйнап алгандан кийин, ал жерди күзгү дыйканчылык үчүн, адамдарга арендага беремин. 1 гектарын өзбек сомуна 3 млн сумга беремин. Ал жерге адамдар күрүч, жүгөрү, дарбыз эгишет»* - деп маалымат берди фермер Маратов Мирзабек[160].

Анжиян областынын Ханабад шаарына караштуу Кыдырша айылынын тургуну Юлдашева Дилфуза Абдуллаевна дыйканчылык жана багбанчылык менен алектенет. Юлдашева Дилфуза дыйканчылык жана багбанчылыгы тууралуу минтип айтты: *«Дыйканчылык жана багбанчылык кылуу максатында 2018- жылы*

[159] «Деҳқончилик учун 1 гектаргача ер ва имтиёзли кредит ажратилади», 28- февраль, 2025, https://www.gazeta.uz/uz/2021/11/24/farming/.
[160] Баратов Мирзабек Кодирович 1966- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Кыдырша айылы.

*Кыдырша айылынан 5 гектар кайракы жер сатып алдым. Жерди мамлекеттен 30 жылга арендага алдык. Мен алган жер кайракы жер болгондуктан, суу чыгаруучу мотор менен суу чыгардык. 5 гектар жердин, 3 гектарына жаңгак, бадам, кокон гилас, алма, өрүк, шабдалы көчөттөрүн үй-бүлөбүз менен биргеликте тиктик. Тиккен көчөттөрүбүз мөмө берип баштады. Ошол тиккен бактын астына беде эктик. Бедени жылына 4 жолу чаап алабыз. Бедени өзүбүздүн мал жандыктарыбызга жетерлүүсүн алып калып, калганын сатабыз. Жерибиздин 2 гектарын дыйканчылык максатта колдонобуз. Ал жерге нокот, картошка, буудай, жашылча жер жемиштерди эгебиз. Дыйканчылыкта жетиштирген азык-түлүктөрүбүздү базарга алып чыгып сатабыз. Мамлекетке жердин арендасын жылына төлөп турабыз. Кыдырша айылында бизден сырткары дыйканчылык, багбанчылык менен алектенгендер бар. Алар да биз сыяктуу кайракы жерге суу чыгарып, дыйканчылык жана багбанчылык менен алектенет. Андан сырткары айылыбыздагы адамдар фермерлерден арендага жер алып, ал жерге күрүч, жүгөрү эгип дыйканчылык кылышат. Айылыбыздагы баардык адамдар дыйканчылык кылышпайт. Анткени жерлер фермерлерге бөлүнүп берилген. Айылдагы адамдар короосуна жашылча жер жемиштерди эгишет»*[161]. Ал эми Ханабад шаарына караштуу Тейит айылындагы этникалык кыргыздар шаарга жакын жайгашкандыктан, шаардагы завод фабрикаларда эмгектенишет. Үйүнүн бакчасына жашылча жер жемиштерди эгишет.



[161] Юлдашева Дилфуза Абдуллаевна 1971- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Кыдырша айылы.

**Сүрөт 1.6.** Кыдырша айылынын тургуну фермер Юлдашева Дилфуза. Булак: Автордун талаа дептери.

Анжиян областынын Коргон-төбө районуна караштуу Дардактепа айылынын тургуну Ашуров Нуриддинге «Айылыңыздагы адамдар дыйканчылык жана багбанчылык менен алектенишеби?» деп суроо бердик. Бул сурообузга төмөндөгүдөй жооп берди: *«Мамлекетибиз сугат жерлерди фермерлерге бөлүп берген. Фермерлер ал жерлерге пахта жана буудай эгишет. Биздин айылда фермерчилик менен алектен адамдар да бар. Мен өзүм багбанчылык менен алектенем. Эки жарым гектар алма багым бар. Алмалар түшүмгө кирген. Жаз келиши менен алмаларды даарылайм. Күзгө чейин алмаларды жетиштирип, күзүндө жыйнап алып сатамын. Айылдагы адамдар үйүнүн бакчасына жашылча жер жемиштерди, мөмөлүү бак дарактарды тигишет»*[162]. Коргон-төбө районундагы этникалык кыргыздар дыйканчылык кылуу максатында фермерлерден жерди арендага алышып, дыйканчылык менен алектенишет. Фермерлер буудайды июнь айында жыйнап алышат. Буудайды жыйнап алгандан кийин, ал жерди фермерлер күзгү дыйканчылык деп, арендага беришет. Арендага алган адамдар ал жерлерге пияз, сабиз, күрүч, жүгөрү жана башка жашыл жер жемиштерди эгишет. Анжиян облусундагы Коргон-төбө, Жалакудук райондорунда жашаган этникалык кыргыздар, фермерлерден жер сатып алышып, дыйканчылык менен алектенишет. Анжиян облусундагы этникалык кыргыздар, Кыргызстанга келип дыйканчылык кылышат. Коргон-төбө районуна караштуу Намуна айылындагы этникалык кыргыздар, Кыргызстандын Чүй облусуна келишип, кулпунай эгишет. Эрте жазда кулпунай эгишип, күзүндө дыйканчылыгын жыйнаштырып кайра Өзбекстанга кетишет.

Анжиян областынын Жалакудук районуна караштуу Көтөрмө айылынын тургуну Маликов Мухаммад Али менен маектешүү учурунда айылындагы *адамдардын эмне менен алектенээри тууралуу төмөндөгүдөй маалымат берди: «Айылыбыздагы адамдар Россияга, Кыргызстанга барып иштешет. Көпчүлүгү Россияга барып эмгектенишет. Айылдагы адамдар мал чарбачылык,*

[162] Ашуров Нуридин Абдулахатович 1958- ж.т. Анжиян областы, Коргон-Төбө району, Дардактепа айылы.

*дыйканчылык жана багбанчылык менен алектенебиз. Багбанчылыктан кокон гиласты көп эгебиз. Анткени кокон гиластын баасы кымбат. Мен үйүмдүн бакчасына кокон гилас тиккенмин. Жылына кокон гиластан 3-4 миң доллар киреше табамын. Айылдагы адамдар үйүнүн бакчасына ар түрдүү жашыл жер жемиштерди эгишет»* -деп жооп берди Маликов Мухаммад Али[163]. Анжиян областында жашаган этникалык кыргыздардын көпчүлүгү үйүнүн бакчасына кокон гиласты тигишкен. Кокон гиласты өзбек сомуна килограммын 25-30 миң сумдан сатышат.

Наманган облусунун Жаңы-коргон районуна караштуу Моңол жана Нов айылдарындагы этникалык кыргыздардын басымдуу бөлүгү багбанчылык менен алектенишет. Бул айылдагы адамдар кара өрүктү жетиштиришет. Жаңы-коргон району Кыргызстандын Аксы, Ала-бука райондоруна жакын жайгашкан. Кыргызстандын Талас, Аксы жана Ала-бука райондорунда кара өрүк мөмөсү жакшы жетиштирилет. Нов айылынын айыл өкмөт башчысы Муминов Баходир айылындагы адамдардын кара өрүк жетиштирүүсү боюнча төмөндөгүдөй маалыматтар менен бөлүштү: *«Нов айылындагы этникалык кыргыздардын баары кара өрүк менен алектенишет. Айылдагы адамдардын бакчасында кара өрүк дарагыны көрөсүн. Биздин айылда кара өрүк жакшы түшүм берет. Кара өрүк гүлүн ачып баштаган мезгилден баштап дарылайбыз. Кара өрүк бышкан кезинде сатабыз. Кардарлар келип экспортко деп алып кетишет. Кара өрүктү өзбек сомуна килограммын 5 миң сомдон сатабыз. Андан сырткары кара өрүктү бышкан кезинде терип алып, аны кургатабыз. Кургатылган кара өрүктүн баасы кымбат болот. Биздин айылдагы адамдар көпчүлүгү кара өрүктү кургатып, как кылып сатышат. Кургатылган кара өрүктү өзбек сомуна килограммын 25-30 миң сумдан сатабыз»* -деп маалымат берди Муминов Баходир[164]. Жаңы-коргон районунда пахта эгилбейт. Райондо көпчүлүк адамдар багбанчылык менен алектенишет. Пахта эгилбегенинин себеби, суунун жетишсиздиги.

Наманган облусунун Чорток районуна караштуу Богистон айылынын тургуну Чолпонкулова Алымкан фермерчилик менен алектенет. Талаа маалыматтарын чогултуу учурунда Чолпонкулова Алымкан фермерчилиги тууралуу төмөндөгүдөй

---

[163] Маликов Мухаммад Али 1952- ж.т. Анжиян области, Жалакудук району, Көтөрмө айылы.

[164] Муминов Баходир Авазбекович 1971- ж.т. Наманган области, Жаңы коргон району, Нов айылынын айыл өкмөт башчысы.

маалымат берди: *«Мен 2005- жылдан бери фермерчилик менен алектенемин. Фермерчилик кылуу максатында мамлекеттен 20 гектар жер алганмын. Биздин Чорток районунда суу жетишсиз. Ошондуктан пахта экпейбиз. Жердин 15 гектарына алма, кара өрүк тиккенмин. Алма, кара өрүк түшүмгө кирген. Жердин 10 гектарына болсо буудай эгемин. Жылына мамлекет тарабынан коюлган салыкты төлөймүн»*[165].

Анжиян жана Наманган облустарында жашаган этникалык кыргыздар дыйканчылык жана багбанчылык менен алектенип келе жатышат. Фермерчилик менен алектенген этникалык кыргыздар, жерлерине пахта жана буудай эгишет. Анжиян жана Наманган областарындагы кээ бир аймактарга пахта эгилбейт. Себеби суунун жетишсиздиги. Этникалык кыргыздар дыйканчылык менен гана алектенбестен, багбанчлык менен да алектенишет. Багбанчлыктан алма, кара өрүк, кокон гилас, жангак, бадам, өрүк жана башка мөмөлү дарактарды өстүрүп жетиштиришет. Ал эми жери жок этникалык кыргыздар болсо, үйүнүн бакчасына жашылча жер жемиштерди жана мөмөлү дарактарды эгишет.

[165] Чолпонкулова Алымкан Шодибековна 1964- ж.т. Наманган областы, Чорток району, Богистон айылы, фермер.

# ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

# ФЕРГАНАЛЫК КЫРГЫЗДАРДЫН МАДАНИЯТЫ

## 2.1. Кыргызстандагы кыргыздар менен туугандык байланыштары

Анжиян жана Наманган областтары Кыргыз Республикасынын Ош жана Жалал-абад областтары менен чектешет. Кыргызстан менен чектешкен райондордо этникалык кыргыздардын саны көпчүлүктү түзөт. Өзбекстандын Фергана өрөөнүндөгү Анжиян, Наманган жана Фергана областтарында жашаган этникалык кыргыздар илгертеден бери бул аймактарда жашап келе жатышат. Бул областтарда жашаган этникалык кыргыздар Кыргызстандагы кыргыз туугандары менен тыгыз байланышта болуп келген. Туугандык мамилелер алыстап кетпестиги үчүн, куда сөөк болуп, туугандык мамилелерди бекем сактап келишкен. Совет мезгили доорунда Анжиян жана Наманган областтарында жашаган этникалык кыргыздар Кыргызстандагы кыргыз туугандары менен карым катнашы жакшы болгон. Ал учурда чек ара маселеси жок болчу. Өзбекстан, Кыргызстан мамлекеттери эгемендүүлүк алгандан кийин, чек ара маселелери көтөрүлүп, Анжиян жана Наманган областтарында жашаган этникалык кыргыздардын Кыргызстанга келүүсү татаалдыкты жаратып жаткан.

Анжиян облусунун Ханабад шаарында 2009- жылдын 26- май күнү белгисиз кишилер тарабынан жардырую болот. Шаарга чек ара жана ички иштер аскерлери тартылып, аскер техникалары киргизилген[166]. Бул окуядан кийин Өзбекстан мамлекети чек араларын бекемдеп, бажы жана чек ара бекеттерин жабат. Ушул окуядан кийин Анжиян жана Наманган областтарында жашаган этникалык кыргыздардын Кыргызстанга келүүсү татаалдашкан.

Анжиян областынын Ханабад шаарына караштуу Кыдырша айылынын тургуну Юлдашева Дилфуза Кыргызстандагы туугандары тууралуу маектешүү учурунда төмөндөгүдөй маалымат берди: *«Кыргызстанда туугандарым көп. Туугандарымдын 70% Кыргызстанда жашайт. Туугандарымдын көпчүлүгү Жалал-абад облусунда жашашат. Менин эки уулум Кыргызстанда жашайт. Бир*

[166] «Ханабадда эмне болуп жатат?» 25- февраль, 2025, https://www.azattyk.org/a/Uzbekistan_Hanabad/1739892.html

*уулум Жалал-абад облусунун Сузак районуна караштуу Барпы айыл өкмөтүндө жашайт. Бир уулум болсо, Бишкек шаарында жашайт. Кыргызстанга бир айда 2-3 жолу барып турамын. Туугандар жакшы жаман күндөрдө бири-биринин жанында болуш керек да. Кыргызстандагы туугандарыбыз биздин үйгө да келип турушат. 2009- жылдан кийин чек аралар жабылып, Кыргызстанга барышыбыз кыйын болуп калган эле. Азыр Кыргызстанга барышыбыз жеңил болуп калды. Кыргызстанга барганда 3 күн туруп кайтабыз, же болбосо бир жылга виза алып коймун. Бир жылга виза алсам, Кыргызстанда бир жыл жүрө аламын»* - деп маалымат берди [167]. Өзбекстандын жарандары Кыргызстанда көп убакытка жүрүү үчүн виза алуусу керек. Кыргызстан Тышкы иштер министрлиги Өзбекстандын жарандары үчүн виза тариздөө шарттары тууралуу маалымат тараткан. Ага ылайык, Кыргызстандын аймагында жүрүү жаңы эрежелерине ылайык, чет мамлекеттердин жарандары, анын ичинде Өзбекстандын жарандары узак мөөнөткө туруу үчүн виза алуусу керек. Министрлик Кыргызстан өкмөтү менен Өзбекстан өкмөтүнүн ортосундагы жарандардын өз ара сапарлары жөнүндө макулдашууга ылайык, визаларды алуу үчүн төмөнкү тарифтер колдонулат: 6 айга чейин - 10 АКШ доллары, 1 жылга чейин – 20 АКШ доллары. Өзбекстан жарандары виза алуу үчүн, www.evisa.e-gov.kg электрондук порталына катталып, виза ала алышат[168].

Кыргыз-тажик чек арасындагы 2021- жылдын 28-29-30-апрелдеги жана 1-майдагы чыр-чатактан улам Баткен облусунун Баткен районунун жана Лейлек районунун ондогон айылы жабыр тартып, үйлөр жана башка объектилер өрттөнүп, 30 дан ашуун киши курман болгон. 150 дөн көп адам жараат алган. Жалпы жонунан 20 миңден ашуун киши эвакуацияланган. Кыргызстанда 2021-жылдын 1-2-май күндөрү жалпы улуттук аза күтүү күндөрү деп жарыяланып, тиешелүү жарлыкка президент Садыр Жапаров 1-майда кол койгон. Жарлыкка ылайык, бул күндөрү өлкө боюнча, ошондой эле чет өлкөлөрдөгү дипломатиялык жана консулдук мекемелердин имараттарында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик туулары түшүрүлөт[169]. Баткендеги чыр-чатактан жабыр тарткан адамдарга Анжиян областынын Ханабад шаарындагы Кыдырша айылынын тургундары гуманитардык

---

[167] Юлдашева Дилфуза Абдуллаевна 1971- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Кыдырша айылы.
[168] «Кыргызстан ТИМи Өзбекстандын жарандары үчүн виза тариздөө шарттарын айтып берди», 26-февраль, 2025, https://kg.archive.kabar.kg/news/zbekstan-kyrgyzstan-vizasy/.
[169] «Кыргыз-тажик чек арасы: жоготуулар жана курмандыктар», 26- февраль, 2025, https://www.azattyk.org/a/kyrgyz-tazhik-chek-arasynda-2021/31231091.html.

жардам көрсөтүшкөн. Кыдырша айылынын тургуну Буранов Эргаш гуманитардык жардамды Баткенге жеткирип барган. Бул тууралуу төмөнкүчө маалымат берди: *«Биздин ата-бабаларыбыз Кыдырша айылына Баткенден көчүп келишкен экен. Биздин чоң аталарыбыз айтып калышчу. Кыргыз-тажик чек арасында жабыр тарткан адамдарга гуманитардык жардам берүү үчүн, айылыбыздагы аксакалдар кеңешип, айылыбыздан гуманитардык жардам чогултуп баштадык. Айылыбыздан чогулган гуманитардык жардамды Мырзакулов Абдумажид экөөбүз Баткенге жеткирип бардык»* - деп Буранов Эргеш маалымат берди[170]. Баткендеги кыргыз-тажик чыр-чатагынан жабыркаган адамдар үчүн, Кыргызстандын булуң бурчунан гуманитардык жардамдар чогултулуп, гуманитардык жардам жеткирилген.

Анжиян областынын Ханабад шаарындагы этникалык кыргыздар Кыргызстанга келүү үчүн, Жалал-абад областынын Бек-Абад чек ара өткөрмө бекетинен өтүшөт. 2023- жылдын, 1-сентябрында Кыргызстандын Сузак району жана Өзбекстандын Ханабад шаары менен чектешкен жердеги Бек-Абад көзөмөл өткөрмө бекети ачылган. Бул өткөрмө бекети 2009- жылдан бери жабык турган. Анын ачылышы салтанаттуу түрдө белгиленип, иш-чарага президенттин Жалал-Абад облусундагы өкүлү Абсаттар Сыргабаев, Өзбекстандын Андижан облусунун акими Шухратбек Абдурахманов жана эки өлкөнүн жергиликтүү тургундары катышышкан. Бек-Абад чек ара өткөрмө бекетинен жөө жүргүнчүлөр жана жеңил унаа каттамдары өтүүгө болот[171]. Ханабад шаарындагы Тейит айылынын тургуну Юлдашев Махамад Ысрайил Кыргызстандагы туугандары менен байланышы тууралуу жакшы экенин билдирип, төмөндөгүлөргө токтолду: *«Биздин айыл Кыргызстанга жакын болгондуктан, Кыргызстандагы туугандарыбыз менен тыгыз байланышта болуп келгенбиз. Менин туугандарымдын жарымынан көбү Кыргызстанда. 2009- жылда өзбек-кыргыз чек аралары жабылып баштаганда, айылыбыздагы көпчүлүк туугандарыбыз Кыргызстанга көчүп өтүп кетишти. Ошол жылдардан кийин, туугандарыбыз менен мамилелерибиз алыстай түштү. 2016- жылдан кийин кайрадан Өзбекстан менен Кыргызстан мамлекеттеринин мамилелери жакшы жолго түштү. Өзбек-кыргыз чек араларында адам өткөрүү бекеттери ачыла*

---

170 Буранов Эргаш Ниязбекович 1948- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Кыдырша айылы.

171«Кыргыз-өзбек чек арасындагы "Бек-Абад" бекети ачылды», 26- февраль, 2025, https://www.azattyk.org/a/32574122.html.

*баштады. Азыркы учурда Кыргызстанга баруу үчүн эч кандай көйгөй жок. Кыргызстанга баруу үчүн Бек-Абад бекетинен өтөбүз. Бек-Абад чек ара өткөрмө бекети биздин айылга жакын. 10 мүнөттө жетебиз. Каалаган учурубузда туугандарыбыздын үйүнө барып келебиз. Алар биздин үйгө конок болуп келип турушат»* - деп маалымат берди[172].

Анжиян областындагы Коргон-төбө, Кожо-абад, Мархамат, Жалакудук райондору жана Ханабад шаарында этникалык кыргыздардын саны көпчүлүктү түзөт. Бул район, шаарлар Кыргызстандын  Жалал-абад жана Ош областтары менен чектешет[173]. Анжиян областынын Коргон-төбө району Жалал-абад областынын Сузак району менен чектешет. Коргон-төбө районундагы этникалык кыргыздар Кыргызстандагы туугандарынын үйүнө баруу үчүн, Бек-абад чек ара  өткөрмө бекетинен өтүшөт. Коргон-төбө районуна караштуу Сүткөн айылынын тургуну Эргашева Карияхан төмөндөгүдөй маалымат берди: *«Менин апам Кыргызстандык. Жалал-абад областынын Сузак районунан болот. Тайкелеримдин үйүнө бат баттан барып турамын. Андан сырткары туугандарыбыздын көпчүлүгү Кыргызстанда. Туугандарыбыз менен мамилебиз алыстап кеткен жок. Алар менен ар дайым байланышып, катташып турабыз. Алар биздикине келет. Биз алардыкына барабыз. Биздин айылдаштардын көпчүлүгү Кыргызстанга көчүп өтүп кетишти. Көчпөгөндөр ушул Сүткөн айылында калдык. Туулган жердин топурагы алтын да. Ата-бабаларыбыз жашап келген жерди таштап кеткибиз келген жок. Кыргызстанга көчүп өткөн туугандарыбыздын жана айылдаштарыбыздын бардыгы Кыргыз өлкөсүнүн жарандыгын алышкан»*[174].

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги билдиргендей, «Кыргыз Республикасына көчүп келүүчү этникалык кыргыздарга берилүүчү мамлекеттик кепилдиктер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына киргизилген өзгөртүүлөр кайрылмандардын социалдык жана укуктук статусун кепилдейт. Мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөргө Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаров 2024-жылдын

---

[172] Юлдашев Махамад Ысрайил Ашурович 1962- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Тейит айылы.
[173] Юсупова С. Н, «Ўзбекистонда демографик жараёнлар ва уларнинг миллатлараро муносабатларга таъсири (1991-2016 йиллар, Андижон, Наманган, Фаргона вилоятлари мисолида)» (PhD диссертация, Андижон давлат университети, 2019), 52-б.
[174] Эргашева Карияхон Умурзаковна 1959- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Сүткөн айылы.

24-январында кол койгон. Кайрылман статусуна ээ болгон этникалык кыргыздарга мамлекет тарабынан кепилденген социалдык жеңилдиктер, анын ичинде мамлекеттик медициналык мекемелерде медициналык-санитардык жардам, жөлөк пул жана пенсия алуу, билим берүү, ишке орноштурууга көмөктөшүү, ошондой эле калктуу конуштардын жерлеринин категориясынан турак жай, үй куруу жана тейлөө, жеке көмөкчү чарба жүргүзүү үчүн жер участокторун пайдаланууга мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Кайрылмандын социалдык статусу ведомстволор аралык комиссия тарабынан берилет, анын курамына УКМКнын, ИИМдин, Эмгек министрлигинин жана калкты каттоо департаментинин өкүлдөрү кирет жана эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги тарабынан берилген күбөлүк менен ырасталат. Эгемендүүлүк жылдарында республикага 75 миңден ашуун этникалык кыргыздар көчүп келип, анын 70 миңи Кыргызстандын жарандыгын алышкан. Акыркы үч жыл аралыгында Тажикстан, Өзбекстан, Кытай, Россия, Афганистан жана башка өлкөлөрдөн келген 1729 этникалык кыргыз кайрылман статусун алышкан[175]. Өзбекстандык этникалык кыргыз Манас Умаров 2002- жылы үй-бүлөсү менен Кыргызстанга көчүп келишкен. Алар Чүй областынын Белеводский айылынан турак жай сатып алышып, кыргыз жарандыгын алышкан. Манас Умаров Кыргызстанга келгендиги тууралуу төмөндөгүдөй эскерет: «Кыргызстанга алгач келгенимде абдан жаш болчумун. Бирок жаш болсом да, өз улутумдун чөйрөсүн, өз мекенимдин абасын абдан жакындан сезгем. Кошуналарабыз да бизге абдан жакшы көңүл бурушчу. Жергиликтүү башкаруу органдары да жакшы кабыл алышып, убактылуу каттоого тургузушту. 5 жылдан кийин үй-бүлөбүздүн баарына жарандык паспорт берилди. Кыргызстандык бир туугандарыбызга, тийиштүү башкаруу органдарына абдан ыраазыбыз»[176].

Анжиян областындагы Коргон-төбө районуна караштуу Эшенабад айылындагы этникалык кыргыздардын көпчүлүгү Кыргызстанга көчүп өтүшкөн. Эшенабад айылынын тургуну Жоошбаев Сыдык туугандарынын Кыргызстанга көчүп өткөндүгү боюнча төмөнкүлөргө токтолду: *«Кыргызстанда туугандарым көп.*

---

[175] «Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги. Жаңы мыйзам этникалык кыргыздарга социалдык жеңилдиктерди кепилдейт», 27- февраль, 2025, https://mlsp.gov.kg/2024/01/25/emgek-ministrligi-zha%D2%A3y-myjzam-etnikalyk-kyrgyzdarga-soczialdyk-zhe%D2%A3ildikterdi-kepildejt/.

[176] «Атамдын акылмандыгы – бизди өз мекенибизге алып келгендигинде», Шоокум, №8. 2010, 28-б.

*Менин бир тууган иним Бишкек шаарында жашайт. Аялым Жалал-абад областынын Сузак районуна караштуу Жийде айылынан болот. Биздин айыл Кыргызстанга жакын болгондуктан, Кыргызстандагы туугандарыбыз менен ар дайым байланышып, катташып турабыз. Айылыбыздагы адамдардын көпчүлүгү 2009- жылдан кийин Кыргызстанга көчүп өтүп кетишти. Биздин айылдаштарыбыздын басымдуу бөлүгү Кыргызстандын Чүй жана Бишкек шаарына көчүп барышкан. Бизге коңшу жайгашкан Намуна айылындагы кыргыздар да Чүй жана Бишкек шаарына көчүп кетишкен. Көчүп кеткендердин баардыгы үй-жай курушуп, кыргыз жарандыгын алышкан. Кыргызстанга бара турган болсом, Бек-абад адам өткөрүү бекетинен өтөмүн»*[177]. Коргон-төбө районунда жашаган этникалык кыргыздар Кыргызстанга келүү үчүн, Жалал-абад областындагы Бек-абад чек ара өткөрмө бекетинен жана Ош областындагы Достук чек ара өткөрмө бекетинен өтүп, Кыргызстанга келишет. Коргон-төбө районуна Бек-абад чек ара өткөрмө бекети жакын. Ошондуктан Коргон-төбө районундагы кыргыздар Бек-абад адам бекетинен Кыргызстанга өтүшөт.

Анжиян областына караштуу Жалакудук районундагы этникалык кыргыздар да Кыргызстандагы туугандары менен тыгыз байланышта болуп турушат. Жалакудук районунун Хамза айылынын тургуну Маматисакова Наргиза Кыргызстандагы туугандары менен тыгыз байланышта болуп турат. Маматисакова Наргизанын чоң кызы Кыргызстандын Ош областына турмушка чыккан. Жолдошу Кыргызстандын жараны. Жолдошу ушул Хамза айылында туулуп, кийинчерээк Кыргызстандын жарандыгын алган. Азыркы учурда жолдошуу экөөсү Хамза айылында жашашат. Кыргызстанга баруу үчүн Достук өткөрмө бекетинен өтүп, Кыргызстанга барышат[178]. 2017- жылдын 6- сентябрында Өзбекстандын Анжиян областы менен Кыргызстандын Ош областындагы «Достук» өткөрмө бекети салтанатуу түрдө ачылган. Ачылыштын аземине Анжиян областынын акими Шухратбек Абдурахманов жана Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министри Дүйшөнбек Зилалиев, Ош шаарынын мэри Айтмамат Кадырбаев, Жогорку Кеңештин депутаттары Айнуру Алтыбаева жана Искендер Матраимов, өкмөттүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Таалайбек Сарыбашов жана эки өлкөнүн

---

[177] Жоошбаев Сыдык Эшбаевич 1959- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Эшенабад айылы.
[178] Маматисакова Наргиза 1977- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Хамза айылы.

жарандары катышкан. Достук өткөрмө бекетинен жүк ташуучу уналар, жеңил уналар жана адамдар өтүүгө болот[179].

Анжиян областынын Мархамат районундагы Акбаш айылынын тургуну Араббоев Султанбойдын Кыргызстандын Ош областынын Ноокат районунун Көк-жар айылында туугандары бар. Алар менен тыгыз байланышта болуп, туугандык мамилелери бекем сакталган[180]. Мархамат районунун Кушчу айылынын тургуну Абдурахманов Махаммад Кыргызстандагы туугандары менен болгон байланышын минтип айтат: *«Менин апам Ош областынын Ноокат районуна караштуу Көк-жар айылынан болот. Көк-жар айылындагы туугандарым менен мамилебиз жакшы. Туугандык мамилелерибиз алыстап кеткен жок. Совет мезгили доорунда жакшы болчу. Азыркыдай чек ара маселеси жок болчу. Азыр Кыргызстандагы туугандарыбыздын үйүнө барыш үчүн, адам өткөрүү бекетинен өтөбүз. 3 күндөн ашык убакытка турсаң, катоого туруш керек. Ушундай кагаз жумуштарынын айынан туугандарыбыз менен мамилебиз алыстай түштү окшойт. 2010-жылдан кийин чек аралар жабылып, Кыргызстандагы туугандарыбыз менен уюлдук телефон аркылуу гана байланышып калган элек. Мына азыркы учурда эки өлкөнүн президенттери жакшы мамиледе болуп жатат. Адам өткөрүү бекеттери кайрадан ачылып, Кыргызстандагы туугандарыбыз менен жолугушуп, алар менен байланышыбыз жакшы болуп калды. Кыргызстанга барыш үчүн Ош областындагы Достук өткөрмө бекетинен өтөбүз»* - деп айтты[181].

Анжиян областынын Кожо-абад районунун Карнайчи айылынын тургуну Арапов Ашырбектин 5 баласы бар. Төрт баласы Кыргызстандын Ош областында жашайт. Ош областында жашаган балдары кыргыз жарандыгын алышкан. Өзү болсо, бир баласы жана аялы менен ушул Карнайчи айылында жашайт. Кыргызстанга бир айда бир жолу балдары, неберелерин көргөнү барып турат. Андан сырткары туугандарынын көпчүлүгү Кыргызстанда жашайт. Карнайчи айылынын тургундары Ош областына бара турган болсо Достук адам өткөрүү бекетинен өтүшөт. Жалал-абад областына бара турган болсо, Бек-абад жана Маданият адам

---

179 «В Оше на кыргызско-узбекской границе официально открылся КПП «Достук», 27- февраль, 2025, https://ru.archive.kabar.kg/news/v-oshe-na-kyrgyzsko-uzbekskoi-granitce-ofitcial-no-otkrylsia-kpp-dostuk/.

180 Араббоев Султанбой 1950- ж.т. Анжиян областы, Мархамат району, Акбаш айылы.

181 Абдурахманов Махаммад Жиянбекович 1950- ж.т. Анжиян областы, Мархамат району, Кушчу айылы.

өткөрүү бекеттеринен Кыргызстанга өтүшөт[182]. 2017- жылдын 2- октябрында Жалал-Абад облусунун Ноокен районунда кыргыз-өзбек чегинде жайгашкан «Маданият» чек ара өткөрмө бекети ачылган. Иш-чарага Кыргызстандын жана Өзбекстандын жергиликтүү бийлик өкүлдөрү катышышкан. Бул көзөмөл өткөрүү жайы 2004- жылы жөө адамдар үчүн ачылып, 2016-жылы Өзбекстан тараптан бир тараптуу жабылып калган[183]. Мархамат району Кыргызстандын Ош областы менен чектешет. Мархамат районуна караштуу  Ардай айылындагы этникалык кыргыздардын туугандары Кыргызстандын Ош областарында жашашат. Ардай айылы чек арадагы айыл болгондуктан, айылдагы адамдар мурдатан бери, Кыргызстандагы кыргыз туугандары менен тыгыз байланышта болуп келген[184].

Наманган областынын Жаңы-коргон районуна караштуу Моңол айылынын тургуну Эшманбетова Бурулайдын эки бир тууганы Кыргызстанга турмушка чыккан. Балдарынан эки уулу Кыргызстанда жашайт. Эшманбетова Бурулай Кыргызстанга ай сайын барып турат. Анын апасы Жалал-абад облусунун Ала-бука районунан болот[185]. Наманган облусунда жашаган этникалык кыргыздар Кыргызстанга өтүү үчүн Баймак жана Кең-сай чек-ара бекеттеринен өтүшөт. 2017-жылдын 21- сентябрында Өзбекстандын Наманган областынын Касансай району менен Кыргызстандын Ала-бука районунда «Баймак» чек-ара бекети ачылат. Баймак чек-ара бекетинен жарандар жана жеңил автоуналардын өтүшүнө уруксат берилген. Жүк ташуучу оор машинелер өтүүгө болбойт[186]. 2024- жылдын 12-сентябрында Кыргызстан менен Өзбекстандын мамлекеттик чек арасындагы кайрадан курулган «Кең-Сай» жана «Үч-Коргон» өткөрүү бекеттери ачылган. Анын ачылышына суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министри Бакыт Төрөбаев катышып, бул бекеттер туристтердин агымын

---

182 Арапов Ашырбек Кылычевич 1957- ж.т. Анжиян областы, Кожо-абад району, Карнайчи айылы.
183 «Кыргыз-өзбек чек арасындагы «Маданият» бекети ачылды», 28- февраль, 2025, https://24.kg/kyrgyzcha/64214_kyirgyiz-ozbek_chek_arasyindagyi_madaniyat_beketi_achyildyi/.
184 Пулатов Рахим Ортикович 1962- ж.т. Анжиян областы, Кожо-абад району, Ардай айылы.
185 Эшманбетова Бурулай Маматовна 1971- ж.т. Наманган областы, Жаңы коргон району, Моңол айылы.
186 «Через КПП «Баймак» на кыргызско-узбекской границе ежедневно проходят более 500 человек», 28- февраль, 2025, https://rus.azattyk.org/a/28748620.html.

жогорулатууга, эки өлкөнүн тең транспорттук логистикасына жана элдин күнүмдүк жашоосуна ыңгайлуу шарт түзөрүнө ишенерин билдирген[187].

Наманган областынын Давлатобод районунун Елхон айылынын айыл өкмөт башчысы Кушманова Саодотхон Аксы жана Ала-бука райондорунда туугандары бар. Туугандарынын көпчүлүгү Кыргызстанда жашайт. Ал туугандары менен тынымсыз байланышып, алар менен катташып турат. Елхон айылындагы кыргыздар Баймак чек-ара өткөрүү бекетинен Кыргызстанга өтүшөт[188]. Наманган областынын Чорток районуна караштуу Богистон айылынын тургуну Чолпонкулова Алымкандын апасы Аксы районунан болот. Өмүрлүк жолдошунун туугандары да Аксы районунда жашайт. Кыргызстандагы туугандары менен ар дайым байланышып, алардын үйүнө конокко барып турат. Туугандары да Богистон айылына келип турушат[189].

Анжиян жана Наманган областтарын да жашаган этникалык кыргыздар Кыргызстандагы туугандары менен тыгыз байланышта болуп, алар менен туугандык карым катнаштары жакшы деңгээлде. Этникалык кыргыздардын Кыргызстандагы туугандары менен байланыштары Өзбекстан менен Кыргызстандын мамилелеринен көз каранды. Анткени, 2009-2016- жылдарда Кыргызстан менен Өзбекстандын чек-ара бекеттери жабылып, эки мамлекеттин мамилелери жакшы болгон эмес. Ушул жылдары этникалык кыргыздардын Кыргызстандагы туугандары менен болгон мамилелери алыстай түшкөн. Азыркы учурда эки мамлекеттин президенттери Садыр Жапаров жана Шавкат Мирзиёев мамлекеттик деңгээлдеги жолугушууларды өткөрүп жатышат. Жолугушуунун жыйынтыгында эки мамлекеттин ортосунда достук мамилелери жолго коюлуп, чек-ара бекеттери ачылып, эки мамлекеттин жарандары үчүн пайдалуу болуп жатат.

## 2.2. Маданий турмушу

### 2.2.1. Үй-бүлөлөк каада-салттары

---

[187]«Кыргыз-өзбек чек арасындагы "Кең-Сай", "Үч-Коргон" өткөрүү бекеттери ачылды», 28-февраль, 2025, https://sputnik.kg/20240912/kyrgyzstan-chek-ara-ekonomika-turizm-alaka-1088656297.html.

[188] Кушманова Саодотхон Каримжановна 1978- ж.т. Наманган областы, Давлатобод району, Елхон айылы.

[189] Чолпонкулова Алымкан Шодибековна 1964- ж.т. Наманган областы, Чорток району, Богистон айылы.

Фергана өрөөнүнүн Өзбекстан мамлекетине караган Анжиян жана Наманган областтарында жашаган этникалык кыргыздардын бүгүнкү жашоосунда үрп-адат, каада-салт, кийим-кече, тамак-аш, ырым-жырым, үй-бүлө, нике, той-тамаша, оюн-зоок, майрам жана башка жагдайларда этномаданий процесстер күчтүү жүрүп жаткан учуру. Бул жагдайлардын кайсы бирин алып карабайлы анда аралашуу жараянын көрүүгө болот. Эки элдин ортосундагы аралашуу жараянына алардын илгертеден калыптанып келе жаткан чарба жүргүзүүнүн формаларынын (мал чарбачылык, дыйканчылык) жалпылыгы, тилдик, кийим-кече, тамак-аш, салттык жакындыгы, диний ишенимдин бирдейлиги, күнүмдүк жашоо, турмуш-тиричиликтин окшоштугу ыңгайлуу шарттарды түзгөн. Анжиян жана Наманган областтарында жашаган этникалык кыргыздардын арасында болуп жаткан этномаданий процесстер бир жагынан кызыктуу болсо, экинчи жагынан бир топ өзгөчөлүктөр менен коштолот.

Ар бир элде өзүнүн өзгөчө менталитетин аныктай турган каада-салттар калыптанган. Кылымдардан бери кыргыз элинде калыптанып келген каада-салттар өз учурунда ислам дини тарабынан колдонууга тыюу салынса, кийин комунисттик доордун идеологиясы тарабынан кысымга алынган. Өзбекстан суверендүүлүктү алгандан тартып гана ал жерде жашаган кыргыздардын салт-санаасы эркин өнүгө баштады. Ата-бабалардан калган нарк-насил менен мурасты сактай албай кээде күч менен, кээде өз алдынча башка элдердин улуттук баалуулуктарына жамынып, аралашып кетүү акыр аягында элдин жоголуп кетүү коркунучун туудурушу баарыбызга белгилүү. Ошондуктан «тарыхы жок элдин келечеги жок» деп бекеринен айтышкан эмес. Тилекке каршы чет өлкөлөрдө, айрыкча Өзбекстанда жашаган кыргыздардын каада-салты бүгүнкү күнгө чейин изилденбей, унутта калгандыгы чындык[190].

Өзбекстан мамлекети эгемендүүлүк алгандан кийин, Өзбекстанда жашаган улуттарга өздөрүнүн маданий борборлорун түзүүгө уруксат берди. 1995- жылы Анжиян областында кыргыз маданий борбору түзүлөт. Аталган борбор юстиция департаменти тарабынан 1996- жыл, 7- июнь күнү №63 күбөлүк менен мамлекеттик каттоодон өткөн[191]. Анжиян областында түзүлгөн кыргыздардын маданий борбору

---

[190] Халматов К. А. Өзбекстанда жашаган кыргыздар: этномаданий процесстер, 100- б.

[191] Юсупова С. Н. Ўзбекистонда демографик жараёнлар ва уларнинг миллатлараро муносабатларга таъсири (1991-2016 йиллар, Андижон, Наманган, Фаргона вилоятлари мисолида), 51-б.

азыркы учурга чейин ишмердүүлүгүн жүргүзүп келүүдө. Анжиян кыргыз маданий борборунун жетекчиси Насиров Обиджон Хамидович. Насиров Обиджон Жалакудук районуна караштуу Абдуллабий айылынын тургуну. Насиров Обиджон менен маектешүү учурунда, кыргыз маданий борборунда кандай иштерди аткарасыздар? – деп суроо менен кайрылдык. Насиров Обиджон төмөндөгүдөй жооп берди: *«Өзбекстанда этникалык кыргыздардын саны көп. Анын ичинен Анжиян облусунда этникалык кыргыздардын саны көпчүлүктү түзөт. Өзбекстан мамлекетибиз жалпыбыздын үйүбүз. Бизди сен «кыргызсын» деп, эч ким бөлбөйт. Мамлекет тарабынан этникалык кыргыздарга көптөгөн шарттар түзүлүп жатат. Мисалы үчүн Анжиян областындагы кыргыз айылдарда, кыргыз жаштары өз эне-тили кыргыз тилинде билим алып жатышат. Кыргыз маданий борборунун негизги максаты өзбек-кыргыз достугун бекемдөө жана кыргыз маданий баалуулуктарын сактоо. Анжиян областында өткөрүлүп жаткан областтык, райондук, шаардык маданий иш чараларда кыргыз маданий борбору активдүү түрдө катышып келе жатабыз. Ал иш чараларда кыргыз боз үйүн тигебиз, кыргыз жаштары кыргызча ырдап, кыргыз бийлерин бийлешет. Жашы улуу аталар, апаларыбыз кыргыз улуттук кийимдерин калпак, элечектерин кийип, иш чараларда кыргыздын маданий баалуулуктарын чагылдырабыз. 10-15 жылдан бери кыргыз-өзбек мамилелери жакшы болбой калды эле. Азыркы учурда кыргыз-өзбек мамлекеттеринин президенттери жолугуп, достук мамилелерди орнотуп жатат. Кыргыз Республикасынын президенти Садыр Жапаров жана Өзбек Республикасынын президенти Шавкат Мирзиёевдерге ырахмат!»* - деп Насиров Обиджон кубануу менен айтты[192].

Өзбекстандын Кыргызстандагы ыйгарым укуктуу элчиси Комил Рашидов Эркин-Тоо гезитине берген маегинде, Өзбекстандагы кыргыздар тууралуу төмөндөгүлөргө токтолгон: *«Өзбекстандык кыргыздарга керектүү шарттар каралган. Өзбекстандагы этникалык кыргыздарга кылдаттык мамиле бар экенин баса белгилегим келет. Жылуу мамиленин сакталышына кылымдар бою калыптанган эки элдин маданий байланыштары, руханий жакындыктын өзөгү, бири-бирине болгон ызаат мамиле кармап турат дейт элем. Ошондой эле 2016-жылдын 1- октябрында кыргыз делегациясы достук сапары менен Андижанда*

---

[192] Насиров Обиджон Хамидович 1960- ж.т. Анжиян область, Жалакудук району, Абдуллабий айылы, Анжиян кыргыз маданий борборунун жетекчиси.

*болду. Бул сапардын мааниси өзгөчө экендигин кошумчалайм. Бул жолугушуу эки тараптуу мамилелердин өнүгүүсүнө күчтүү түрткү берди. Өзбекстандын аймагында жашаган кыргыз боордошторубузга жашоонун бардык тармактарында толук жана бирдей катышуусу үчүн бардык керектүү шарттар каралган. Элдер өз ара ынтымакта жашашат. Өзбекстанда 6 улуттук маданий борбор бар. Майрам күндөрүндө эки элге тиешелүү маданий иш чаралар өтүп турат»*[193].

Изилдөөнүн жүрүшүндө Өзбекстандын Анжиян жана Наманган областтарында жашаган этникалык кыргыздардын үй-бүлөлүк каада-салттары изилденди. Анжиян жана Намангандагы кыргыздардын көңүлдү бурууга арзый турган салт бул «үйлөнүү тою». Үйлөнүү тойдо да этномаданий процесстердин жүрүшүн байкоого болот. Анда кыргыз, өзбек улуттук жөрөлгөлөр, ырымдар бирдей жана аралаш аткарылат. Илгери уул-кыз кичине кезинде, ал тургай туула элегинде эле энелери «бел куда» болуп коюшкан. Халматов Кудратбектин изилдөөсүндө Өзбекстандагы кыргыздарда туугандар арасында никелешүү бар экенин оозеки булактарга таянып жазган. Талаа маалыматтарын чогултуу учурунда этникалык кыргыздарда туугандар арасында никелешүү жок экенин айтып жатышты. Анжиян областынын Кожо-абад районуна караштуу Карнайчи айылынын тургуну Тойчубаева Айсулууга «туугандар арасында никелешүү барбы?» деп суроо узаттык. *«Туугандар арасында никелешүү мурда бар болчу. Азыркы учурда туугандар арасында никелешүү жок. Туугандар арасында никелешүү, конфиликтерге себеп болуп, туугандардын карым-катнашы үзүлүп калат экен. Ошондуктан бүгүнкү күндө туугандар арасында куда түшүү жок»* - деп Тойчубаева Айсулуу маалымат берди[194]. Ата-энелер уулун үйлөнтүрүү үчүн, жакшы үй-бүлөлөрдүн кыздарын сураштырып, жуучулукка барышат. Анжиян областында жуучулукка үйлөнө турчу жигиттин аял кишилер барат. Тактап айтканда баланын апасы, тай эжеси же жакын туугандарынан жашы улуурак аялдар барат. Ал эми Наманган областында жуучулукка эркек кишилер барат. Наманган областынын Жаңы-коргон районундагы Ноо айылынын тургуну Сатыбалдиев Равшанга маектешүү учурунда

---

[193] Бактыбек к М. «Өзбекстандагы кыргыздарга бардык шарттар каралган», Эркин-Тоо, 7- февраль, 2017.
[194] Тойчубаева Айсулу Маматбековна 1971- ж.т. Андижан областы, Кожо-абад району, Карнайчи айылы.

суроо бердик. Жуучулукка кимдер барат?. Сатыбалдиев Равшан: *«Биздин Наманган областындагы кыргыздарда жуучулукка эркек кишилер барат. Мен балдарымды үйлөдүм. Баарында тең жуучулукка өзүм бардым. Эркек кишилер жуучулукка барып, такташып келебиз. Кыздын ата-энеси макул болсо, кыз менен жигит жолугушууга чыгат. Эки жаш жолугуп бири-бирине жагып, туура келсе тойду баштайбыз»*[195]. Ата-энелер макулдашып, сүйлөшкөндөн кийин калындын баасын сүйлөшүшөт. Кызга калын берүү салты Фергана өрөөнүндөгү этникалык кыргыздарда да сакталып калган. Калындын баасы Кыргызстандагы кыргыздарга салыштырмалуу баасы төмөн. Анжиян областынын Коргон-төбө районуна караштуу Кызыл-токой айылынын тургуну Каримова Мастура калын тууралуу минтип жооп берди: *«Бизде кыз узатуу кыйын. Кыз бермек, жан бермек деп айтылат. Калындын баасы АКШ доллары менен миң доллардан эки миң долларга чейин. Эми ата-энелердин сүйлөшүүнө жараша. Күйөө баланын ата-энеси берген калындын акчасы, эч нерсеге жетпей калат. Кыздын ата-энеси кызына сеп кылып берет. Күйө баланын эки бөлмөсүн көрпө төшөк, мебел, гилем жана башка жасалгалар менен жасап берет. Ошентип кызга берилген калындын акчасы эч нерсеге жетпей калат. Ата-энелер кыздын себин жакшы кылып бергенге милдеттүүбүз. Анткени кызыбыз барган жерде өксүп калбасын дейбиз»*[196]. Оозеки булактарды чогултуу учурунда этникалык кыргыздар да кыз узатуу чыгымдар көп болоорун айтып жатышты. Этникалык кыргыздарда «тойлук» деген салт бар. Жигиттин ата-энеси кыздын үйүндө өтө турчу тойго керектелүүчү чыгымдарды алып бериши керек. Пахта, кой, май, нан, күрүч, ун, ширииндиктерди алып берет же болбосо акчалай түрүндө беришет. Жигиттин ата-энеси жакын туугандары менен бирге «тойлукту» кыздын үйүнө жеткирүү менен бирге жасала турган кийиттер, кыздын кийим-кечеси тууралуу сүйлөшүп алышат. Бул арада «Пата той» деп аталат. Пата тойдон тойго чейинки аралык жигит үчүн «күйөө качуу» мезгили деп аталып, бул мезгилде жигит кыздын туугандарына көрүнбөй качып жүрүшү керек болот. Анткени жигиттин качпай, уялбай жүрүшү, анын уятсыздыгын жана кыздын туугандары урматтабагандыгын билдирет[197]. Эки жаштын үйлөнүү үлпөт тоюунун күнү белгиленден 4-5 күн мурда, кыздын ата-

[195] Сатыбалдиев Равшан 1954- ж.т. Наманган областы, Жаңы-коргон району, Ноо айылы.
[196] Каримова Мастура Сайфитдиновна 1975- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Кызыл-токой айылы.
[197] Халматов К. А. Өзбекстанда жашаган кыргыздар: этномаданий процесстер, 121-б.

энелери тарабынан «мазар» берүү салты аткарылат. Мазар берүү салтыны Жалакудук районуна караштуу Хамза айылынын тургуну Маматисакова Наргиза мындайча түшүндүрүп берди: «*Кыздарды турмушка узатып жатканда мазар беребиз. Мазарды кыздын жеңелери тойдон мурда күйө баланын үйүнө алып барышат. Мазарда тамак аш, таттуулар, сусундуктар болот. Кыздын ата-энеси 15 себет даярдап берет. Күйө баланын үйүнө кыздын жеңелери келгенде, күйө бала үйүнө досторун чакырат. Кыздын жеңелери күйө баланын үйүндө дасторкон жазышып, күйө бала жана достору таттуулардан, тамак аштан даам татып сый көрүшөт. Күйөө бала жана анын досторуна намаз окуганга жай намаз, тесби берилет. Мазарга кеткен чыгымдардын баарын, кыздын ата-энеси камсыздайт. Азыр мазар берүү өзгөрүлүп жатат. Мазардын ордуна кыздын ата-энеси акчалай түрдө берип коюп жатышат. Күйө бала достору менен чайхана барып, досторун сыйлап коюп жатат. Бул мазар берүү салты өзбек бир тууггандарыбыздан келген салт*»[198]. Анжияндык кыргыздарда «кыз беркитүү» деген салт бар. Кузикулов Икромжондын изилдөөсүндө Анжиян, Наманган, Фергана (водий) областтарында жашаган өзбек, тажик элдеринде «кыз беркитүү» салты бар экендиги тууралуу маалымат берген[199]. Күйө бала келиндин үйүнө жоро жолдоштору менен келип, тамактанышып сыйланышат. Ал учурда кыз өзүнүн үйүндө эмес коңшуларынын үйүндө болот. Күйө бала үйдөн чыгып, кыздын жеңелерине акча бергенден кийин гана, кыздын жеңелери кыздын кайсыл үйдө экенин айтышат. Күйө бала жоро жолдоштору менен кыз жайгашкан үйгө барып, кызды өзүнүн үйүнө алып келишет. Күйө бала келинди үйүнөн алып кетип жатканда, кыздын атасы бата берет. Бата берип бүткөндөн кийин, кыздын атасы күйө бала менен кызынын белине чарчы байлап койот. Себеби, жашоодо бели бекем болуп, турмушу жакшы болсун деген максатта чарчыны байлайт[200].

---

[198] Маматисакова Наргиза 1977- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Хамза айылы.

[199] Кузикулов И. У., «Роосия имперяси мустамлакачилик сиёсатининг Туркистондаги этномаданий жараёнларга таъсири(Фаргона водийси материаллари асосида)» (Тарих фанлари бўйича PhD диссертация, Термиз давлат университети, 2022), 123.

[200] Юлдашева Дилфуза Абдуллаевна 1971- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Кыдырша айылы.



**Сүрөт .2.1.** Этникалык кыргыздардын үйлөнүү үлпөт тою. Булак: Автордун талаа дептери.

Өзбекстандын жарандары үйлөнүү тойдон мурда жигит менен кыз, медициналык текшерүүдөн өтүшү керек. Өзбекстан Республикасынын минстирлер кабинетинин 2003- жылдын 25- августтагы №365 токтомуна ылайык, «никеге туруучу жарандардын медициналык кароодон өткөрүү» боюнча токтом кабыл алынган[201]. Медициналык кароодон өткөндөн кийин гана «жарандардын абалын каттоо бөлүмү» (ЗАГС) тарабынан никеге туруу боюнча арыз, документтер кабыл алынат. Нике күбөлүгүн алгандан кийин гана, имам нике кыят. Эгерде нике күбөлүгү жок жарандарга имам нике кыя турган болсо, мамлекет тарабынан жазага тартылат. Этникалык кыргыздарда нике кыю салты той күнү ишке ашырылат. Нике кыю салтына күйөө баланын жакын досу жана өкүл ата, өкүл апасы катышат. Кыз тартаптан болсо, кыздын жакын курбусу катышат. Той күнү күйөө баланын үйүнө той сахнасы курулат. Бул той тууралуу Анжиян областынын Ханабад шаарындагы Тейит айылынын тургуну Шералиева Шайыргүл төмөнкүдөй маалыматтар менен

[201] Шарахметова У, Баратов М. Никох тузиш хукукунгиз бор. Рисола. (Тошкент: ТДЮУ нашриёти, 2021),20-б. https://lex.uz/userfiles/file/%D0%9D%D0%B8%D0%BA%D0%BE%D2%B3%20%D1%82%D1%83%D0%B7%D0%B8%D1%88.%20%D0%A8%D0%B0%D1%80%D0%B0%D1%85%D0%BC%D0%B5%D1%82%D0%BE%D0%B2%D0%B0%20%D0%A3,%20%D0%91%D0%B0%D1%80%D0%B0%D1%82%D0%BE%D0%B2%20%D0%9C.%202021.pdf.

бөлүштү. *«Той күнү күйөө баланын үйүнө сахна курулат. Үйлөнүп жаткан жубайлар достору менен шаарды сейилдеп, сүрөткө түшүп, кеч кирип жатканда күйөө баланын үйүнө келишет. Курулган сахнага эки жаш олтурушат. Эки жаштын достору да сахнада курулган стулдарга олтурушат. Музыканын коштосу менен той башталат. Эки жаштын тууган уруктары кезеги менен сөзгө чыгышып, эки жашка бакыт каалап, куттуктоолорду айтышат. Тойлордо кыргызча, өзбекче ырлар коюлат»*[202]. Той болгондон кырк күн өткөндөн кийин кыздын ата-энеси, аларды үйүнө чакырып, «күйөө чакырды» салтын өткөрөт.Байыркы кыргыздарда болсо, жубайлар баш кошкондон бир жылдан кийин гана кыздын төркүнүнө баргандыгы, ага чейин барганга тыюу салгандыгы белгилүү. Күйөө чакырды салтынын жүрүшүндө күйөө бала кыздын тууганадары менен жакныдан таанышат, кайын ата, кайын энесинин сыйын көрүп, конок болот. «Күйөө чакырды» салтынан кийин гана эки жаш кыздын үйүнө каалаган мезгилде бара алат, ага чейин барганга салт жол бербейт[203].

Этникалык кыргыздар көп жашаган айылдарда үйлөнүү үлпөт тойлорунда күйө бала жана анын достору ак калпак кийишет. Күйө бала жолдоштору менен кыздын үйүнө барганда, акардиондун коштосунда кыргызча ырларды ырдап киришет. Чек арада жашаган кыргыздар, атайын Кыргызстандын Ош жана Жалал-абад областарынан акардион черте алган ырчыларды алып келишет[204]. Анжиян жана Наманган областарында жашаган этникалык кыргыздардын үйлөнүү үлпөт тойлору кыргыз-өзбек салттары аралашып кеткен. Кантсе да, этникалык кыргыздар кыргыз салттарын, кыргыз баалуулуктарын сактап келе жатышат.

### 2.2.2. Билим берүүнүн абалы

Анжиян жана Наманган областтарында кыргыз мектептер жана кыргыз класстар бар болуп, ал мектептерде азыркы күнгө чейин кыргыз тилинде сабактар өтүлүп келе жатат. Кыргыз класстар үчүн окуу китептер Өзбекстандын Ташкент шаарынан кыргыз тилинде басмаканадан басылып, Өзбекстандагы кыргыз класстарга таратылат. Кыргызстандан сырткары жашаган этникалык кыргыздар, Кыргызстандын жогорку окуу жайларына бюджеттик негизде окууга тапшыра

[202] Шералиева Шайыргүл Нурбаевна 1976- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Тейит айылы.
[203] Халматов К. А. Өзбекстанда жашаган кыргыздар: этномаданий процесстер. 125-126-б.
[204] Юлдашева Дилфуза Абдуллаевна 1971- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Кыдырша айылы.

алышат. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2003-жылдын 25-мартындагы №102 «Чет өлкөлөрдө жашаган мекендештерге билим берүү жана улуттук маданият маселелеринде колдоо көрсөтүү боюнча чаралар жөнүндө» жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 3-декабрындагы №752 токтомун аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жыл сайын чет өлкөдө жашаган этникалык кыргыздарды Кыргызстандын жогорку окуу жайларына тандап алуу жана кабыл алуу боюнча иш жүргүзүп келе жатат[205]. Кыргыз Республикасы 2024-2025- окуу жылы үчүн чет элдеги этникалык кыргыздар үчүн, жогорку окуу жайлардан 75 орун берген. Сынакка Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Кытай, Түркия жана Пакистанда жашаган этникалык кыргыздар катыша алат[206].

Юсупова Севаранын изилдөөсүндө Анжиян областында кыргыз тилинде билим берген мектептердин жалпы саны 33 мектеп бар деп жазылган. Анын ичинен 9 кыргыз мектеп, калган 24 мектеп кыргыз-өзбек тилдеринде билим берет. Анжиян областында Өзбекстан Республикасы боюнча жалгыз гана кыргыз тилинде сабак берген адистештирилген мектеп бар. Андан сырткары Андижан мамлекеттик университетинин филология факультетинде кыргыз тили жана адабияты бөлүмү иш жүргүзүп келүүдө. Ал бөлүмдө кыргыз тили жана адабияты адистери даярдалат[207]. Изилдөөнүн жүрүшүндө азыркы учурда Анжиян областында кыргыз тилинде билим берген мектептердин саны 18, алардын ичинен 2 мектеп кыргыз мектеп. Калган 16 мектеп кыргыз-өзбек тилдеринде сабак берет.

Анжиян областына караштуу Ханабад шаарындагы Кыдырша жана Тейит айылдарындагы мектептерде окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт. Кыдырша айылындагы мектеп совет мезгилинде ачылган. Мектеп ачылгандан баштап, азыркы учурга чейин окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт. Мектеп жаңыдан ачылган мезгилде мугалимдер жок болгондугуна байланыштуу Кара-Балтадан Алымбек агай аялы менен келип балдарды окуткан. Андан кийин Кыдырша айылында алгачкылардан болуп, Жолдошов Айтали агай балдарды окутуп

---

[205] «Ежегодно для этнических кыргызов выделяются бюджетные места для поступления в медицинские вузы КР», 1- март, 2025, https://edu.gov.kg/organizations/5/posts/191/.
[206] «Этникалык кыргыздарга окуу жайлардан 75 квота бөлүндү», 1- март, 2025, https://www.azattyk.org/a/32933890.html.
[207] Юсупова С. Н. Ўзбекистонда демографик жараёнлар ва уларнинг миллатлараро мунособатларга таъсири (1991-2016 йиллар, Андижон, Наманган, Фаргона вилоятлари мисолида), 52-б.

баштаган. Азыркы учурда Кыдырша айылындагы №6 орто мектепте 172 окуучу окуйт. Мектепте иштеген мугалимдердин саны 20. Мектепте окуу китептери толук жетиштүү. Окуучулардын окуу китептери Ташкенден кыргыз тилинде басылып келет. Жылдын башында окуу китептери окуучуларга бир жылга акысыз берилип, жылдын аягында окуучулардан китептерди чогултуп алынат. Мектепте окуучулардын билим алуусуна бардык шарттар түзүлгөн. Жыл сайын 1- класска кабыл алынган окуучуларга атайын президенттин белеги берилет. Президенттин белегинде: сумка, китеп, дептер жана башка окуучуларга керектелүүчү окуу куралдары берилет[208]. №6 орто мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими Ашурова Гүлмира менен маектешүү учурунда айылындагы мектеп тууралуу төмөндөгүдөй маалымат берди: *«Мен ушул №6 орто мектепте 20 жылдан бери кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп эмгектенип келе жатамын. Мектебибиз 720 окуучуга ылайыкталып салынган. Кыргыз тили жана адабияты сабагынан «Ыр дүйнө - менин жан дүйнөм» аттуу адабий ийрим түзгөнмүн. Ийримдин негизги максаты окуучуларга кыргыз элинин тилин, маданиятын үйрөтүү болуп эсептелет. Ийримде ар кандай иш-чараларды өткөрүп турабыз. Мисалы: Чыңгыз Айтматовдун, Алыкул Осмоновдун туулган күндөрүн белгилеп турабыз. Андан сырткары өзбек адабиятындагы Алишер Навои, Захриддин Мухаммад Бобур жана Өзбекстан мамлекетиндеги белгилүү күндөргө карата иш-чараларды өткөрүп турабыз»[209].*




[208] Хайдаров К. «Анжыян облусундагы Кыдырша айылы», Кыргыз Туусу, 7- февраль 2025.
[209] Ашурова Гүлмира Арапбаевна 1980- ж.т. Анжиян область, Ханабад шаары, Кыдырша айылы.

**Сүрөт . 2.2.** Анжиян област, Ханабад шаарына караштуу Кыдырша айылындагы №6 мектептин мугалимдери. Булак: Автордун талаа дептери.

Ханабад шаарындагы №4 орто мектеп Тейит айылына жакын жайгашкан. №4 орто мектепте окутуу үч тилде жүргүзүлөт. Кыргыз, өзбек жана орус тилдеринде. Мектепте окуучулардын билим алуусуна бардык шарттар түзүлгөн[210]. Тейит айылынын тургуну жана №4 орто мектептин завучу Шералиева Шайыргүл мектеп тууралуу төмөнкүлөргө токтолду: *«Мен азыркы учурда №4 орто мектептин завучу болуп эмгектенип келе жатамын. Мектебибизде окутуу үч тилде жүргүзүлөт. Кыргыз, өзбек жана орус тилдеринде. Кыргыз класстарга окуу китептери толук кандуу жетиштүү. Китептер мамлекет тарабынан окуучуларга акысыз таратылат. Окуу китептеринен кыргыз адабий китептери жетишсиз. Быйыл 2024-жылдын 25- майында мектебибиздин 20 жылдык бүтүрүүчүлөрү окуучуларга Кыргызстандан адабий китептерди алып келип беришти. Китептерди алып аябай кубанычка толдук. Эми мектептеги кыргыз окуучулары кыргыз адабий китептерин алып, өз эне тилиндеги адабий китептерди окушат»* - деп кубануу менен айтып берди[211].

Анжиян областына караштуу Коргон-төбө районунда этникалык кыргыздар көп жашагандыктан, бул райондо кыргыз мектептердин саны да көп. Коргон-төбө районуна караштуу Сүткөн айылында №31 орто мектеп бар. Бул мектепте окутуу эки тилде жүргүзүлөт. Кыргыз жана өзбек тилинде. Мектепте 280 окуучу окуйт. Кыргыз класстар үчүн окуу китептери толук кандуу жетиштүү. Өзбек класста окуган окуучуларга китеп жетишсиз болуп калат[212]. Сүткөн айылына жакын жайгашкан Алтын-сай айылында кыргыз класстар ачылган. Бирок, мугалимдердин жетишсиздигинен Алтын-сай айылындагы мектепте кыргыз класстар жоюлган. Азыркы учурда кыргыз жаштары өзбек тилинде билим алышат[213]. Коргон-төбө районуна караштуу Намуна жана Эшенабад айылдарында кыргыз класстар бар. Намуна айылындагы №30 орто мектепте окутуу эки тилде жүргүзүлөт. Бул мектеп

[210] Хайдаров К. «Анжыян облусундагы Кыдырша айылы», Кыргыз Туусу, 7- февраль 2025.
[211] Шералиева Шайыргүл Нурбаевна 1976- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Тейит айылы.
[212] Эргашева Карияхон Умурзаковна 1959- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Сүткөн айылы.
[213] Жумабаев Орозаалы Ташболотович 1955- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Алтын-сай айылы.

мурда кыргыз тилдүү мектеп болгон. Азыркы учурда өзбек класстар ачылган. 2023-жылы мектептин 40 жылдык бүтүрүүчүлөрү мектепке Кыргызстандан кыргыз тилиндеги адабий китептерди алып келип беришкен[214]. Ал эми Эшенабад айылында №29 орто мектеп жана №30 адистештирилген мектеп. №29 орто мектепте окутуу кыргыз жана өзбек тилдеринде жүргүзүлөт. Ал эми №30 орто мектеп математика предметине адистештирилген мектеп болуп, сабактар кыргыз тилинде окутулат. Бул мектепте өзбек класстар жок. Азыркы учурда №30 адистештирилген мектепте 252 окуучу окуйт. Мектеп 1996- жылы түптөлгөн. Бул мектепке Эшенабад айылынан сырткары, Сүткөн, Алтын-сай жана Намуна айылдарынан кыргыз жаштары келип билим алышат. Эшенабад айылындагы №30 адистештирилген мектеп, Өзбекстан боюнча жалгыз гана адистештирилген кыргыз тилиндеги билим берүүчү мектеп[215]. Коргон-төбө районуна караштуу Зарбулак айылындагы №48 орто мектепте окутуу кыргыз жана өзбек тилдеринде жүргүзүлөт. Мектеп 1993- жылы ачылган. Мектеп жаңы ачылганда кыргыз тилиндеги китептер жок болуп, мектептеги мугалимдер Жалал-абад, Ош областтарына барып кыргыз тилиндеги окуу китептерди алып келишип, балдарды окуткан. Азыркы учурда мектепте кыргыз тилиндеги окуу китептери толук кандуу жетиштүү[216].

Коргон-төбө районундагы Жартыбаш жана Кызыл-токой айылдарындагы мектептерде да кыргыз класстар бар. Жартыбаш айылындагы №26 орто мектепте окутуу кыргыз жана өзбек тилдеринде жүргүзүлөт. Мектеп 1976- жылы курулган[217]. Талаа маалыматтарын чогултуу учурунда Кызыл-токой айылындагы №24 орто мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими Каримова Мастура өзү иштеген мектеп тууралуу баалуу маалыматтар менен бөлүштү: *«Айылыбыздагы №24 орто мектепте окутуу эки тилде жүргүзүлөт. Кыргыз жана өзбек тилдеринде. Мурда жалаң кыргыз тилинде окутулчу. Азыркы учурда өзбек класстар ачылды. Мектебибизде 286 окуучу окуйт. Окуучуларга окуу китептери толук жетиштүү. Биздин мектепте кыргыз тилиндеги адабий китептер*

[214] Султанова Унсунай Маматовна 1967- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Намуна айылы.
[215] Карабеков Таалайбек Вахабович 1973-ж. т. Анжиян область, Коргон-төбө району, Эшенабад айылы. №30 адистештирилген мектептин директору.
[216] Турдубаев Нурмамат 1955- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Зарбулак айылы.
[217] Рахматова Динара Элмуратовна 1991- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Жартыбаш айылы.

*жетишсиз»*[218]. Анжиян жана Наманган областарындагы кыргыз класстар үчүн, кыргыз тилиндеги адабий китептер жетишсиз. Өзбек республикасы тарабынан предметтик китептер кыргыз тилинде басылып чыгып, окуучуларга акысыз таратылат. Бирок, кыргыз тилиндеги адабий китептердин жоктугун Анжиян жана Наманган областарындагы кыргыз класстардын мугалимдери баса белгилеп айтып жатышты.

Анжиян областынын Жалакудук районундагы Кутлук, Хамза, Ахунбабаев айылдарындагы мектептерде окутуу кыргыз жана өзбек тилдеринде жүргүзүлөт. Кутлук айылындагы №43 орто мектептин замдиректору Останов Нурлан агай мектеп тууралуу төмөнкүлөргө токтолду: *«Мектебибиз совет мезгилинин алгачкы жылдарында түзүлгөн. Ал учурда өзбек тилинде окутулган. Азыркы биз турган №43 орто мектеп, 1982- жылы курулган. Мектебибиз 360 окуучуга ылайыкталган. 2023- жылы мектебибиз капитал ремонт болду. Азыркы учурда мектебибизде 13 класс бар. Анын ичинен 2 класс өзбек класс. Биздин мектепте окутуу кыргыз жана өзбек тилдеринде жүргүзүлөт. Мектепте баардык шарттар түзүлгөн. Кыргыз тилинде сабак өткөн мугалимдер жетишсиз болуп жатат»*[219]. Хамза айылынынын Кадаксын көчөсүндө этникалык кыргыздар жашайт. Хамза айылында өзбек улуту көп болгондуктан, совет мезгилинде окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн. Хамза айылында №73 орто мектеп бар. №73 орто мектептин 1989- жылы кыргыз флиалы ачылган. Ал мектепте Хамза айылынын Кадаксын көчөсүндө жашаган этникалык кыргыз жаштары барып билим алышат. Бул мектепте да кыргыз ттилинде сабак өткөн мугалимдер жетишсиз. Математика мугалими жок. Өзбек мектептен мугалим келип сабак берет[220].

---

[218] Каримова Мастура Сайфитдиновна 1975- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Кызылтокой айылы.
[219] Останов Нурлан Шакиржон угли 1992- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Кутлук айылы.
[220] Маматисакова Наргиза 1977- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Хамза айылы.




**Сүрөт 2.3.** Анжиян област, Жалакудук районуна караштуу Кутлук айылында №43 мектеп. Булак: Автордун талаа дептери.

Ахунбабаев айылындагы №29 орто мектептин кыргыз тили жана адбияты мугалими Мадбоева Донахон менен маектешүү учурунда өзү иштеген мектеп тууралуу төмөндөгүдөй маалымат берди: *«Айылыбызда №26 мектеп бар. Окутуу өзбек жана кыргыз тилдеринде жүргүзүлөт. Азыркы учурда мектебибизде 269 окуучу бар. Жалпы 20 класс бар. Анын ичинен: 11 класс кыргыз класс, 9 класс өзбек класс. Мурда кыргызча китептердин ижарасы кымбат эле. Ата-энелер китеп жок, китептердин арендасы кымбат деп, балдарын өзбек класстарга беришет эле. Ата-энелерге түшүндүрүү иштерин жүргүздүк. Балдарыңарды өзбек класска берсеңер 3 тилди билишет, ал эми кыргыз класска берсеңер балдарыңар 4 тилди билешет деп айтып жаттык. Ата-энелерге туура түшүндүрүү иштерин жүргүзүп кыргыз класстарды сактап калдык. Азыркы учурда кыргызча китептер толук кандуу жетиштүү. Китептер окуучуларга бир жылга акысыз таратылат. Мектебибизде окуучулардын билим алуусуна бардык шарттар түзүлгөн. Өзбекстан мамлектибиз бардык шарттарды түзүп берип жатат»*[221].

Анжиян областына караштуу Мархамат районундагы Кушчу айылында №34 орто мектепте да кыргыз класстар бар. Мектеп 1990- жылы курулган. №34 мектепте

[221] Мадбаева Данахан Мамадалиевна 1968- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Ахунбабаев айылы.

2015- жылга чейин кыргыз класстар болгон. 2015- жылдан баштап өзбек класстар ачылып баштаган. Азыркы учурда мектепте жалпысынан 273 окуучу окуйт. Мектепте жалпысынан 16 класс бар. Алардын ичинен кыргыз класстардын саны 5, калган 11 класс өзбек класстар. Кыргыз класстагы окуучулардын саны: 6- класста 3 окуучу, 8- класста 2 окуучу, 9- класста 8 окуучу, 10- класста 10 окуучу, 11- класста 15 окуучу окуйт. Кыргыз класстагы окуучулардын саны азайып кеткен. Башталгыч класстарда кыргыз класстар ачылбай калган. Ата-энелер да балдарын, өзбек класстарга берип баштаган. Мархамат районунда кыргыз класстар бар жалгыз гана ушул №34 орто мектеп. Бул мектеп 5, 6 жылдын ичинде толук өзбек тилдүү мектеп болуп калат[222].

Анжиян областына караштуу Кожо-абад районундагы Ардай жана Карнайчи айылдарындагы мектептерде кыргыз класстар бар. Ардай айылындагы №6 орто мектеп 1997- жылы курулган. Совет мезгили доорунда Ардай айылындагы мектеп өзбек тилинде болгон. Кыргыз класстар 1991- жылдан кийин ачыла баштаган. Азыркы учурда №6 орто мектепте окутуу эки тилде жүргүзүлөт. Өзбек жана кыргыз тилдеринде. Жалпы 20 класс бар. Сегиз класс кыргыз класс, калганы өзбек класстар. Кыргыз класстар үчүн мугалимдер жетиштүү[223]. Карнайчи айылындагы №10 орто мектептин башталгыч класс мугалими Тойчубаева Айсулуу мектеп тууралуу төмөндөгүдөй маалымат берди: *«Айылыбыздагы №10 орто мектепте окутуу кыргыз жана өзбек тилдеринде жүргүзүлөт. Кыргыз класстар сабактарды толук кыргыз тилинде окушат. Азыркы учурда мектебибизде 350 окуучу окуйт. Жалпы 20 класс бар. Тогуз класс кыргыз класс, он бир класс өзбек класс. Кыргыз ата-энелери балдарын өзбек класстарга да беришет. Анткени жогорку окуу жайга өткөндө өзбек тилинен кыйналбасын деп. Бирок, кыргыз класста окуп бүткөн окуучуларыбыз да Өзбекстандын жогорку окуу жайларына тапшырып, кыйналбай эле окуп жатышат. Мектебибиздеги кыргыз класстар да өзбек тили сабагын окушат. Биздин мектептин бүтүрүүчүлөрү Андижан мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты факультетине окууга тапшырып, окуп жаткан бүтүрүүчүлөрүбүз бар. 2024-2025 окуу жылындагы Биздин мектептен 3 окуучубуз бюджеттик окууга өттү. Алардын*

222 Абдурахманов Махаммад Жиянбекович 1950- ж.т. Анжиян областы, Мархамат району, Кушчу айылы.
223 Курбонов Шерзод 1980- ж.т. Анжиян областы, Кожо-абад району, Ардай айылы.

*экөөсү кыргыз тили жана адабияты адистигине, бирөөсү башталгыч класс адистигине кабыл алынышты»*[224].

Анжиян областынын Булакбашы районундагы Кашкар айылында №19 мектепте окутуу эки тилде жүргүзүлөт. Азыркы учурда №19 орто мектепте 500 окуучу билим алып жатышат. Мектепте 50 мугалим эмгектенип келе жатат. Кыргыз класстардын саны 11, ал эми өзбек класстардын саны 11[225]. Булакбашы районунун Бостон айылындагы №29 орто мектепте да окутуу эки тилде жүргүзүлөт. №29 орто мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими Алимова Хонойимга мектеп тууралуу суроо узаттык. Ал минтип жооп берди: *«Айылыбыздагы №29 орто мектеп 1991- жылы кыргыз мектеп болуп ачылган. Мен ушул мектепте 28 жылдан бери кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп эмгектенип келе жатамын. Ош мамлекеттик университетинин филология факультетинин бүтүрүүчүсүмүн. Мектеп жаңы ачылган мезгилде кыргыз тилиндеги окуу китептери жок болуп, Ош областынан кыргыз тилиндеги китептерди алып келип, сабак өтөт элек. Азыркы учурда окуучулар үчүн, предметтик окуу китептери толук кандуу жетиштүү. Бүгүнкү күндө мектебибизде жалпысынан 347 окуучу окуйт. 137 окуучу кыргыз класста, 203 окуучу өзбек класста окуйт*[226]*».*

Наманган областында азыркы учурда кыргыз тилинде окуткан эки мектеп бар. Бул мектептер Наманган областынын Жаңы-коргон районуна караштуу Моңол жана Ноо айылдарындагы мектептер. Моңол айылындагы №35 орто мектепте азыркы учурда 154 окуучу билим алып жатышат. Мектеп мугалимдердин саны 26 мугалим эмгектенет. Мугалимдердин баары жогорку билимдүү. Окуучулардын билим алуусуна бардык шарттар түзүлгөн. Окуу куралдар менен толук камсыз болгон[227]. Моңол айылындагы №35 орто мектептин директору Юнусов Баязбек агай менен маектешүү учурунда мектеп тууралуу төмөндөгүдөй маалымат берди: *«Мектебибиз совет мезгилинде ачылган. Совет мезгилинде окутуу өзбек тилинде жүргүзүлөт эле. Мен ушул мектепте өзбек тилинде окуганмын. Өзбекстан эгемендүүлүк алгандан кийин мектебибиз кыргыз тилинде билим берип баштады.*

---

[224] Тойчубаева Айсулу Маматбековна 1971- ж.т. Андижан областы, Кожо-абад району, Карнайчи айылы.

[225] Усманалиева Арзыгүл 1991- ж.т. Анжиян областы, Булак-башы району, Кашкар айылы.

[226] Алимова Хонойим Мадаминовна 1978- ж.т. Анжиян область, Булакбашы району, Учтепа (Бостон) айылы.

[227] Хайдаров К. «Намангандагы кыргыз тилдүү мектептер», Кут билим, 31-январь, 2025.

*Мектебибизде окуучулардын билим алуусуна бардык шарттар түзүлгөн. Мектебибиз кыргыз тилдүү мектеп. Сабактар кыргыз тилинде окутулат. Окуу китептер Ташкенден кыргыз тилинде басылып келет. Китептер окуучуларга бир жылга акысыз таратылат. Биздин мектепте өзбек тили да окутулат. Биздин мектептин бүтүрүүчүлөрү кыргыз жана өзбек тилинде ээн эркин сүйлөй алышат. Мектебибизде Чыңгыз Айтматовдун адабий кечелерин жана Алишер Навоинин кечелерин өткөрүп турабыз. Андан сырткары ар түрдүү иш чараларды өткөрүп келе жатабыз. Ошол иш чараларда окуучуларыбыз кыргыз улуттук кийимдерин кийишет. Мамлекетибизге ырахмат. Окуучулардын санынын аздыгына карабай, кыргыз класстарды жоюп салбастан, биздин улуттук кызыкчылыктарыбызды эске алып, бардык шарттарды түзүп берип жатат. Мектебибиздин 2024- жылкы бүтүрүүчүлөрү беш окуучусу: алардын үчөөсү Өзбекстандын жогорку окуу жайларына, экөөсү Ош облусундагы университетке кабыл алынды»*[228]. Ал эми Ноо айылында эки мектеп бар. №48 орто мектеп өзбек тилинде балдарды окутат. Ал эми №56 орто мектепте сабактар кыргыз тилинде окутулат. Ноо айылындагы мектеп 1989- жылы ачылган. Мектеп 100 окуучуга ылайыкталган. Мектепте 20 мугалим эмгектенет. Мугалимдер мектепте кыргыздын улуттук колоритиндеги чыптаманы форма катары кийип жүрүшөт[229].




[228] Юнусов Баязбек Тиллабекович 1960- ж.т. Наманган областы, Жаңы-коргон району, Моңол айылы, №35 мектептин директору.
[229] Хайдаров К, «Намангандагы кыргыз тилдүү мектептер.»

**Сүрөт 2.4.** Наманган област, Жаңы-коргон районуна караштуу Нов айылындагы №56 мектеп. Булак: Автордун талаа дептери.

№56 орто мектептин башталгыч классынын мугалими Санабар Сатимбаева менен маектешүү учурунда төмөдөгүдөй маалымат берди: *«Мен Сатимбаева Санабар ушул Ноо айылында туулганмын. №56 орто мектеп 1989- жылы ачылган. Биз алгачкылардан болуп, биринчи класска барганбыз. Совет мезгилинде айылыбыздагы №48 орто мектепте сабактар өзбек тилинде окутулчу. Мен ушул айылдагы мектепти аяктап Жалал-абад мамлекеттик университетин аяктаганмын. Ушул Ноо айылына турмушка чыктым. Азыркы учурда айылыбыздагы №56 орто мектепте башталгыч класс мугалими болуп эмгектенип келе жатамын. Мектебибизде сабактар кыргыз тилинде окутулат»*[230].

Наманган областынын Чуст районуна караштуу Кара-коргон айылындагы №32 орто мектебинде да кыргыз класстар ачылып, тилеке каршы, мугалимдердин жетишсиздигинен улам жабылып калган[231]. Кара-коргон айылынын тургуну Исмоил Хакимов менен маектешүү учурунда төмөндөгүдөй маалымат берди: *«Мен №32 орто мектепте жети жыл көркөм өнөр мугалими болуп эмгектендим. Айылыбызда кыргыз, өзбек, тажик улутунун өкүлдөрү жашайт. Өзбекстан эгемендүүлүк алгандан кийин, бир топ аракеттерди жасап, кыргыз класстарын ачтык. Жети жыл балдарыбызды өз эне тили кыргыз тилинде окуттук. Тилеке каршы мугалимдердин жетишсиздигинен кыргыз класстар жабылып калды. Азыркы учурда балдарыбыз мектепте өзбек тилинде окуп жатышат»*[232].

Наманган областынын Чорток районуна караштуу Саз-сай айылындагы №23 орто мектебинде да этникалык кыргыздар үчүн бир канча кыйынчылыктарга карабай кыргыз класстар ачылган. Билим берүү мекемесинде орус тили болуп иштеп кеткен Мухтар Султанкуловдун айтымында, алар да мугалимдердин жетишсиздигинен мектепти жабууга аргасыз болгон[233]. Саз-сай айылындагы мектеп совет мезгилинде ачылган. Совет мезгилинде сабактар өзбек тилинде окутулган. Өзбекстан

[230] Сатимбаева Санабар Абдумаликовна 1982- ж.т. Наманган областы, Жаңы-коргон району, Ноо айылы.
[231] Хайдаров, «Намангандагы кыргыз тилдүү мектептер».
[232] Хакимов Исмоил Ибрагимович 1964- ж.т. Наманган областы, Чуст району, Кара-коргон айылы.
[233] Хайдаров, «Намангандагы кыргыз тилдүү мектептер».

эгемендүүлүк алгандан кийин кыргыз класстар ачылган. 11 жыл кыргыз тилинде сабактар өтүлгөн. Мугалимдердин жетишсиздигинен жана ата-энелер балдарынын жогоркуу окуу жайга тапшырганда өзбек тилинен кыйналат экен деп, балдарын өзбек класстарга берип баштаган. Ошентип №23 орто мектепте ачылган кыргыз класстар жабылып калган. Азыркы учурда мектепте сабактар өзбек тилинде окутулат[234].

Анжиян жана Наманган областарындагы кыргыз мектептер жана кыргыз класстар жылдан жылга саны азайып бара жатат. Негизиги себеби кыргыз тилдүү мугалимдердин жоктугу. Андан сырткары ата-энелер да балдарын өзбек класстарга берип жатат. Жогорку окуу жайга тапшырганда өзбек тилинен кыйналбасын деп, өзбек класстарга балдарын окутуп жатышат. Кыргыздар көп жашаган айылдарда азыркы учурга чейин кыргыз мектептер жана кыргыз класстар бар. Ал мектептерде да жакынкы 15-20 жылдын ичинде кыргыз класстар жоюлуп кетүүсү толук кандуу ыктымал.

### 2.2.3. Элдик оозеки чыгармалары

Кыргыз эли өзүнүн басып өткөн тарыхый жолунда акылмандарды жаратып, алар ар түрдүү темадагы сонун чыгармаларды түзгөндүгүн бизге келип жеткен акыл-ой байлыктары ачык көрсөтүп турат. Кыргызстандан сырткары жашаган этникалык кыргыздарда да оозеки чыгармачылык сакталып калган. Кытайда жана Тажикстанда жашаган этникалык кыргыздар кыргыз тилин, маданиятын башка өлкөлөрдө жашаган этникалык кыргыздарга салыштырмалуу бекем сактап калышкан. Анткени тилдик айырмачылыктар болгондуктан, ал өлкөлөрдө жашаган этникалык кыргыздардын кытай жана тажик улуттарынын маданияты менен жуурулушуусу жай жүрөт. Анжиян жана Наманган областарында жашаган этникалык кыргыздар өзбек маданияты, тили менен жуурулушкан. Анткени кыргыз тили менен өзбек тили бири бирине жакын тил. Ошондуктан Анжиян жана Наманганда жашаган этникалык кыргыздар кыргыз-өзбек сөздөрүн аралаштырып сүйлөйт. Макал лакаптарында, той ырларында, бешик ырында жана башка оозеки чыгармаларында өзбек элинин оозеки чыгармалары жана сөздөрү кездешет.

---

[234] Султанкулов Мухтар Кошалиевич 1953- ж.т. Наманган областы, Чорток району, Саз-сай айылы.

Бала жарык дүйнөгө келгенден кийинки биринчи уккан ыры «бешик ыры» анын жумшак, боорукер, оор басырыктуу, башкалар менен сылык мамиледе болууга тарбиялайт. Бешик ырыны этникалык кыргыздар төмөндөгүдөй ырдашат:

Алла балам алла,
Ухлагин сен алла.
Батир балам алла,
Менинг балам алла[235].

Анжиян областынын Жалакудук районуна караштуу Көтөрмө айылынын тургуну Мусурманкулова Дүйүмкан[236] айылындагы этникалык кыргыздар, кыргыз элинин оозеки чыгармаларын унутуп калгандыгын айтты. Ал өз сөзүндө минтип айтты: «Мен бул айылга жаңы келин болуп келгенимде, элдик оозеки чыгармаларды жашы улуу адамдар жакшы билишет эле. Азыркы учурда той ырларын, бешик ырын, жомокторду билген адам жок. Өзбек маданияты менен жуурулушуп, элдик оозеки чыгармаларды эч ким билбей калды. Мурда адам каза болсо, кошок айтылат эле. Азыр кошокту да эч ким айтпай калды. Айылыбыздагы жашы улуу адамдардан кошок ырын жазып, жаттап алган элем». Ал кошоктор төмөндөгүдөй айтылат:

**Атага арналган кошок ыры**

Муңдуу бир өлүм ой болбосо,
Муңаяр белек ээ биз мынча.
Кейиштүү өлүм оой болбосо,
Кейибейт белек ээ биз мынчаа.
Аттиң оой, өлүм ээй бейдава,
Тавылвайт экен  ээй эч даваа.
Кудайга жоктур ой арманың ээй,
Куран бир окуйт ээй балдаарың.
Аллага жоктур ээй арманың,
Тең пайың аяп бир окуйт ой кыздарың.
Белеске кой атын ой токуган,
Мырза атам беш убак намаз ой окуган.
Капталга ой атын ой токуган,
Мырза атам калтырбай намаз  ой окуган.

---

235 Халматов К. А. Өзбекстанда жашаган кыргыздар: этномаданий процесстер. 110- б.
236 Мусурманкулова Дүйүмкан 1949- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Көтөрмө айылы.

Отура калып оой сүйлөсө,
Ой жарашкан оой мырза атам.
Туура калып оой сүйлөсө,
Бой жарашкан оой мырза атам.
Серпактан тонун кийбейби ээй,
Бай атам сексенге чыгып ээй жүрбөйбү.
Торколу тоонун ээй кийбейбии?
Бай атам токсонго чыгып ээй жүрбөйбү?
Бай атамын ээй баарында,
Шайи көйнөк кийчүү элем.
Жаным бир менин,
Шааним бир жүрчү элем.
Бай атам көзү өөй  өткөн соң,
Шайи көйнөк, өөй сөгүлдү.
Шаним бир жерге оой төгүлдү.
Бай атамын ээй баарында,
Ак шайи көйнөк ооой кийчүү элем.
Ардактуу болуп ой жүрчү элем.
Бай атамын көзү өткөн соң,
Ак шайы көйнөк оой сөгүлдү.

**Апага арналган кошок ыры**

Байкасам көрпө жүк көркү ээй,

Бай апам үйдүн көркү ээй.
Байкасам көрпө жүктө жок,
Байбиче апам үйдө жок.
Атлас көрпө жүк көркү,
Айлансам апам оой үй көркү.
Атлас көрпө жүктө жок,
Айлансам апам үйдө жок.
Төргө бир гилем оой таштаган,
Төрдө уулду баштаган.
Капшыкка гилем таштаган,

Акылдуу кыздарын баштаган.
Мейман келсе, кел деген,
Мейман кана бош деген.
Айлансам апам дөөлатим,
Айлансам апам, оой меймандос.
Кара бир койдун куйругу,
Казанында кайнаган.
Айлансам апам оой меймандос.



**Сүрөт 2.5.** Жалакудук районуна караштуу Көтөрмө айылынын тургуну Мусурманкулова Дүйүмкан жана Магистрант Курманбек Хайдаров. Булак: Автордун талаа дептери.

Жалакудук районунун Каламбек айылынын тургуну Мырзаев Орозалы комуз жасап, комуз черткенди билет. Комуз менен кыргызча ырларды ырдайт. Андан сырткары өзбек элинин аспаптарын черткенди да билет. Анжиян областында талаа маалыматтарын чогултуу учурунда комуз черткенди билген кыргыз жок экендигине күбө болдук. Бир гана ушул Мырзаев Орозалы гана комуз черткенди билет экен. Мырзаев Орозалы комуз черткенди сулух менен үйрөнгөнүн айтты. Элдик өнөрчү Мырзаев Орозалы кыргыз тойлорунда комуз чертип, аккордеон

менен кыргызча ырларды ырдайт. Маектешүү учурунда Мырзаев Орозалынын аялы кошок айтканды билерин айтты:

**Кошок**

Айдай бир жүзүңдү,
Ай көрбөстөн калдыбы?
Күндөйүн бир жүзүңдү,
Күн көрбөстөн калдыбы?
Касиеттүү денеңди,
Кара чын басып калдыбы?
Аз айтайин кейишти,
Аралап жүргүн бейишти.
Көп айтпайин кейишти,
Көрүбам жүргүн бейишти.

**Атага арналган кошок**

Алтындан беде билегим,
Азадан беде тилегим.
Айлансам атам базарым,
Күндө өтөт азарым.
Алтындан камар белде жок,
Айлансам атам элде жок.
Озумдагы наватим,
Эрибам бүгүн туз болду.

Анжиян жана Наманганда жашаган кыргыздарда адам каза боло турган болсо, сөөктү кармоо салты жок. Адам каза болгон күнү сөөктү жерге беришет. Коргон-төбө районунун Зарбулак айылынын тургуну Турдубаев Нурмамат сөөк коюу салты боюнча төмөндөгүдөй маалымат берди: «Анжиянда жашаган кыргыздарда сөөк коюу мусулманчылыктын негизинде коюулат. Сөөктү кармоо салты жок бизде. Кыргызстанга туугандардыкына барып калсак, сөөктү бир, эки күн түнөтөт. Бизде да илгери сөөктү түнөтү деген бар эле. Азыр чанда гана сөөктү түнөтөбүз.

Кечинде болсо да, сөөктү жерге берип келебиз. Мурда кошок айтуу салты бар эле. Азыр эч ким кошок да айтпай калды. Кошок айтканды билгендер да жок»[237].

Кошок айтуу салты Кыргызстанда да жоюулуп бара жатат. Наманган областынын Жаңы-коргон районунун Моңол айылынын тургуну Эшманбетова Бурулай кошок айтуу салты айтылбай калганын тастыктады. Чоң энелеринен уккан кошокту кыскача түрдө айтып берди:

**Кошок**

Көк көйнөк кийсем батпаймын,
Көргөнү келсем таппаймын.
Ак көйнөк кийсем батпаймын,
Айланып келсем таппаймын[238].

Анжиян жана Наманган областтарындагы этникалык кыргыздар келинди алып келгенде «жар-жар» ырын айтышат. Жигит кызды унаадан көтөрүп алып түшөт. Чоң отту бир, эки жолу айлантып үйдүн босогосуна чейин көтөрүп барат. Бул отко сыйынуунун бир көрүнүшү болуп кыргыздардын байыркы тарыхынан эле белгилүү болгон, ал жаман рухтардан тазалап, күнөөлөрүнөн арылтат деген ишеним менен түшүндүрүлөт. Келинге паяндооз салынып, үйгө кирип жатканда достору тарабынан «жар-жар» ыры ырдалат:

**Жар-жар**

Хай-хай өлан, жан өлан
Өланчи кыз жар-жар
Вадасида турбаган
Жалганчы кыз жар-жар.
Ак мылытык, кара мылтык
Аткан атам жар-жар
Өз кызыны жат кылып
Саткан атам жар жар.
Ак көйнөгүм енгини

[237] Турдубаев Нурмамат 1955- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Зарбулак айылы.
[238] Эшманбетова Бурулай Маматовна 1971- ж.т. Наманган областы, Жаңы коргон району, Моңол айылы.

Кестим онам жар-жар
Рози болин анажан
Кеттим анам жар-жар.
Талада тайчак кашнайди
Ат болдим деп жар-жар
Уйда келин йиглайди
Ет болдим деп жар-жар[239].

Талаа мааллыматтарын чогултуу учурунда Анжиян жана Наманган областтарында жашаган этникалык кыргыздар, оозеки чыгармаларды унутуп, билбей калгандыгын айтып жатышты. Кошок айтуу салтын билгендер бар. Бирок азыркы учурда кошокту да эч ким айтпай калышыптыр. Этникалык кыргыздар өзбек элинин маданиятына аралашып, өзбек туугандарыбыздын маданияты менен жуурулушуп жаткандыгын билсек болот.

[239] Халматов К. А. Өзбекстанда жашаган кыргыздар: этномаданий процесстер, 123- б.

## КОРУТУНДУ

«Фергана өрөөнүндөгү этникалык кыргыздар (XXI к)» аталышында жазылган дисстерациялык ишибиздин жыйынтыгын бөлүмдөрүнө жараша корутундулоого болот. Дисстертациянын биринчи бөлүмүндө Фергана өрөөнүнүн Өзбекстан мамлекетине караган Анжиян жана Наманган областарында жашаган этникалык кыргыздардын админцтративдик жайгашуусу, уруулук түзүлүшү, мал чарбачылыгы, дыйканчылыгы жана багбанчылыгы тууралуу изилдөө жүргүзүлдү. Аталган темага байланыштуу булактар, дисстертациялар, мезгилдүү басма сөз каражаттары изилденди. Талаа маалыматтарын чогултуу үчүн, Анжиян жана Наманган областтарында жашаган этникалык кыргыздар менен жолугушуу уюштурулуп, интервью алынды. Темага байланыштуу адабияттар жана оозеки булактар салыштырылып анализ жүргүзүлдү. Бүгүнкү күндө да Анжиян жана Наманган областтарында этникалык кыргыздар компактуу түрдө жашап келе жатышат. Этникалык кыргыздардын айылдары азыркы күндө да кыргызча аталыштар менен аталып келе жатат. Ал айылдарда жашаган этникалык кыргыздар уруулук түзүлүштөрүн толук кандуу сактап калышкан жана кээ бирки айылдар уруунун аты менен аталып калган. Анжиян жана Наманган областтары дыйканчылык жана багбанчылыкка ыңгайлуу болгондуктан, этникалык кыргыздар мал чарбачылыкка салыштырмалуу дыйканчылык, багбанчылык менен алектенишет. Жайыттардын жоктугуна байлагыштуу, мал чарбачылык менен көбүнчө алектенишпейт.

Диссертациянын экинчи бөлүмүндө Фергана өрөөнүн Өзбекстан мамлекетине караган Анжиян жана Наманган областтарындагы этникалык кыргыздардын маданий турмушу тууралуу изилдөө иши жүргүзүлдү. Тактап айтканда Анжиян, Наманган областтарындагы этникалык кыргыздардын Кыргызстандагы туугандары менен туугандык байланыштары, билим берүү абалы, үйлөнүү үлпөт тойлору жана оозеки чыгармалары изилденди. Анжиян жана Наманган областтары Кыргызстандын Ош жана Жалал-абад областтары менен чектешет. Этникалык кыргыздар Кыргызстандагы туугандары менен тыгыз байланышта болуп, туугандык мамилелер алыстап кетпестиги үчүн, куда сөөк болуп, туугандык мамилелерди бекем сактап келишүүдө. Этникалык кыргыздардын көпчүлүгү Кыргызстанга көчүп өтүшкөн. Көчүп өткөн этникалык кыргыздар Кыргызстандын

Ош, Жалал-абад, Чүй областтарынын аймактарына отурукташып, Кыргыз Республикасынын жарандыгын алышкан.  Анжиян, Наманган областтарындагы этникалык кыргыздар айылдарда кыргыз мектептер бар болуп, ал мектептерде кыргыз жаштары кыргыз тилинде билим алып жатышат. Кыргыз тилиндеги мугалимдердин жетишсиздигинен, окуучулардын санын аздыгына байланыштуу, кыргыз мектептер өзбек мектеп болуп өзгөрүлүп бара жатат. Этникалык кыргыздардын үйлөнү үлпөт тойлорундагы каада-салттар да, өзбек каад-салттары менен жуурулушуп бара жатканын байкасак болот. Ал эми элдик оозеки чыгармаларында болсо, кошок айтуу салты кээ бир айылдарда сакталып калган. Элдик оозеки чыгармаларында да, өзбек элинин оозеки чыгармалары менен жуурулушкан. Талаа маалыматтарын чогултуу учурунда Анжиян жана Наманган областтарында жашаган этникалык кыргыздар өзбек эли менен аралашып, өзбек маданияты менен жуурулушуп жаткандыгы аныкталды. Этникалык кыргыздарга «улутуң ким?» - деп суроо узатсаң, «кыргызмын» - деп жооп беришет. Этникалык кыргыздар,  кыргыз тилин, кыргыз маданиятын жана каада-салттарын бекем сактап, урпактарга өткөрүп келе жатышат.

# АДАБИЯТТАР


«Атамдын акылмандыгы – бизди өз мекенибизге алып келгендигинде», Шоокум, №8. 2010, 28- б.

24.kg. «Кыргыз-өзбек чек арасындагы «Маданият» бекети ачылды», 28- февраль, 2025, https://24.kg/kyrgyzcha/64214_kyirgyiz-ozbek_chek_arasyindagyi_madaniyat_beketi_achyildyi/.

Andijan.uz. «Андижан облусунун акимияты», 7- октябрь, 2024, https://andijan.uz/news.

Chortok.uz. «Чортоқ тумани ҳокимлиги», 13- октябрь, 2015. https://chortoq.uz/.

Chust.uz. «Чуст тумани ҳокимлиги», 13- октябрь, 2015. https://chust.uz/.

Davlatobod.uz. «Давлатобод туман ҳокимлиги», 13- октябрь, 2024. https://www.davlatobod.uz/.

Edu.gov.kg. «Ежегодно для этнических кыргызов выделяются бюджетные места для поступления в медицинские вузы КР», 1- март, 2025, https://edu.gov.kg/organizations/5/posts/191/.

Gov.uz. «Наманган вилояти ҳокимлиги», 12- октябрь, 2024. https://gov.uz/uz/namangan/departments/regional?active=841.

KABAR кыргыз улуттук маалымат агенттиги. «В Оше на кыргызско-узбекской границе официально открылся КПП «Достук», 27- февраль, 2025, https://ru.archive.kabar.kg/news/v-oshe-na-kyrgyzsko-uzbekskoi-granitce-ofitcial-no-otkrylsia-kpp-dostuk/.

KABAR кыргыз улуттук маалымат агенттиги. «Кыргызстан ТИМи Өзбекстандын жарандары үчүн виза тариздөө шарттарын айтып берди», 26- февраль, 2025, https://kg.archive.kabar.kg/news/zbekstan-kyrgyzstan-vizasy/.

Kaktus.media. «Кыргызский акын получил от Мирзиёева машину и дом»., 11- октябрь, 2024 .https://kaktus.media/doc/362548_kyrgyzskiy_akyn_polychil_ot_mirzieeva_mashiny_i_dom.html .

Lex.uz. «Ўзбекистон Республикаси вазирлар маҳкамасининг карори», 12- октябрь, 2024. https://lex.uz/docs/5096171.

Sputnik.kg. «Кыргыз-өзбек чек арасындагы "Кең-Сай", "Үч-Коргон" өткөрүү бекеттери ачылды», 28- февраль, 2025, https://sputnik.kg/20240912/kyrgyzstan-chek-ara-ekonomika-turizm-alaka-1088656297.html.

Uza.uz. «Ўзбекистон Республикасида чорвачилик соҳаси ва унинг тармоқларини ривожлантириш бўйича 2022-2026 йилларга мўлжалланган дастурни тасдиқлаш

тўғрисида». 28- январь, 2025, https://uza.uz/uz/posts/ozbekiston-respublikasida-chorvachilik-sohasi-va-uning-tarmoqlarini-rivozhlantirish-boyicha-2022-2026-yillarga-molzhallangan-dasturni-tasdiqlash-togrisida_344984

Абдурахманов Махаммад Жиянбекович 1950- ж.т. Анжиян областы, Мархамат району, Кушчу айылы, пенсионер.

Абдыразаков Т. «Коргон –төбө кыргыздары,» Кыргыз Туусу, 27-29- январь, 2004.

Абдыракманов С. Карабагыштар: Санжыра. Бишкек: Турар басмасы, 2018.

Абдырасулов Түмөнбай 1940 ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Кыдырша айылы, орус тили мугалими, пенсионер.

Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер /Которг. С.Мамбекталиева, Д.Сулайманкулов, С.Макенов. Бишкек: Кыргызстан-Сорос фонду 1999.

Азаттык Үналгысы. «Кыргыз-өзбек чек арасындагы "Бек-Абад" бекети ачылды», 26- февраль, 2025, https://www.azattyk.org/a/32574122.html.

Азаттык Үналгысы. «Кыргыз-тажик чек арасы: жоготуулар жана курмандыктар», 26- февраль, 2025, https://www.azattyk.org/a/kyrgyz-tazhik-chek-arasynda-2021/31231091.html.

Азаттык Үналгысы. «Ханабадда эмне болуп жатат?», 25- февраль, 2025, https://www.azattyk.org/a/Uzbekistan_Hanabad/1739892.html

Азаттык Үналгысы. «Через КПП «Баймак» на кыргызско-узбекской границе ежедневно проходят более 500 человек», 28- февраль, 2025. https://rus.azattyk.org/a/28748620.html.

Азаттык Үналгысы. «Этникалык кыргыздарга окуу жайлардан 75 квота бөлүндү», 1- март, 2025, https://www.azattyk.org/a/32933890.html.

Алимова Хонойим Мадаминовна 1978- ж.т. Анжиян область, Булакбашы району, Учтепа (Бостон) айылы.

Алымбаев Ж. Нүзүп бий. Бишкек: Шам басмаканасы, 2000.

Араббоев Султанбой 1950- ж.т. Анжиян областы, Мархамат району, Акбаш айылы, нефть адиси, пенсионер.

Арапов Ашырбек Кылычевич 1957- ж.т. Анжиян областы, Кожо-абад району, Карнайчи айылы, технолог, пенсионер.

Артиков Маматжан Мирзахмедович 1954- ж.т. Наманган областы, Давлатобод району, Елхон айылы, пенсионер.

Асанканов А. Насирдин Исанов – эгемен Кыргыз Республикасынын алгачкы өкмөт башчысы. Ош мамлекеттик университети: Кыргызстандын эгемен жолундагы

Насирдин Исановдун ролу: тажрыйбалар жана чакырыктар, илимий конференция, 2023.

Асанов Ү.А, «Кыргызстан», Улуттук энциклопедия: Том 1-7. Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы, 2014.

Атаханов Чорас Дадажанович 1975- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Кутлук айылы, өзбек тили мугалими.

Атаханов Чорас Дадажанович 1975- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Кутлук айылы, өзбек тили мугалими.

Аттакуров С. Кыргыз санжырасы. Бишкек: Кыргызстан басмаканасы, 1995.

Ахмедов Назимжан Сулайманович 1953- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Найнаво айылы, пенсионер.

Ашуров Абдыкадыр Камалович 1969- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Сүткөн айылы, Сүткөн айылынын айыл өкмөт башчысы.

Ашуров Нуридин Абдулахатович 1958- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Дардактепа айылы, пенсионер.

Ашурова Гүлмира Арапбаевна 1980- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Кыдырша айылы, кыргыз тили жана адабияты мугалими.

Бактыбек к М. «Өзбекстандагы кыргыздарга бардык шарттар каралган», Эркин-Тоо, 7- февраль, 2017.

Баратов Мирзабек Кодирович 1966- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Кыдырша айылы, фермер.

Бартольд В. Эң байыркы маалыматтар. Кыргыздар. Бишкек, Түзгөн: Жусупов К, 1993.

Бегматов Э, Мадвалиев Н, Махкамов Н, Мирзаев Т. Ўзбек тилиниг изоҳли лугати – Н харфи, (Тошкент: Давлат илмий нашриёти) 17- б, https://n.ziyouz.com/books/uzbek_tilining_izohli_lugati/O'zbek%20tilining%20izohli%20lug'ati%20-%20N.pdf .

Бекташев Мадаминбек Урбайович 1958- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Кызыл-токой айылы, пенсионер.

Буранов Эргаш Ниязбекович 1948- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Кыдырша айылы, математика мугалими, пенсионер

Буркашев С. «Жолдор дилге жеткирет,» Эркин-Тоо, 11- июнь, 1992.

Буркашев С. «Келечекке эмне калтырабыз,» Эркин-Тоо, 21- июль, 1992.

Винников Я.Р. Родо-племенной состав и расселение киргизов на территории Южной Киргизии / Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции. Москва, 1956.

Газета.uz. «Аҳолига 350 минг бош қўй ва эчки тарқатилади», Акыркы жолу 28.01.2025 көрүлдү. https://www.gazeta.uz/uz/2022/02/16/kooperacia/

Газета.uz. «Деҳқончилик учун 1 гектаргача ер ва имтиёзли кредит ажратилади», 28-февраль, 2025, https://www.gazeta.uz/uz/2021/11/24/farming/.

Губаева С.С. Основные напревления этнических процессов Ферганской долины. Москва: 1992.

Даткабаев Жамалидин 1949- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Тейит айылы, математика мугалими, пенсионер.

Дуланов Давран Абдуллаевич 1976-ж.т Анжиян областы, Ханабад шаары, Кыдырша айылы.

Жоошбаев Сыдык Эшбаевич 1959- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Эшенабад айылы, пенсионер.

Жумабаев Орозаалы Ташболотович 1955- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Алтын-сай айылы, пенсионер.

Жуманазарова Заманжон Машрабаевич 1964- ж.т. Наманган областы, Чуст району, Кара-коргон айылы, айылдын жаштар жетекчиси.

Жўраев М, Нуриллин Р, Камолов С. Ўзбекистоннинг янги тарихи: Ўзбекистон совет мустамлакачилиги даврида. Тошкент: Шарк нашриёти, 2000.

Закиров С. Кыргыз санжырасы. Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы, Бишкек, 1996.

Карабеков Таалайбек Вахабович 1973-ж. т. Анжиян область, Коргон-төбө району, Эшенабад айылы. №30 адистештирилген мектептин директору.

Карасартов О. «Мырзакул болуш ким болгон?», Кыргыз Туусу, 29- май, 2009.

Каратаев О.К. Кыргыздардын теги, таралуу ареалы этностук-маданий алакалары. Бишкек: Кыргыз-Түрк Манас университетинин басылмасы, 2013.

Каратаев О.К., Кадыров Т.Д. «Кыргызы Узбекистана (Ферганская долина): их локализация и родоплеменной состав в конце XX века,» Известия НАН КР, №2, (2024): 69-87-б, file:///C:/Users/USER/Documents/%D0%A4%D0%B5%D1%80%D0%B3%D0%B0%D0%BD%D0%B0%20%D3%A9%D1%80%D3%A9%D3%A9%D0%BD%D2%AF%20%D0%BC%D0%B0%D0%BA%D0%B0%D0%BB%D0%B0/%D0%9E%20%D0%BA%D0%B0%D1%80%D0%B0%D1%82%D0%B0%D0%B5%D0%B2%20%D1%84%D0%B5%D1%80%D0%B3%D0%B0%D0%BD%D0%B0.pdf.

Каратаев О.К., Эралиев С.Н, Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. Бишкек: Бийиктик басмасы, 2005.

Каримова Мастура Сайфитдиновна 1975- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Кызылтокой айылы, кыргыз тили жана адабияты мугалими.

Кененсариев Т. Кокон хандыгы (Кыргызстандын материалдарында). Бишкек: Maxprint басмасы, 2022.

Киргизов Зокиржон Пиланович 1965- ж.т. Наманган областы, Чуст району, Саз-сай айылы, айыл өкмөт башчысы.

Кузикулов И. У. «Роосия империяси мустамлакачилик сиёсатининг Туркистондаги этномаданий жараёнларга таьсири (Фаргона водийси материаллари асосида)». Тарих фанлари бўйича PhD диссертация, Термиз давлат университети, 2022.

Курбонов Шерзод 1980- ж.т. Анжиян областы, Кожо-абад району, Ардай айылы, информатика мугалими.

Кушманова Саодотхон Каримжановна 1978- ж.т. Наманган областы, Давлатобод району, Елхон айылынын айыл өкмөт башчысы.

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги. Жаңы мыйзам этникалык кыргыздарга социалдык жеңилдиктерди кепилдейт, 27- февраль, 2025, https://mlsp.gov.kg/2024/01/25/emgek-ministrligi-zha%D2%A3y-myjzam-etnikalyk-kyrgyzdarga-soczialdyk-zhe%D2%A3ildikterdi-kepildejt/.

Маанаев Э.Ж, Каратаев О.К. Кыргыз элинин этникалык өнүгүүсү. Бишкек: 2003.

Маанаев Э.Ж. Кыргызстандан сырткары жашаган кыргыздардын тарыхынан. Фрунзе: «Кыргызстан» басмасы, 1969.

Мадбаева Данахан Мамадалиевна 1968- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Ахунбабаев айылы, кыргыз тили жана адабияты мугалими.

Маликов Мухаммад Али 1952- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Көтөрмө айылы, пенсионер.

Мамадиев А.У. «Иқтисодиётнинг реал сектори,» Иқтисод ва молия 2014. file:///C:/Users/USER/Downloads/chorvachilikni-rivozhlantirish-omillari.pdf.

Маматисакова Наргиза 1977- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Хамза айылы, башталгыч класс мугалими.

Маткобилова Анархан 1935- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Бостон (ак эчки) айылы, пенсионер.

Мирзаева Хайтхон Эргашевич 1964- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Дардактепа айылы, Дардак айылынын аялдар жана кыздардын жетекчиси.

Муминов Баходир Авазбекович 1971- ж.т. Наманган областы, Жаңы-коргон району, Ноо айылынын айыл өкмөт башчысы.

Мусурманкулова Дүйүмкан 1949- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Көтөрмө айылы, математика мугалими, пенсионер.

Мырзаев Орозалы 1958- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Каламбек (Абдуллабий) айылы, элдик өнөрчү, пенсионер.

Насиров Обиджон Хамидович 1960- ж.т. Анжиян область, Жалакудук району, Абдуллабий айылы, Анжиян кыргыз маданий борборунун жетекчиси.

Нурбек Т. Тейит: санжыра жана тарых. Бишкек: «Турар» басмасы, 2013.

Орунбоев Мамыр Зулунович 1953- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Найнаво айылы, пенсионер.

Останов Нурлан Шакиржон угли 1992- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Кутлук айылы.

Пахтачилик маълумотномаси. Тошкент: Fan va tehnologiya, 2016. https://namdu.uz/media/Books/pdf/2024/05/29/NamDU-ARM-2332-%D0%9F%D0%B0%D1%85%D1%82%D0%B0%D1%87%D0%B8%D0%BB%D0%B8%D0%BA_%D0%BC%D0%B0%D1%8A%D0%BB%D1%83%D0%BC%D0%BE%D1%82%D0%BD%D0%BE%D0%BC%D0%B0%D1%81%D0%B8..pdf

Пулатов Рахим Ортикович 1962- ж.т. Анжиян областы, Кожо-абад району, Ардай айылы, пенсионер.

Райымкулов Турсунаалы Паттиевич 1949- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Галаба айылы, математика мугалими, пенсионер.

Рахматова Динара Элмуратовна 1991- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Жартыбаш айылы, кыргыз тили жана адабияты мугалими, №26 орто мектептин замдиректору.

Сатимбаева Санабар Абдумаликовна 1982- ж.т. Наманган областы, Жаңы-коргон району, Ноо айылы, башталгыч класс мугалими.

Сатыбалдиев Равшан 1954- ж.т. Наманган областы, Жаңы-коргон району, Ноо айылы, пенсионер.

Сахибов Нурали Умарович 1958- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Галаба айылы, чет тили мугалими, пенсионер.

Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. Бишкек: Учкун басмаканасы 1993.

Султанкулов Мухтар Кошалиевич 1953- ж.т. Наманган областы, Чорток району, Саз-Сай айылы, орус тили мугалими, пенсионер.

Султанова Унсунай Маматовна 1967- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Намуна айылы, кыргыз тили жана адабияты мугалими.

Сыдыков О. Тарих кыргыз Шадмания: Кыргыз санжырасы. Фрунзе: Кыргызстан басмаканасы, 1990.

Тентимишев М. «Насирдин Исанов эгемендүү Кыргызстандын биринчи премьери,». Бишкек: Салам басмаканасы, 2013.

Тойчубаева Айсулу Маматбековна 1971- ж.т. Андижан областы, Кожо-абад району, Карнайчи айылы, башталгыч класс мугалими.

Топчиев Жамалиддин Сатыбалдиевич 1966- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Кыдырша айылы, айыл өкмөт башчысы.

Төрөкан уулу Э. Сол канат кыргыз. Бишкек: Көкө-Теңир басмаканасы, 1995.

Турдубаев Нурмамат 1955- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Зарбулак айылы, пенсионер.

Тухлиев Н., Кременцова А. Республика Узбекистан: Энциклопедический справочник. 85-б. Ташкент: Гос. науч. изд-во, 2001.

Усканов Жунус Кадыркулович 1952- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Намуна айылы, архитектор, пенсионер.

Усманалиева Арзыгүл 1991- ж.т. Анжиян областы, Булак-башы району, Кашкар айылы, кыргыз тили жана адабияты мугалими.

Хайдаров К. «Анжыян облусундагы Кыдырша айылы,» Кыргыз Туусу, 7- февраль, 2025-жыл.

Хайдаров К. «Намангандагы кыргыз тилдүү мектептер.» Кут билим, 31- январь, 2025.

Хайдаров Төлөнбай Алибаевич 1952- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Алтынсай айылы, пенсионер.

Хакимов Исмоил Ибрагимович 1964- ж.т. Наманган областы, Чуст району, Кара-коргон айылы, көркөм өнөр мугалими.

Халматов К, «Өзбекстанда жашаган кыргыздардын уруулук курамы,» Известия вузов, № 8, (2009): 87-91- б.

Халматов К. «Өзбекстанда жашаган кыргыздар: этномаданий процесстер (XX – XXI к. башы)». Жалал-абад мамлекеттик университети, кандидаттык диссертация, 2010.

Чолпонкулова Алымкан Шодибековна 1964- ж.т. Наманган областы, Чорток району, Богистон айылы, фермер.

Шамшиев Б, Барпы: Изилдөөлөр, эскерүүлөр, арноолор. Бишкек: Кырг. Энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1994.

Шарахметова У, Баратов М. Никох тузиш хукукунгиз бор. Рисола. Тошкент: ТДЮУ нашриёти, 2021. https://lex.uz/userfiles/file/%D0%9D%D0%B8%D0%BA%D0%BE%D2%B3%20%D1%82%D1%83%D0%B7%D0%B8%D1%88.%20%D0%A8%D0%B0%D1%80%D0%B0%D1%85%D0%BC%D0%B5%D1%82%D0%BE%D0%B2%D0%B0%20%D0%A3,%20%D0%91%D0%B0%D1%80%D0%B0%D1%82%D0%BE%D0%B2%20%D0%9C.%202021.pdf

Шералиева Шайыргүл Нурбаевна 1976- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Тейит айылы, кыргыз тили жана адабияты мугалими. №4 орто мектептин окуу завучу.

Шоккасов Мамат Коракойчиев 1964- ж.т. Наманган областы, Чуст району, Шербилак айылы, пенсионер.

Эргашев Нурдинбой Чотбаевич 1965- ж.т. Наманган областы, Чуст району, Дам айылы.

Эргашева Карияхон Умурзаковна 1959- ж.т. Анжиян областы, Коргон-төбө району, Сүткөн айылы, биология мугалими.

Эргешов Т. Кыргыздын Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасы. Бишкек: «Учкун» басмасы, 2016.

Эшманбетова Бурулай Маматовна 1971- ж.т. Наманган областы, Жаңы-коргон району, Моңол айылы, биология мугалими, моңол айылынын аялдар жана кыздар бөлүмүнүн жетекчиси.

Юлдашев Махамад Ысрайил Ашурович 1962- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Тейит айылы, орус тил мугалими.

Юлдашев Пулатжон Мусаевич 1958- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Карагул айылы, математика мугалими, пенсионер.

Юлдашев Пулатжон Мусаевич 1958- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Карагул айылы, математика мугалими, пенсионер.

Юлдашев Пулатхон Мусаевич 1958- ж.т. Анжиян областы, Жалакудук району, Карагул айылы, математика мугалими, пенсионер.

Юлдашев Рахматтилла Туманович 1957- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Тейит айылы, айыл өкмөт башчысы.

Юлдашева Дилфуза Абдуллаевна 1971- ж.т. Анжиян областы, Ханабад шаары, Кыдырша айылы, фермер

Юнусов Баязбек Тиллабекович 1960- ж.т. Наманган областы, Жаңы-коргон району, Моңол айылы, №35 мектептин директору.

Юсупова С. Н. «Ўзбекистонда демографик жараёнлар ва уларнинг миллатлараро муносабатларга таъсири (1991-2016 йиллар, Андижон, Наманган, Фаргона вилоятлари мисолида)». Тарих фанлари бўйича PhD диссертация, Андижон давлат университети, 2019.

**РЕЗЮМЕ**

**ЖЕКЕ МААЛЫМАТ**

| | |
|---|---|
| **Аты, фамилиясы** | Курманбек Хайдаров |
| **Улуту** | Кыргыз |
| **Туулган күнү жана жери** | 18.04.1997. Өзбекстан |
| **Тел:** | +996550054118, +996700575803 |
| **E-mail** | khaydarov.kurmanbek@mail.ru |

**БИЛИМИ**

| **Даража** | **Берген уюм** | **Бүтүргөн күнү** |
|---|---|---|
| Магистратура | Кыргыз-Түрк «Манас» университети, ЖОЖдон кийинки билим берүү институту, тарых багыты | 28.05.2025 |
| Бакалавр | И. Арабаев атындагы КМУ, Э.Ж.Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү институту, тарых багыты | 25.06.2019 |
| Орто мектеп | Өзбекстан, Андижан област, Ханабад шаары, № 6 орто мектеп | 18.06.2012 |

**ЧЕТ ТИЛДЕР**

Түрк тили

Орус тили

**ПУБЛИКАЦИЯЛАР**

1. Алымбаев Ж, Хайдаров К, «Азыркы учурдагы Фергана өрөөнүндөгү этникалык кыргыздар», *Ивестия вузов Кыргызстана.*
2. Хайдаров К. «Намангандагы кыргыз тилдүү мектептер», *//Кут билим, 2025-жыл, 31-январь.*
3. Хайдаров К, «Анжыян облусундагы Кыдырша айылы», *//Кыргыз Туусу. 2025-жыл, 7-февраль № 9.*